**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

*Кол жазма укугунда*
**УДК: 808.2 (575.2) (04)**

**КАПАРОВА ЧЫНАРА АБДЫЛДАЕВНА**

# ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮДӨГҮ МААЛЫМАТТЫК ПРОГРАММАЛАРДЫН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯСЫ ЖАНА АЗЫРКЫ АБАЛЫ

**(КТРКнын мисалында)**

**10.01.10 - журналистика**

**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы**

**Илимий жетекчи -**
**филология илимдеринин**
**доктору**
**Мамбеталиев К.И.**

**Бишкек - 2021**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

**I БӨЛҮМ**
**КЫРГЫЗ ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮСҮНҮН ПРОГРАММАЛАРЫ (ТАРЫХЫЙ-ТИПОЛОГИЯЛЫК КОНТЕКСТ)**
1.1. Телекөрсөтүүнүн теориясы жана изилдөөнүн методологиясы . . . . . . . 9
1.2. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программалары: типологиялык жана структуралык өзгөрүүлөрү (1991-2010-жж) . . . . . . . . . . 23
Тыянак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 47

**II БӨЛҮМ**
**КООМДУК ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮНҮН МААЛЫМАТТЫК ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ**
2.1. Коомдук телекөрсөтүүнүн эл аралык стандарттары . . . . . . . . . . . . . . . . 50
2.2. Кыргызстанда коомдук телекөрсөтүүсүнүн түптөлүү тарыхы жана маалыматтык программаларды берүү тажрыйбасы (2010-2020-жж) . . . . . . 63
2.3. Санариптик технологиянын шартындагы маалыматтык берүүлөрдүн ыкмалары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .. . . . . . . . 90
Тыянак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 108

**III БӨЛҮМ**
**КТРКнын МААЛЫМАТТЫК ПРОГРАММАЛАРЫ: МАЗМУНДУК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ЖАНРЛАРЫ**
3.1. КТРКнын маалыматтык программаларынын мазмундук өзгөчөлүктөрү жана салыштырма анализи . . . . . . . . . . . . . . . . . .. . . . . . . . . 111
3.2. “Ала-Тоо 24” телеканалы: маалыматтык жанрдын мазмуну жана тематикасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 138
Тыянак .. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 159

**КОРУТУНДУ** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 161

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 166

**ТИРКЕМЕЛЕР** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 177

## КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Массалык маалымат каражаттарынын негизги милдеттеринин бири – коомду маалымат менен камсыздап туруу. Экономикада жана саясатта, илимде жана техникада, маданиятта жана искусстводо коомдун көңүлүн бура турган фактылар улам жаңыланып, маалыматтын негизин түзөт. Жаңылыктар – бул биринчи кезекте өлкөдөгү жана эл аралык аренадагы актуалдуу окуялар жана проблемалар жөнүндөгү кабарлар. Кыргыз журналистикасын изилдөөчүлөр телекөрсөтүүнү изилдөөдө анын тарыхын жана өзгөрүүлөрүн кеңири анализдеген, бирок маалыматтык программалардын ишмердүүлүгү талданган эмес. Бүгүнкү күндө телекөрсөтүүнүн маалыматтарды берүү ыкмаларына жана өлкөнүн коомдук телеканалынын ишмердүүлүгүнө арналган изилдөөлөр жокко эсе.

Диссертацияда Кыргызстандагы телекөрсөтүүлөрдүн маалыматтык программаларынын өнүгүү тенденциялары талданып, коомдук телеканалдын ишмердүүлүгү эл аралык тажрыйбалар менен, ошондой эле маалымат программалары жергиликтүү телеканалдардын материалдары менен салыштыруу аркылуу анализденди. Телекөрсөтүү аудиторияны кеңири камтуу менен адамдардын аң-сезимине таасир этүүчү күчтүү куралга айланып, коомдук пикирди калыптандырууда. Ошондуктан телекөрсөтүүгө мамлекеттүүлүктү бекемдөө, улуттук кызыкчылыктарды коргоо жана укуктук коомду куруу ишинде өзгөчө чоң үмүт артылган.

Коомдук телекөрсөтүүнүн табияты маалыматты ар тараптуу, объективдүү жана профессионалдык деңгээлде жеткирүү мүмкүнчүлүгү менен өзгөчөлүккө ээ. Ал коомчулук тарабынан каржыланат жана коомдук көзөмөлгө алынат. Бул шарттар аткарылганда гана коомдук телекөрсөтүүнү башка телеканалдардын түрүнөн ажыратып кароого болот. Коомдук телекөрсөтүүнүн коммерциялык кызыкчылыгынын жоктугунан улам дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнүн көпчүлүгү көз карандысыз коомдук телеканалдарды түзүүгө кадам таштаган. Бирок ар бир өлкө кыйынчылыктарга кептелген, себеби коомдук каналды түзүү үчүн көз карандысыз каржы булактарын издөө керек, ошол эле учурда маалымдоо, көңүл ачуу,

агартуучулук функцияларды аткарып, административдик чечимдерди жасашы зарыл.

Кыргызстанда башка өлкөлөрдөй эле коомдук телекөрсөтүүнүн концепциясын иштеп чыгып, ал аркылуу элге ачык жана так маалыматтарды жеткирүү аракеттери болгон. Телеберүүнүн коомдук түрүн түзүүгө 1991-2005-жылдар аралыгында, кийин 2000-жылдары дагы алгачкы аракеттер башталган. ЭлТР каналын коомдук кылуу аракеттери ишке ашканы менен ал коомдук макамын аткарган жок жана мамлекеттик макамын кайрадан кайтарып берүүгө туура келген. Андан бери Кыргызстанда коомдук канал түзүү зарылчылыгы боюнча маселелер дайыма, бирок ийгиликсиз көтөрүлүп турду. 2010-жылы Кыргызстандын негизги телеканалы болгон КТР (Кыргыз телерадио) коомдук макам алып, Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы (КТРК) болуп кайра түзүлдү. Анан бул алгачкы күндөрдөн тартып, бир жактуу маалыматтары менен сын-пикирге алынып турду.

КТРКга айтылган дооматтар башка мамлекеттердеги коомдук каналдарга да тиешелүү. Биринчиден, телеканалдын юридикалык макамы - коомдук болгону менен мамлекеттик компания. Экинчиден, каржылоо системасына коомдун тартылбаганы (КТРК мамлекеттик бюджеттен каржыланат). Үчүнчүдөн, коомдук каналга тиешелүү болгон негизги милдеттерге (ачыктык, ар тараптуулук) жооп бербеген редакциялык саясаты.

Эгерде Кыргызстан коомдук каналдын маалыматтарды берүү багытын өнүктүрүү идеясын коргогусу келсе, анда журналисттер жана коомдук ишмерлер, саясатчылар жана эксперттер, жарандар “коомдук телекөрсөтүүнүн модели кандай болушу керек, аны түзүүдө кандай проблемалар бар, кайсы жолду тандайбыз?” деген суроолорго жооп табышы керек. Бул демократиялык өлкө үчүн маанилүү болгон телеберүүнүн коомдук түрүн натыйжалуу өнүктүрүүгө жана ишенимдүү маалыматтык базаны түзүп берүүгө чоң жардам берет. Мына ушул жагдайлар Эгемендүүлүк алган жылдарынан тарта кыргыз

телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларын комплекстүү изилдөө актуалдуу маселелерден экендигин тастыктап турат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий иштер менен байланышы.** Аталган изилдөө КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты.** Диссертацияда Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын эгемендүүлүк жылдардагы өнүгүү тенденциясын, мамлекеттик, улуттук, коомдук макам алуудагы абалын, ийгилик, кемчиликтерин жана маалыматтарды берүү ыкмаларын изилдөө максаты коюлду. Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** белгиленди:

– телекөрсөтүүнүн теориялык негиздерин аныктаган илимий-изилдөөлөргө сереп жасоо;
– маалыматтык программалар түшүнүгүнө теориялык жактан мүнөздөмө берүү жана Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын типологиялык жана структуралык өзгөрүүлөрүн талдоо;
– “Ала-Тоо 24” телеканалынын маалыматтык берүүлөрүнүн мисалында маалыматтардын жанрдык жана типологиялык өзгөчөлүктөрүн анализдөө;
– коомдук телекөрсөтүүнүн эгемендүүлүктөн кийинки өсүү эволюциясын жана өзгөчөлүктөрүн белгилөө;
– кыргыз телекөрсөтүүсү боюнча мамлекеттик мыйзамдарды, алардын аткарылышындагы тенденцияларды, маалыматтык берүүлөргө таасирлерин жана эл аралык стандарттарды өздөштүрүү абалын талдоо;
– санариптик шартындагы маалыматтык берүүлөрдүн ыкмаларын анализдөө жана практикалык сунуштарды берүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** алгачкы жолу кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтарды чагылдыруу жана таркатуу маселелери

илимий негизде кеңири анализ жүргүзүлгөнү менен шартталат. Бул изилдөөнүн төмөнкү багыттары менен мүнөздөлөт:

1. Мамлекеттик, коомдук жана жеке менчик телеканалдардын маалыматтык кызматтарынын ишмердүүлүгү анализденип, алар социалдык, саясий, маданий ж.б. мааниси бар тигил же бул окуяны кандай чагылдырганы салыштырылышы;

2. Социалдык-саясий курч кырдаалда маалыматтык кызматтардын ишмердүүлүгүн уюштуруудагы өзгөчөлүктөрү изилдениши жана маалыматтык программанын жанрдык-тематикалык багыттарына мүнөздөмө берилиши, жаңылыктар программасын түзүү спецификасы аныкталышы;

3. Журналистиканын эл аралык стандарттары Кыргызстандагы коомдук телеканалдын тажрыйбасынын алкагында изилденип чыгышы;

4. Санариптик доордо мамлекеттин маалыматтык саясатынын ишмердүүлүгүнө, телекөрсөтүүнүн маалыматтык программасынын материалдык-техникалык камсыздалышына, кадрларды окутуу жана билимин жогорулатуу алкагындагы аракеттерине көңүл бурушу.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси**. Диссертациялык иштен алынган натыйжалары, негизги жоболору Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын ишмердүүлүгүн андан ары тереңдетип изилдөөгө арналган иштерде колдонууга болот. Жалпыга маалымдоо каражаттар системасында, телекөрсөтүүдө, өзгөчө коомдук телеканалда практикалык негизде колдонулушу менен байланыштуу. Изилдөөнүн темасы журналистиканы изилдөөчүлөр чөйрөсүнүн жана коомчулуктун кызыгуусун жаратат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Иштин жыйынтыктарын жана илимий тыянактарын жогорку окуу жайларынын журналистика жана телекөрсөтүү адистиги боюнча окуу программаларын жана окуу куралдарын түзүүдө пайдаланса болот. Журналистика адистиги боюнча студенттерге, изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине

илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот жана теориялык көмөк, багыт болуп бере алат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Кыргыз телекөрсөтүүсү жана анын маалыматтык программалары изилдөөнүн объектиси жана предмети болуп бере алат жана маалыматтык программалар мындан ары дагы теориялык жактан терең изилдөөгө муктаж;

2. Демократиялык өлкөнүн социумунда коомдук телекөрсөтүү саясаттын негизги куралы катары кабылданат. Анын жардамы менен ар башка социалдык топтор, саясий партиялар, коомдук уюмдар жана мамлекеттик түзүмдөр өздөрүнүн саясий ж.б. кызыкчылыктарын билдирүү аркылуу коомдук пикирди калыптандырышат;

3. Эгемендүүлүктөн кийин мамлекеттик, улуттук жана коомдук статустарына ээ болгон телеканалдын өнүгүү эволюциясы, ошого жараша өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү, ийгилик, кемчиликтери менен айырмаланып турат;

4. “Ала-Тоо 24” маалыматтык телеканалы өлкөнүн туруктуулугун, коомдун бүтүндүгүн камсыздай турган институт катары кабылданат;

5. Коомдук телекөрсөтүү коммуникациянын заманбап технологияларын колдонуунун кеңири мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошондуктан мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугу коомдук пикирге, саясий процесстерге таасир этет. Бул мүмкүнчүлүк өлкөнү андан ары демократиялаштыруу шартындагы өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт;

6. Коомдун маалыматка болгон суроо-талабы жана маалыматка болгон ишеними – маалыматтык программалардын коомдогу ордун жана багытын аныктайт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертант тарабынан телекөрсөтүүнүн, анын маалымат берүү кызматтарынын демократиялык коомду куруудагы аракети, социалдык-саясий мааниси көрсөтүлдү. КТРКнын саясий институт катары түзүлүш тарыхы изилденди. Изилдөөнүн жыйынтыктары менен коомдук телекөрсөтүүнү, анын маалыматтык программаларынын

ишмердүүлүгүн андан ары изилдөө үчүн колдонууга ылайыктуу илимий эмгек катары пайдаланылат.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Изилдөөнүн жыйынтыктары илимий-практикалык конференцияларда, тегерек столдордо, семинар жана тренингдерде апробацияланды. Кыргыз улуттук университетиндеги журналистика факультетинде өткөн илимий конференцияларда талкуугa алынды. Илимий жыйындарда докладдар жасалды.

**Диссертациянын материалдары илимий басылмаларга чыгышы.** Диссертациянын илимий жыйынтыктары темага шайкеш келет. Иштин жыйынтыгы монографияда жана 10 илимий макалада чагылдырылды. ВАКтын тизмесине кирген РИНЦ (Российский индекс научного цитирования) тутумуна кирүүчү илимий журналдарга жарыяланды. Жалпы баллы: 202.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн (биринчи бөлүмдө 2 параграф, экинчи бөлүмдө 3 параграф, үчүнчү бөлүмдө 2 параграф), бөлүмдөргө берилген тыянактардан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Иштин жалпы көлөмү – 182 бет (165 бет – иштин мазмуну, 11 бет – пайдаланылган адабияттардын тизмеси, 6 бет тиркемелер).

# I БӨЛҮМ
# КЫРГЫЗ ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮСҮНҮН ПРОГРАММАЛАРЫ (ТАРЫХЫЙ-ТИПОЛОГИЯЛЫК КОНТЕКСТ)

## 1.1. Телекөрсөтүүнүн теориясы жана изилдөөнүн методологиясы

Маалымат – коомдук аң-сезимди калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Маалымат түшүнүгү буга чейин иликтенип, атайын эмгектер жазылганы менен аны чагылдыруу маселеси ачык бойдон калууда. Анткени доор алмашкан сайын, массалык маалымат каражаттарынын, анын ичинде маалымат кызматтарынын иш ыкмалары өзгөрүүгө дуушар болоору белгилүү. Массалык маалымат каражаттарынын (басма сөз, радио, телекөрсөтүү) бири-бирине окшош жактары бар болгону менен ар бири өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөргө ээ. Спутник байланыштарынын, санарип берүүлөрүнүн өнүгүшү менен жаңылыктар гезит-журналдар, радиоуктуруу, телекөрсөтүү, интернет аркылуу чагылдырылып, жогорку коммуникациялык мүмкүнчүлүккө ээ болду. Массалык маалымат каражаттарынын коомго болгон саясий жана маданий таасири жыл өткөн сайын өсүп жатат. Кыргызстандын массалык маалымат каражаттары журналистиканын эл аралык талаптарын аткаруунун аракетинде.

Күн сайын адамдар ар кандай каражаттар аркылуу ар башка булактардан маалыматтарды алып, аларды анализдеп турабыз. Маалымат ар кандай ыкмалар менен жеткирилет – текст, белгилер, схемалар, инфографика, картиналар, фотосүрөттөр, аудио-видео ж.б. Ар кандай түрлөрдү колдонот - телекөрсөтүү, радиоуктуруу, пресса, Интернет. Көп учурда адам маалыматты көрүү жана угуу деген оңой мүмкүнчүлүк аркылуу кабыл алат.

Коомчулукка маалымат таркатууда аны эл кабыл алабы же жокпу деген маселе жатат. Айрым учурларда реалдуу маалымат кабыл алынбай, жалган маалымат (фейк) эл ишенимине кириши мүмкүн. Маалыматтык алмашуу процессинде ага катышуучулардын алдында маалымат менен тең бөлүшүү маселеси гана турбастан, ошол эле учурда анын адекваттуу кабыл алынышына

аракет кылуу абзел. Маалымат алууга адамдар эзелтен умтулуп келген. Адамдар ортосундагы баарлашуу үн, жест, мимикалардын жардамы менен ишке ашкан, андан кийин үн чыгаруу, ар кандай добуштар аркылуу маалыматты аралыкка жеткирүүгө үйрөнүшкөн ж.б.

Персияда (биздин заманга чейин VI кылымда) адамдар бийик мунараларга чыгып алып кубаттуу үнү менен маалыматтарды бири-бирине жеткирип турган. Согуш кырдаалында маалымат “чынжыр” ыкмасы менен берилген. Байыркы Кытайда “гонгаларды” колдонушкан, Африканын жана Американын аборигендери болсо  барабан-тамтамды колдонуп, аны катуу ургулоо менен, же жай чабык аркылуу ар башка маалыматты аралыкка жеткире алышкан. Добуштар аркылуу маалыматтарды жеткирүү жүз жылдап колдонулган. “Барабандык телеграфтын” жардамы менен согуштук кол салуу болоору же кандайдыр бир чукул  кырдаал жаралганын кабарлашкан. Добуш белгилери түтүк, коңгуроо аркылуу, кийин курал-жарактын үнү да коммуникация каражаты катары колдонулган. Мисалы, Орусияда кайгы, согуш,  өрт, майрам учурларды  коңгуроонун добушу менен беришкен.

Адамзат коому улам өнүгүп, добуш белгилери акырындык менен жарык берүү ыкмасына алмашылган. Жарык менен маалымат берүү – бул алгач от жагуу аркылуу колдонулган. Гректер, римдиктер, карфагендер, орус казактары өрттү белги катары колдонушкан.

XV кылымдагы Иоганн Гутенбергдин табылгасы басма ишинин өз алдынча маданий жана өндүрүштүк тармак катары өнүгүшүнүн башаты болуп саналып калса, электрондук байланыш каражаттарынын өнүгүшү телеграфтын, телефон аппаратынын, радионунун пайда болушу менен тыгыз байланыштуу болду. Андан кийин белгилүү аралыкта электр тогун өткөргүч зым аркылуу сөлөкөттү чагылдыруу менен телекамера ойлоп табылган эле. Демек, маалымат алмашуу кайдай гана доордо болбосун актуалдуу болуп, өнүгүүнүн жолунда бара жатат.

Коммуникацияны илим катары изилдеген адисттердин аныктамасы боюнча “маалымат-жаңылык” түшүнүгү кылымдар бою өзгөрбөй, өзүнүн

багытын так аткарып жатат. “Адамдар дүйнөнү кыйыр түрдө өздөрү элестеткен образдар аркылуу таанып билет. Эл образды туура кабыл алганы менен алардын салттуу ишенимдери, көнүмүш адаттары, кайдыгерлиги менен караңгылыгы жолтоо болот” деген изилдөөчү Липман “Жаңылыктар – социалдык шарттардын жана жагдайлардын күзгүсү эмес, ал кандайдыр бир жол менен аныкталган окуя жөнүндө билдирүү”, – деген пикирде болгон **[1, 36-б.].**

Илимпоздор “жаңылык адамдын негизги талабын канааттандырат” деген жыйынтыкка келишкен. Ар бир адам өзүнүн чөйрөсүнөн тышкары айланада эмне болуп жатат деген кызыгууга муктаждыгы бар. Адам өзү көрбөгөн же билбеген окуяны угуп же көрүп алганда канааттанып, кандайдыр бир ишенимдүү сезимге байланат. Мындай сезимди журналист С. Жумагулов “журналисттин иши – бечараны жубатуу, байды бечара кылуу” деген америкалык жазуучу Финли Дьюндун цитатасын мисалга келтирүү менен “эркин коомдо жашаган жарандарды так жана ишенимдүү маалыматтар менен камсыздоо учур талабы” деп белгилеген **[2, 7-б.].**

Жаңылык агымына бөгөт коюлуп, же ал жок болсо коомдо кооптонуу башталып, жаңылыктардан алыс “караңгылык” өкүм сүрөт. Дүйнө жымжырттыкка бөлөнүп, аны менен өнүгүү да токтоору белгилүү. Банкир Ротшильд “маалыматка ээ болгон адам дүйнөнү башкарат” деп бекер айтпаса керек. Азыркы мезгилдеги ааламдашуу – маалымат таркатуу жана кабыл алуу менен тыгыз байланышта. Мындан “маалымат коому” деген түшүнүк пайда болду. “Маалымат” түшүнүгүнө берилген аныктамалар мындай:

“Маалымат” материалдык же рухий дүйнөнү факт катары чагылдырган билдирүүлөрдүн атайын каражаттары жана адамдар тарабынан кабыл алынышы” **[3].** “Жыйналган, алынган кабар, топтолгон кабарлардын, билдирүүлөрдүн жыйындысы” **[4, 258-б.].**” Маалымат – айлана-чөйрөдө болуп жаткан жана болуп бүткөн окуялар, кубулуштар, ой-пикирлер, фактылар, келечекке карата айтылган божомолдор ж.б” **[5, 11-б].** Окуя, кубулуш, көйгөй, идеялар факт, далил, аргумент менен жазылып бүткөн бир ойдун

жыйындысы” **[6, 211-б.].** “Түшүндүрүү, мазмундоо. Белгилүү контекстте конкреттүү мааниге ээ болгон түшүнүктөрдүн, идеялардын, нерселердин, окуялардын, фактылардын жыйындысы” **[7, 565-б.].** Ошентип, маалымат – дүйнөлүк окуялар, кубулуштар, ой-пикирлер, фактылар, божомолдор ж.б. Маалыматтарды коомго жайылтуу жана адамдардын маалымат алмашуу процесси массалык маалымат каражаттары (ММК) аркылуу ишке ашат. Бул пресса, радио, ТВ. ММК ишмердүүлүгү саны боюнча түрдүү аудиторияларга ырааттуулук менен маалыматтарды жайылтуу, идеологиялык, экономикалык, маданий жана саясий таасир тийгизүүнү өзүнө камтыйт. Саясий күрөшкө, анын мазмунуна жана формасына, идеологиялык, саясий жана маданий үгүттөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө, бийликтегилердин саясатынын жарыкка чыгып жана бурмаланышына, адамдардын жүрүм-турумуна, жашоосуна маанилүү таасир тийгизет **[8, 140-б.].**

Кыргыз Республикасынын “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” мыйзамдын 1-беренесинде массалык маалымат каражаттары төмөндөгүдөй аныкталган: Мамлекеттик органдар, маалымат агентстволору, саясий, коомдук жана башка уюмдар, жеке адамдар тарабынан чыгарылуучу газеталар, журналдар, аларга тиркемелер, альманахтар, китептер, бюллетендер, калкка таратууга арналган, туруктуу аталышы бар бир жолку басылмалар, ошондой эле теле көрсөтүү жана радио уктуруу, кино жана көрсөтмө студиялар, мамлекеттик органдар, маалымат агентстволору, саясий, коомдук жана башка уюмдар жеке адамдар тарабынан чыгарылуучу уктурма жана көрсөтмө жазылмалар менен программалар массалык маалымат каражаттарына таандык кылынат **[9].**

Телевидение массалык маалымат каражаттарынын ичинен эң таасирдүүсү. Телевидение (“телевидение” мындан ары “телекөрсөтүү” деп жазылат) - бул телевизиондук программаларды түзүү жана аларды телевидениенин жардамы менен эфирге берүү. “Телекөрсөтүүнүн спецификасы (радиодон айырмаланып) анын экрандуулугунан турат. Башкача айтканда, маалыматтарды кыймыл-аракеттин, көрүмдүүлүктүн, үн коштоонун

жардамы менен эфирге берүү мүмкүнчүлүгү. Дал ушул экрандуулук телевизиондук образдардын сезим менен кабыл алынышын жана кеңири аудиторияга жеткиликтүү болушун камсыздайт” **[10, 3-б.].**

Телекөрсөтүүнүн маалыматтык программасы – бул актуалдуу кабарларды, тең салмакка салынган пикирлерди, информациянын критерийине жооп бере алган, коомдук маанилүү окуяларды чагылдырган журналисттик чыгарма. Телевизиондук маалыматтын башка ММК жаңылыктарынан айырмачылыгы – анын таркатуу каналынын өзгөчөлүгү жана кошумча мүмкүнчүлүгү **[11, 85-87-бб.].**

Телекөрсөтүүнүн *маалыматтык берүүсү* жөнүндө медианын теоретиктери төмөндөгүдөй бир канча эмгектерин сунушташкан. Мисалы, Е. Малышева менен О.Рогалеванын “Информационное телевидение» **[12],** В.Цвик менен Я.Назаровдун “Телевизионные новости России” **[13],** М.Магронттун «Новости как профессия» **[14],** Б.Орунбековдун “Журналистика негиздери” **[6],** Э. Багировдун “Место телевидения в системе средств массовой информации и пропаганды” **[15],** Л. Васильеванын “Делаем новости” **[16].** “Кандай гана билдирүү болбосун, ал – *маалымат*. Бирок журналистикадагы *“телевизиондук маалымат”* (телевизионная информация) түшүнүгү жаңылыктарды таркатууга багытталган телекөрсөтүүдөгү бөлүм катары аныкталып калды”, - дейт В.Егоров. Ал “көрсөтүүнүн өз алдынча бөлүмү катары телекөрсөтүүдөгү маалымат анын биринчи формасы катары бай салттарга, тажрыйбага, тарыхка ээ жана өз жанрларын иштеп чыгып, өнүктүрүүдө” деп билдирген **[17].**

Эми телекөрсөтүүдөгү “жаңылык” түшүнүгүн чечмелеп көрөлү. Эверт Дэннис “Беседы о масс-медиа” деген китебинде жаңылык түшүнүгүн аныктоодо батыш мамлекеттеринин телекомпаниялары колдонуп жүргөн төмөндөгү стандартуу критерийлерге токтолот:

- конфликтүүлүк (чыңалууну же таң калууну жаратуу);
- катастрофа (талкалануулар, кыйроолор);
- кайсы бир маанилүү окуянын өнүгүшү (жетишкендик, триумф);

- кайсы бир окуянын кесепети (анын коомго таасиринин даражасы);
- белгилүүлүк (кайсы бир адамдын жашоосундагы окуяга жалпы кызыгууну жаратуу);
- жаңылык (новизна) (өзгөчө, адаттан тыш бир нерсе);
- адамдын күчтүү кызыгуусу (өзчөгө эмоционалдык фон);
- аймактык жакындык (жергиликтүү маселелер) **[18, 205-б.].**

Бул критерийлерге кошумча катары, жаңылыктарды даярдоодо Рим оратору Марк Квинтилиан негиздеп кеткен “*ким-эмне-кайда-качан-кантип-эмне үчүн”* деген суроолор азыркыга чейин күчүндө.

*Тележаңылыктардын* пайда болушу менен телекөрсөтүү чоң абройго жетип, аны менен саясий инструментке айланды. Казакстандык окумуштуу М.Барманкулов “Журналисты предполагают, что их предназначение – правдивая информация. Политики считают, что журналистика – это информация, которая должна служить их интересом, подавать их деяния и образ наилучшем свете...” деп, журналистка менен саясаттын ортосундагы байланышты анализдеген **[19, 55-б.].** Журналист саясатчыны элге таанытып, элге жакындатат. Телеканалдарды саясий темалар ээлеп калды. Саясий багыттагы көрсөтүүлөр, жаңылыктар, маектер эл аралык журналистиканын талаптарын, журналисттик этиканы бузбашы керек.

Мисалы, коомдук макамдагы телекөрсөтүүнүн талаптарынын бири – бул маалыматтардын чындыгы. Бирок журналисттер жаңылыкты сатымдуу, өтүмдүү, кызыктуу, окумдуу, көрүмдүү, угумдуу кылуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктү, анын ичинде журналисттик этикага жат аракеттерди колдон чыгарышпайт. Телеканал макамынан мурда ээлик кылган башкаруучунун талабын канааттандырат.

80-жылдардагы “маалымат-жаңылык” аныктамасына баа берип көрөлү. “Душой информации является *новость.* Чтобы факт составил основу информации, он одновременно должен быть новостью” **[20, 36-б.].** “Если факт сердце информации, то новизна ее душа” **[21, 7-б.].** “Самый прекрасный политик, самое великолепное государство, самый лучший народ – ничто без

информации. Самое примечательное событие сушествует для всех только в информации” **[22, 45-б].** Мында маалымат капысынан пайда болгон эмес, атайын тандалып алынган факт катары кабылданат. Маалымат саясий категория катары кызмат кылат.

Маалыматтык программа советтик телекөрсөтүүдө 1955-жылы пайда болгон. Мунун тарыхына кайрылсак, корреспонденттер Ю.Фокиндин “Красный Октябрь” фабрикасынан, Борбордук аэродромдо Въетнамдын президентин тосуп алуу иш чарасынан репортаждар биринчи маалыматтык берүү катары жазылып калды. 1956-жылы “Последние известия” деген маалыматтык редакциясы негизделип, Р.Борецкийдин “Информационные жанры телевидения” деген эмгеги биринчи теориялык иш болуп калды **[23, 26-б.].**

Кыргызстандын телекөрсөтүүсүн изилдеген авторлор улуттук телекөрсөтүүнүн өнүгүү тарыхына жана ишмердүүлүгүндөгү өзгөчөлүктөргө токтолушкан. Мисалы, Т.Кадыровдун “История развития радиовещания и телевидения в Республике Кыргызстан (1928-90)” **[24],** М.Мырзагуловдун “Телевидение Кыргызстана: формирование и развитие” [**25**], Ф.Черновдун “История развития телерадиовещания в Кыргызстане (1928-2000)” **[26]** аттуу эмгектери теманы ачып берүүгө көмөкчү болду.

М.Мырзагуловдун “Телевидение Кыргызской Республики в контексте формирования и трансформации системы СМИ среднеазиатского региона” деген диссертациялык ишинде Кыргыз телекөрсөтүсүнүн техникалык, социалдык-тарыхый багыттары изилденип, Кыргызстандын саясий туңгуюк мезгилиндеги мамлекеттик эмес телеканалдардын түзүлүү процессин карап чыгып, анализдеген.

Кыргызстандын телетармагын изилдеген Ф.Чернов “Исторические и социально-политические аспекты становления и развития радио и телевидения в Кыргызстане (1927-2008)” деген диссертациясында коом алдында телерадионун аткарган милдеттерин тизмектеп берген. Б.Досалиева “СМИ КР: политико-правовой аспект” **[25],** Ш.Жумагулова “Влияние СМИ на

социально-политические процессы в Кыргызстане (на примере телевидения)” **[26],** Г.Ибраева менен С.Куликова “История развития и современное состояние СМИ в Кыргызстане: результаты исследования” жана “Журналистика и языки: восприятие и функции русско- и кыргызскоязычных СМИ в Кыргызстане” **[27]**, Ж.Акматбекова “Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тенденциясы” деп аталган эмгектерде Кыргызстандын ММК тарыхынын базасын толуктайт **[5].** Керектүү маалыматтар А.Кацев, В.Сабирова, К.Мамбеталиев, Т.Ашимбекованын илимий макаларында камтылган.

Журналистиканын илиминде негизги категория – “массалык маалымат”, мунун багыты массалык аудитория, бул жалпы элдин көнүлүн социалдык маселелерге бурат жана коомдун көз карашын бир позицияга алып барат. “Массалык маалымат” (массовая информация) деген түшүнүктө беш илинчек тизилип турат. Биринчиси, маалыматтын конкреттүү социалдык шарттагы өзгөчөлүгү. Экинчиси, журналистиканын маалымат берүү ишин аткаруудагы мыйзам ченемдүүлүктөрү. Үчүнчүсү, журналисттерге коюлган талаптар. Төртүнчүсү, маалымат берүүнүн чыгармачылык формалары. Бешинчиси, маалыматтын булактарына ээ болгондордун журналисттерге карата мамилеси. Айтылган түшүнүктөр жөнүндө В.Ворошиловдун эмгегинде кенен жазылган **[28, 304-б.].**

Изилдөөчү Б.Орунбеков “Журналистика негиздери” деген китебинде маалымдоонун төмөндөгүдөй алты концепциясын көрсөттү:

1. Советтик коммунисттик. Бийлик ММКды көзөмөлдөйт. Цензура.
2. Авторитардык. Бийлик эркин маалымат үчүн жазалайт. Цензура.
3. Либертариандык. Массалык маалымат каражаттарындагы чектелбеген сөз эркиндиги. Цензура жок.
4. Социалдык жоопкерчилик. Массалык маалымат каражаттары коом алдында милдеттенет.
5. Өнүктүрүү. Массалык маалымат каражаттары агартуучулук милдетти аткарып, улуттук аң-сезимди өстүрөт.

6. Демократиялык-социалисттик. Плюрализмге жол берилет, бирок бийлик элдик кызыкчылыгы үчүн массалык маалымат каражаттарын көзөмөлдөйт **[6, 30-31-бб.].**

Орунбеков жогорудагы концепциянын түрлөрүн Татьяна Репкованын кыргыз тилинде жазылган китебиндеги формаларга үндөш кылып берген **[29, 2-б].** Бул жерде бир айырма бар. Репкова формаларын жетиге бөлгөн – “Революциялык концепция” деген бөлүгү бар (буга КПССтин “Правда” гезитин көрсөтүп, революция жасаган партиянын басма сөз органын мисал кылган).

Профессор Е.Ахмадулиндин эмгегинде концепция бешке бөлүнөт, бул автор америкалык окумуштуулар негиздеген “Четыре теории прессы” деген эмгекке таянып, журналистиканы төмөндөгүдөй түрдө аныкташкан, аны жазылган тилинде берели **[30, 60-98-бб.].**

1. Авторитарная журналистика. Оформилась в 15-17 веках;
2. Либертарианская. Оформилась в Англии и США в 17 веке;
3. Журналистика социальной ответственности. США, середина 20 века;
4. Социалистическая. Оформилась в СССР в начале 20 века;
5. Журналистика периода развития и демократического участия;

Биздин өлкөгө бешинчи формасы дал келип турат, себеби автор берген аныктама мындай. “Деятельность журналистики периода развития резко направлена против любых форм внешней зависимости, а также произвольного авторитаризма. Поэтому определенные свободы прессы и вещания отступают перед долгом способствовать достижению этих целей” **[30, 95-б.].** Ооба, айрым өлкөлөр ушундай теорияны практикалык түрдө далилдегендир, бирок эгемендүү Кыргызстандын ММКлары “сөз эркиндикти” экинчи катарга жылдырган эмес, дайыма астыда кармаган.

“Теория демократического участия” деген жагын карасак, бул жерде да бизге өтө жакын ойлор чагылдырылган экен. Цитата: “Общественное вещание значительно повысило бы роль средств массовой коммуникации в процессе социального развития и осуществления демократических реформ.

Препятствием является излишняя податливость к политическому и экономическому давлению” **[30, 96-б.].** Кеп коомдук телеканал жөнүндө. Бизде бул багытка аракет жасалды, бирок белгиленген стандарттар аткарылбады. Эми мындай көрүнүштү абсолюттук түрдөгү кемчиликке айландырбай, жаңы жолдорун, жаны чыйырларын издеш керек, дүйнөнүн тажрыйбасында булар пайда боло баштады.

Нуржан Джумагазиеванын орус тилинде жазылган китебинде ушуга тиешелүү маалымат бар. “Во многих, особенно европейских государствах получили развитие, так называемые, общинные телерадиокомпании. Для Кыргызстана интересен именно этот опыт. Общинные телерадиокомпании являются по своей сути общественными, создаются местным сообществом, работают на местное сообщество. Стоимость таких телерадиокомпаний невелика” **[31, 76-б.].** Европанын ушундай “общинный” тажрыйбасын колдонсок, эң туура болот, бул жагынан чакан түрдөгү эл аралык проектилер да орун алган (Жалал-Абад областындагы кичинекей шаарларда). Эске ала турган жагдай, “общинные СМИ” жамааттык ММК. Албетте уюштуруу принциптеринде коомдук телекөрсөтүү менен окшош жактары бар, бирок “общинные СМИ” деген коомдук эмес.

Айтылган теориянын дагы бир орчунду көрүнүшү бар. Муну биз изилдөөчү Г.Бакулевдин “Массовая коммуникация. Западные теории и концепции” деген эмгегинен окусак болот. “Термин “демократическое участие” несет и некоторый оттенок разочарования в существующих политических партиях и в системе парламентской демократии, которые, кажется, потеряли связь со своими корнями, затрудняя, а не упрощая участие масс в политической и общественной жизни” **[32, 27-28-бб.].** Бул бүгүнкү күндөн алып жазгандай сезилет. Кыргызстандагы азыркы партиялары да, азыркы парламенттик демократиясы да калың элдин купула толбой жатканына кошумча далилдердин кереги жок деген пикирлер да жок эмес. Элдик принциби (принцип народности) массалык маалымат каражаттарынын

тарыхый жолунда алдыңкы орунду ээлеген, бирок бул жерден «элдик» деген түшүнүктү "улутчулдук" дегенге барабар кылбашыбыз керек.

Г.Бакулевдин эмгегинде жазылган теорияда "психология журналистики" деген бөлүм бар, бул жагдай кесиптин бардык жагына тиешелүү – окурман, угарман, көрөрман менен байланыш түзүүдө, журналисттердин бири бири менен болгон мамилесинде (критика), өзүн өзү сындоо процессинде (самокритика) психологиялык жагдайлар орун алат. Бул боюнча Кыргызстанда "Психология журналистики" деп аталган эмгек жарык көргөн **[32].** Дагы бир орчунду маселени профессор А.Кацев мындай белгиледи: "Оппозиция "общечеловеческое – профессиональное" есть важный отличительный фактор всего, присущего журналистской деятельности" **[33, 4-б.].**

Дагы бир түйшүктүү маселени профессор В.Кашкин мисал менен келтирген. Китеп кыргыз тилине которулган, анда: "Кабыл алуучунун баалуулуктар системасындагы позициясы жаңылыкты кандай алып чыкканга жараша болот. Мисалы, ТВ жаңылыктарында президенттин мүдүрүлүп кеткенин көргөзсө болот, бирок бул кадрды алып таштаса деле болот. Башкача айтсак, таасир берүү каражаттары оператор менен редактордун колунда" [**34, 127-б].** Буга дагы эки кошумча кылсак болот. Телеканалды жетектеген адамдын да "колу" бар жана ошол жетекчинин эл астында аброю (имиджи) жогору болсо, анда ага жанагы "тротуардан мүдүрүлгөн" тасма кеп эмес. Мамлекет башкарууда "мүдүрүлүү" деген нерсе болбосо, ийгилик жаралбайт.

Журналистикага тиешелүү өзүнүн изилдөө методдору бар. Бул ылайыкталган ыкмалар социалдык-тарыхый системанын негизине таянат, себеби массалык медиа социалдык практиканын курамына кирет. Журналистиканы изилдөө ишине таандык методологиясы боюнча атайын эмгектер жазылган. Профессор А.Ким окуу китебинин "методологические основы журналистской деятельности" деп аталган бөлүмүндө маалыматтын булактарына мүнөздөмө берип, маалыматты чогултуунун ыкмаларын аныктаган. Салттуу метод катары "байкоону, экспериментти, интервьюну"

бөлүп, салттуу эмес (нетрадиционные) методдорго “прогноз берүү” жана “биография” (биографический метод) деп кошкон **[35, 98-161-бб.].** Б. Мисожников менен А.Тепляшинанын китебинде “методы журналистики” деген параграф жазылган **[22, 84-90-бб.].** Бул жерде журналистикада колдонулган “документ, байкоо жана сурамжылоо (опрос) деп аталган ыкмаларга басым жасап, “документке” сөзсүз түрдө “комментарий” бериши керек деген. Логикалык түзүмдүн маанилүү компонеттери катары “фактыны, проблеманы, концепцияны” көрсөткөн. Эффективдүүлүк болсо, маалыматтын аудиторияга “жакындыгы” (близость), абалды “баяндоо” жана окуянын драматизмин көрсөтүүсү менен ишке ашат. Авторлор “расследование” менен “исследование” деген методдордун айырмасын ачып беришкен. Исследованиеге эки багыт кирет: илимий анализ – бир нерсени тактоо үчүн изилдөө. Расследованиеге да эки багыт кирет: фактылар менен кырдаалды ар тараптан карап чыгуу, кылмыштын бетин ачуу (укук коргоо органдарынан айырмалуу түрдө ачып берүү).

Журналистика коомго учурдагы саясатты аныктаган маалымат булагы катары саналат. Журналистиканы изилдеген илимде “политическая журналистика” деген түшүнүк бар (“Политическая журналистика” деп аталган окуу китебинде берилген) Изилдөөнүн темасы мезгилге, доорго, өлкөгө жана анын ичиндеги региондорго байланыштуу болот, муну “пространственно-территориальный критерий” деп аташат. Диссертациялык иште өлкөнүн масштабын карадык, өлкөнүн “контекстин” камтыдык. Аталган методдорго таянып материалдарды талдадык. Медиа каражаттарга байкоо жүргүзгөн мониторингтердин отчетторун да бул багытта иликтедик.

Журналистика саясий шарттын контекстинде (алкагында) ишин алып барат. Авторитардык өлкөдө мамлекеттик медиалар пайда болуп, пропаганда менен агитациянын куралы катары бийликке кызмат кылат. Бир адамдын диктатурасы абсолюттук тартипте орногон өлкөдө мамлекеттик эмес медиаларга орун жок болот. Кыргызстанга окшогон өлкөдө мамлекеттик

медиалар мамлекеттик эмес медиалар менен атаандаштык түрдө орун алышат жана бири-бири менен тирешип турушат.

Диссертацияда биз “салыштырма-тарыхый” (сравнительно-исторический) методду колдондук – бул фактылар менен көрүнүштөрдү салыштырып, айырмаларын көрсөтөт. Маалыматтын сапатын, бири-бирине тийгизген таасирлерин аныктоодо “салыштырма-типологиялык” (сравнительно-типологический) деп аталган метод колдонулду. Мындай изилдөөдө бир орчунду жагдайды эске алыш керек, муну “типология и система СМИ” деп аташат. Бул жөнүндө профессор С.Корконосенко жазган **[36, 86-108-бб.].** Кыргызстандагы изилдөөчүлөрү да бул методологиялык маселелерге көнүл бурушкан. Изилдөөчүлөр Г.Ибраева менен С.Куликованын “История развития и современное состояние СМИ в Кыргызстане: результаты исследования” деген китебинде “Методология и методика исследования” деген бөлүмү бар **[27, 13-18-бб.].** Бул эмгек 2002-жылы жазылган, ушуга байланыштуу салыштырмалар совет дооруна караштуу болгон. Эгемен доордун курамындагы салыштырмаларга мезгил жете элек учуру. Мындай салыштырмалар президенттердин өлкөнү башкаруу кезектери ачылганда башталган – биринчи президенттин башкаруусу экинчи президенттин башкаруусуна, экинчинин үчүнчүгө жана андан ары салыштырылып жатат. Маалыматтык программалардын өнүгүү тенденцияларын президенттик доорлорго бөлүп кароо мыйзам ченемдүү көрүнүш. Кыргызстандагы жана башка мамлекеттердеги телеканалдардын башкаруучулары жана көзөмөлдөөчүлөрү көрүмдүүлүк деңгээли жогору болгон маалыматтык программаларды коомго таасир этүүнүн күчтү куралы катары пайдаланат.

Е.Ахмадулин административдик ресурстар менен демократиялык принциптердин диалектикасы өлкөнү өнүктүрөт. Кыргызстандын жолу ушул багытка түшкөн. Президенттин бийлик мөөнөтү бизде чектелген. Парламент дагы мөөнөтү менен шайланып турат. Журналисттер болсо коомдо ортомчулук милдетти аткарышат. Журналистика “типологиялык анализ” методу аркылуу да изилденет деп жазган **[30, с. 268-280].**

Эгемен доордогу журналистиканын, анын алкагында телеканалдардын өнүгүү этаптарын өлкөнү башкаруу формасына байланыштуу кароого болот. Анткени башкаруучу топ телеканалдын макамын аныктап, мазмунуна таасир этет. Бул телеканалдын менчик формасына, программалык мазмунуна, аудиторияга багытталышына ж.б.у.с. белгилери типологиялык иликтөө аркылуу аныкталат. Биринчи президенттин (А.Акаев) башкаруу мөөнөтү 15 жылга созулуп, революция менен бүттү. Экинчи президент (К.Бакиев) өлкөнү беш жыл башкарды, бул дагы революция менен бүттү. Өткөөл мезгилдин президентинин (Р.Отунбаева) башкаруусу бир жарым жыл, андан кийинки президенттин (А.Атамбаев) башкаруусу 6 жыл менен чектелди, революция болгон жок, бирок аягы түрмө менен бүттү. Ар бир тарыхый контекстин спецификасы бар, ушуну журналистиканы изилдегенде эске алыш керек. Телекөрсөтүүнүн маалыматтык берүүлөрү тематикалык ар түрдүүлүкө ээ болгону менен, саясат менен тыгыз байланышта. Илимий иштеги негизги принцип фактыларды реалдуу түрдө чагылдырып, объективдүү мазмундагы эмгекти жаратуу.

Бул параграфта теориянын жана методологиянын жогорудагыдай негиздери эске алынды. Бул ыкмалар кийинки бөлүмдөрдү изилдөөгө өбөлгө болду.

## 1.2. КТРКнын маалыматтык программалары: типологиялык жана структуралык өзгөрүүлөрү (1991-2010-жж.)

Кыргыз телевидениесинин түптөлүү мезгили 1958-жылдын декабрь жана 1959-жылдын январь айларына туура келет. “Телевидениенин Фрунзе студиясынын ишине даярдыктар жөнүндө” өкмөттүн 1958-жылдын 28-октябрындагы токтому менен Кыргызстанда телестудия иштей баштаган жана ноябрь айынын аягында алгачкы көрсөтүү эфирге чыгарылып, декабрь айында телестудия үзгүлтүксүз иштөө тартибине өткөн **[22].** Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн 1958-жылдан Кыргызстандын эгемендүүлүк алган мезгилине чейинки тарыхы жана өнүгүү этаптары кыргыз окумуштууларынын эмгектеринде кеңири берилген. Диссертациялык иште Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн 1991-2020-жылдар аралыгындагы абалын изилдөөгө алдык.

Кубаттуу СССРдин кулашы менен СССРдин Мамлекеттик телерадио системасы да жоюлган. Борбордук телевидение “Останкино” мамлекеттик телерадиокомпаниясы болуп өзгөргөн. Союздук республикалардагы телестудиялардын союздук жана республикалык борборлорго болгон көп жылдык көз карандылык доору аяктаган. Мындай абал кыргыз телерадиокомитетинде да орун алды.

1991-жылдын 21-февралы кыргыз телекөрсөтүүсү үчүн бурулуш мезгил болуп калды. Президент А.Акаевдин жарлыгы менен “Мамлекеттик телерадио комитеттин” базасында “Мамлекеттик телерадиоберүүлөр агенттиги” түзүлүп, анын жетекчилигине Сатыбалды Жээнбеков дайындалган. Демократиялык көз караштарга ээ жаңы жетекчи 1991-жылдын августундагы ГКЧП (государственный комитет по чрезвычайному положению) туурасында ачык айтылган сюжеттерди эфирге берген жана маалыматтык программалар мазмундук жактан өзгөрө баштаган. С.Жээнбеков 1990-жылдагы Ош окуясын кабарчы катары ачык чагылдырып тургандыгы менен эл оозуна алынып, мыкты журналист катары таанылган. Ал эфирдеги ой-пикирлердин

плюрализми, журналисттердин чыгармачылык эркиндиги, алардын тажрыйбасын арттыруу жана жарандык жоопкерчиликтери жөнүндө айткан биринчи жетекчи эле. Эмгек мамилелерине өзгөрүү кирип, келишимдик негизде ишке алуу, чыгармачыл жамааттын наарazылыгын жараткан кадрларды аттестациядан өткөрүү иштери башталган **[37, с. 63]**.

1992-жылдын 2-июнунда кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” мыйзамы басма сөздү, телерадиону түзүүнүн демократиялык принциптерин бекемдеп, журналисттердин чыгармачылыгын кысып келген цензураны жок кылды. Партиялык, коомдук уюмдардын, кыймылдардын, министрликтер менен ведомстволордун телерадио программалардын мазмунуна кийлигишүүсүнө чек коюлду. Ошону менен Кыргызстандын телекөрсөтүү жана радио тарыхында жаңы этап башталды. Советтик жашоо образына көнүп, анын идеологиясына сугарылган телерадио кызматкерлери үчүн жаңыча жашоо, жаңыча иштөө милдеттери турган **[37, с. 62-63].**

Мыйзам беренелеринен мисал келтирели:

Биринчи главанын 1-беренеси: “Массалык маалымат каражаттарын цензура кылууга жол берилбейт”. 2-берене: “Массалык маалыматтын органдары өз уставынын негизинде иш алып барган юридикалык жак болуп саналат”. 3-берене: “Маалымат каражатынын иши анын продукциясын сатуу жана башка акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен, ошондой эле уюштуруучулардын, демөөрчүлөрдүн каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка түшүүлөрдүн эсебинен жүзөгө ашырылат” **[9].**

Белгилүү болгондой, ММК органдары өздөрүн фонд менен камсыздоо жоопкерчилигине ээ болгон. Мыйзамда жазылган эрежелерден башка ишмердүүлүккө тоскоолдук жок. Мисалы, эл аралык келишимдер жана макулдашуулар боюнча 21-беренеге токтолсок, анда “эгерде Кыргыз Республикасынын мамлекеттер аралык келишими тарабынан ушул Мыйзамда

көрсөтүлгөндөн башка эрежелер белгиленсе, анда мамлекеттер аралык келишимдин эрежелери колдонулат” деп жазылган **[9].**

Ошентип, мыйзамдын алкагында ишмердүүлүгүн баштайм деген гезит, журналдар, башка басылмалар, телерадиолор Юстиция министрлигинин каттоосунан өтүшү керек болгон. Мисалы “Пирамида” министрликке коммерциялык берүүлөр станциясы катары катталган. Бирок мамлекеттик телерадио ж.б. ММКга бул эреже тиешелүү эмес.

Мамлекеттик улуттук телерадиоберүүлөр компаниясы - телерадиоберүүлөр өндүрүмүн даярдай турган мамлекеттик орган. Милдети – телерадиоберүүлөр аркылуу мамлекеттик саясатты жүргүзүү **[38].** 1993-жылдын март айында Президенттин жарлыгы менен Мамлекеттик улуттук телерадиоберүүлөр компаниясы ( мындан ары – МУТРК деп жазылат), (Государственная национальная телерадиовещательная компания – ГНТРК) деп аталышы өзгөрүп, башка мамлекеттик мекемелерге, министрликтерге болгон көз карандылыгынан бошогон өз алдынча мекеме болду. “Улуттук берүүлөр” макамынан улам мамлекеттик аппарат менен өкмөттүн аппаратынын көзөмөлүнө алынган **[39, 3-7-бб.].**

1995-жылы Япониянын Эл аралык кызматташтык агенттиги МУТРК менен биргеликте КРнын телерадиоберүүлөрүн өнүктүрүү боюнча генералдык планын иштеп чыккан. Анда Бишкек шаарында 1995-жылга карата 9 жыштыкта 10 радиостанция, 6 каналды пайдаланган 7 телестанция бар экени маалымдалат. Мамлекеттик берүүлөрдү ишке ашырган МУТРК карамагында 2 радиостанция жана 1 телевизиондук станция, башка теле-радио станциялар жеке менчик же чет элдик болгон. Ар бир облустун борборунда МУТРК көзөмөлүнө Облустук телерадиолор иштеп турган.

Генпланда өлкөнүн ММК, анын ичинде Кыргыз телерадиосунун көз карандысыздыктан кийинки экономикалык кризиске байланыштуу абалы начар экени “Экономический кризис вызван нехваткой достаточного количества фондов и ресурсов в то время, когда КР трансформируется в капиталистическую самостоятельную экономику из системы экономики

социалистического блока под управлением Советского Союза" деп белгиленген **[39, 5-10-бб.].**

Социалисттик идеологиядан демократияга өтүүдөгү өткөөл мезгил саясий коммуникация каражаты катары телекөрсөтүүнүн ролун жана ордун башкача караганга өбөлгө болду. Буга байланыштуу бир аналитикалык цитатаны келтирели. "Демократия закономерно начинается с прессы. Давление на прессу опасно для государства. Пресса – это лакмусовая бумажка, которая проявляет состоятельность или несостоятельность власти. Коммунары погибли, когда начала войну с прессой. Большевики обрекли себя, когда начали респравляться с прессой. Перестройка иссякла, когда началось давление на газеты. ГКЧП их вообще закрыл. Кыргызская власть тоже ополчилась на прессу, это даром не пройдет" **[40, 25-б.].**

КРнын Президентинин жарлыгында «МУТРКнын президенти Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат. МУТРКнын президенти вице-президенттерди сунуштайт, анын негизинде КРнын Президенти вице-президенттерди дайындайт" деп белгиленген. 1994-жылдын июнь айында МУТРК президенттигине А.Матисаков дайындалган. МУТРКнын жетекчисинин КРнын Президенти тарабынан дайындалышы телеканалдын бийликке көз карандылыгын аныктап турат.

Эгемендикке ээ болгон алгачкы жылдардан тарта Мамлекеттик телерадиокомитетте кайра түзүүлөр орун алган. 1991-2020-жылдар аралыгында 16 жетекчи алмашып, алардын айрымдары бир жыл иштесе, 3 ай кызмат кылган жетекчилер да болду. Тизмесине токтолсок:

- 1991-жылы Сатыбалды Жээнбеков
- 1992-жылы Түгөлбай Казаков
- 1993-жылы Кадыркул Өмүркулов
- 1994-жылы Абдиламит Матисаков
- 1996-жылы Аманбек Карыпкулов
- 2001-жылы Молдосейит Мамбетакунов
- 2002-жылы Токтош Айтикеева
- 2004-жылы Сыртбай Мусаев
- 2005-жылы Султан Абдракманов

- 2005-жылы Кыяс Молдокасымов
- 2006-жылы Мелис Эшимканов
- 2009-жылы Кайыргүл Орозбай кызы
- 2010-жылы Кубат Оторбаев
- 2014-жылы Султан Жумагулов
- 2015-жылы Илим Карыпбеков
- 2018-жылы Жайнак Усөн
- 2020- жылдын октябрь окуясынан кийин Бактияр Алиев.

Мындай тартипте өнүгүү жөнүндө эмес, туруктуулук боюнча кеп кылуу кыйын. Ойлонулбаган чечимдердин кабыл алынышы кыргыз телекөрсөтүүсүнүн абалын гана эмес, андагы адистердин да кесипкөйлүк көрөңгөсүн солгунданткан. Радио тармагынан жогорку квалификациялуу адистер иштен бошотулуп, эфир толкундарына даярдыгы жана тажрыйбасы жок адистер чыга баштаган. 1991-2015-жылдарда телекөрүүчүлөр менен радиоугармандардан арыздар көп келип турган.

А.Матисаковдун жетектеп турган мезгилинде Мамлекеттик телерадио “Манас” эпосунун 1000 жылдыгы жана телекөрсөтүүнүн аппараттык-студиялык комплексин ишке берген эки ири окуяны чагылдырган. АСК (аппараттык-студиялык комплекс) комплекси көп жылдар бою салынып, 1995-жылы пайдаланууга берилген. Ошентсе да, телекөрсөтүү программаларынын сапаты менен мактана алган эмес. Көрсөтүүлөр президенттин жана өкмөттүн ишмердүүлүгүн чагылдырган. Жаңылыктарды ыкчам берүү мүмкүнчүлүгү, кыргыз жана орус тилинен башка тилде берүүлөр, билим берүү, тарбия, оюн-зоок ж.б. жок эле. Ошол мезгилде учурунда “Ала-Тоо” маалымат программасы “Кыргызстан” деп аталышын өзгөртүп, мамлекеттин ички жаңылыктары менен чектелген. “Чтобы улучшить информационную программу “Кыргызстан”, будет необходимо приобретать иностранные материалы и оборудования. Также желательно, чтобы были произведены изменения в отношении и освещении, чтобы передавались прямые и сжатые новости. Есть также возможность для улучшения в смысле показа пояснительных титров в

начале программы и для новостей, которые сопровождаются кадрами хроники” деген сунуштар генпланда берилген **[39, с. 57-59].**

Салыштырмалуу айтсак, “Пирамида” станциясы Бишкек шаарына гана эсептелип, калктын 14 пайызын камтыган. Останкино жана ТРВ “Горизонт” жана “Экран” спутник станцияларынын жардамы менен өлкөнүн бардык аймагына жеткен. Останкино Кыргызстандын 99 пайызына, ал эми РТВ – 51 пайызына кызмат көрсөткөн. Мындан сырткары Түркиянын ТРТ, Казакстан жана Өзбекстандын телекөрсөтүүлөрү бар эле.

1996-жылы КТРдин башчылыгына келген А.Карыпкулов советтик мектептен билим алган жетекчи катары таанымал эле. А.Карыпкулов жетекчиликке барганын мындай эскерет. “Давая свое согласие на назначение руководителем столь важной идеологической структуры суверенной страны, я, разумеется, хорошо осознавал особую ответственность предложенной мне должности и всю сложность предстоящей работы” **[37, 64-б].** 1996-2001-жылдар аралыгында телерадиокорпорациянын жамааты менен биргеликте мекеменин техникалык абалын, адамдык потенциалын өнүктүрүүгө аракеттер болгон.

Башкы редакциялар жоюлуп, “Маалымат” жана “Рух” деген эки продюсердик борбор уюштурулган. Дал ушул “Маалыматтык” продюсердик борбору маалыматтык мүнөздөгү программаларды даярдоого милдет алган. Аларга студия, аппаратуралар, транспорт ж.б зарылдыктар бекитилип берилген. Аны менен катар автордук телекөрсөтүү топтору, “Замана” студиясы түзүлгөн. “Немецкая волна” телекомпаниясы менен түзүлгөн келишимдин негизинде КТР 1996-жылы биринчи жолу эл аралык жаңылыктарды англис жана немис тилдеринде жумасына 5 жолу чыгарууга мүмкүнчүлүк алган. Би-Би-Си жана “Свобода” радиостанциялары кыргыз радиосу менен кызматташа баштады.

2001-жылга карата мамлекеттик телевидениенин суткалык көлөмү 17 саатка жеткен. “Ала-Тоо” чыгармачыл-өндүрүштүк бирикмеси (мындан ары - ЧӨБ “Ала-Тоо”) даниялык гранттын эсебинен заманбап техникаларга ээ

болгон. Даниядан келген адистер кайрадан “Ала-Тоо” деген мурунку аталышын алган студиянын кызматкерлерин жаңы техникаларды колдонуу ыкмаларын, жаңыча иштөөнүн үлгүсүн көрсөтүп кетишкен. ЮНЕСКОнун колдоосу менен “Ала-Тоо” чыгармачыл-өндүрүштүк бирикмесинин журналисттеринин техникалык маселелери чечилип, маалыматтык чыгарылыштардын сапаты да жакшырган. Кыргыз телекөрсөтүүсүнө биринчи жолу “телесуфлер” техникасы алынып келинген.

Ошол жылы кечки “Ала-Тоо” программасынан сырткары күндүзгү “Жаңылыктар” жана “Новости” эки тилде чыгып, маалыматтык сааттын көлөмү өскөн. 20 минуталык “Жетиген” маалыматтык-аналитикалык программасы 30 минутка узартылган. Материалдык-техникалык базанын чыңдалышы менен журналисттердин да сапатына көңүл бурулган. Эфирге дикторлор менен бирге журналисттер да чыга баштаган. Алардын тышкы келбетине, кийимине да каражаттар бөлүнүп турган.

Маалыматтарды кагаздан окуп жүргөн, ошол эле учурда элдин сүймөнчүлүгүнө алынган Гүлшан Молдоева, Бактыбек Мамытов, Айнура Кабатай кызы  ж.б. дикторлор башка редакцияларга которулуп, маалымат берүүлөрдү өздөрү жаза алган, окуй алган, алып бара алган жаш кадрлар менен алмаштырылды. “Ала-Тоо” борборун Мырзакул Мамбеталиев, Бөлөкбай Шеримбековдор жетектеп, жаш журналисттердин  тобун даярдап чыгышкан. Телекөрсөтүүдөгү өзгөрүү жана жаңылануу аракеттери эфир аркылуу элге көрүнүп, жылуу пикир жаралган. Маалыматтык программанын журналисттери Г.Кенжеева, И.Ашуров, К.Жолдошев, А.Акматов  1998-жылы болгон Сузактагы суу ташкынын, 1999-2000-жылдардагы Баткен окуясын жеринен чагылдырып, маалыматтарды ачык, так жана ыкчам түрдө жеткирип турушкан **[37, 137-б.]**.

А.Карыпкулов телеканалдын материалдык-техникалык базасын чыңдады, журналисттердин чыгармачыл деңгээлин жогорулатууга мүмкүнчүлүк жаратты. Бирок телеканал бийликтин көз карандылыгынан

арыла алган жок, Президентке бир тараптуу кызмат кылган телеканал катары таанылды.

2005-жылдагы төңкөрүштөн кийин, “Азаттыктын” журналисти Кыяз Молдокасымов “Мамлекеттик телерадиокомпаниясын” жетекчиликке алды. Орун басары Абды Сатаровдун демилгеси менен КТР дүйнөлүк стандарттарга жооп бере турган жаңы заманбап каражаттар менен толуктала баштаган. Журналисттер жана операторлор компьютерлер менен камсыздалган. Маалыматтык программалардын сапатына көңүл бурулган.

2007-жылы “мамлекеттик-улуттук” деген макам “улуттук” деп алмашылып, “Улуттук телерадио берүүлөр корпорациясы” деген аталышка ээ болду. Белгилүү журналист Мелис Эшимканов телеканалга жетекчи болуп, мамлекеттик аттестация жүргүзүү менен кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга аракет жасады жана керектүү маалыматтарды чыгарып турган КТР “Обо” гезитин жапкан. М.Эшимкановдон кийин К. Урумканова үч ай иштеди, андан кийин журналист К.Оторбаев КТРди 2010-жылдын апрель революциясынан тарта жетектеди.

Кыргыз Республикасында “демократиялык телекөрсөтүүнү” түптөө аракети өлкө көз карандысыздыкка ээ болгондон тартып эле башталган. Телекөрсөтүүнүн иши жарандык жана кылмыш укуктарына, ошондой эле башка укуктук багыттарга туура келген нормативдик-укуктук актылар жана эл аралык келишимдер менен негизделген. Кыргызстандагы ишмердүүлүктөрүн жөнгө сала турган башкы мыйзамдык база – Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Бул жерде “мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары адамдын макулдугусуз анын жеке турмушу тууралуу маалыматты, жашыруун маалыматты жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга жол берилбейт” деп белгиленген. Мындан тышкары, 20-беренесинин 1-бөлүмүндө “Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек” деп белгиленген **[41].**

Конституциялык мыйзамдар массалык маалымат каражаттарынын, анын ичинде телекөрсөтүүнүн лигитимдүү экендигин аныктап бере алды. Объективдүүлүк жана чындык принциптери аныкталган. Ачыктык принцибинин негизинде мамлекеттик, коомдук жана жеке менчик ишканалар ММКга маалыматтарды толугу менен берилиши милдеттендирилген. Бул ММКнын адамдар, топтор жана өлкөлөр ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана толеранттуулук атмосферасын түзүүгө жол ачаарын билдирет.

Бул багытта “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” деген мыйзам укуктук актылардын түрүн аныктайт. Буга кошумча “Мамлекеттик сырларды коргоо жөнүндө”, “Маалымат жөнүндө”, “Кесиптик ишмердикти коргоо жөнүндө”, “Жарнама жөнүндө”, “Маалыматка болгон эркиндик жана кепилдиктер жөнүндө”, “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндөгү” мыйзамдар толуктайт. Коомдун жана ар бир жарандын маалымат менен камсыздалышы ар тармак боюнча (экономикада, саясатта, маданиятта) өнүгүүнүн кепилдиги боло алат.

“Кыргызстандагы медиа-ландшафт мамлекеттин суверендүүлүк макамын алгандан тарта чукул өзгөрүүгө дуушар болду. 1990-2001-жылдар ММК үчүн оңой болгон жок. 1990-жылдардын экинчи жарыма чейин Кыргызстандын маалымат айдыңындагы процесстер россиялык журналистикадагы процесстер менен эриш аркаш болуп келген. Азыркы учурда дагы маалымат жаатындагы Россиянын тажрыйбасы кыргыз журналистикасына таасир этип келет” деп Г. Ибраева белгилеген **[27, 303-б].**

Эгемендүүлүктүн натыйжасында кабыл алынган мыйзамдардын жана жарлыктардын негизинде журналисттер өз кызматында партиялык жана мамлекеттик күч менен таңуулоо саясатынан арылып, республикада болуп жаткан окуяларды жана кубулуштарды массалык маалымдоо каражаттарына тиешелүү болгон демократиялык принциптердин негизинде чагылдырууга мүмкүнчүлүк алышкан эле. Бирок бийликтин бул токтому көпкө кармалбай, эрежелер бузула баштаган жана өкүнүчтүү окуялар менен аяктап жатты.

Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүүсүн айрым изилдөөчүлөр беш этапка бөлүп карашат. Масс-медианын өнүгүү хронологиясына ылайык, этаптарды А.Сатылканова минтип мүнөздөгөн:

1-этап (1991-1992-жж.) ММКнын эркин деп жарыяланышы. 1992-жылы кабыл алынган "Массалык маалымат каражаттары жөнүндө" Мыйзам коммуникациянын коммерциялык мүнөзгө ээ болуусуна түрткү болгон.

2-этап (1992-1995-жж.) Бул мезгилде ММКнын мамлекеттик бийликтен алыстоо аракети байкалып, массалык маалымат каражаттарынын ролун жана функцияларын бөлүштүрүүгө байланышкан жеке позициялар ачыкталган. Мамлекеттен көз карандысыз эң алгачкы "Пирамида" телерадио компаниясы (1992-жыл) негизделген. Андан кийин "КООРТ", "ВОССТ", "НБТ", "Асман ТВ" телеканалдар ишке киргизилди.

3-этап (1996-1999-жж.) Мында медиа-коомчулуктун өзүн-өзү каржылоо аракети жана эркин ММКнын өнүгүүсү байкалган. Бул этап менен бийликтен таптакыр көз карандысыз болуу мүмкүнчүлүгү жаралган. 1996-жылы Кыргызстанда ММК өндүрүш ишканалары менен теңделип, салык төлөөгө мажбурланган: кошумча нарк салыгына - 20 пайыз, кирешеден - 30 пайыз, түз жана кыйыр салыктар үчүн – 8 пайыз төлөнүп турган. Мындан тышкары, соттук териштирүүлөр жана журналисттерди куугунтуктоолор күчөгөн. Бийлик көзөмөлдөп туруу максатында аракеттерди баштаган.

4-этап (1999-жылдан башталат). Медиа-менчикти уюштуруу жана бөлүштүрүү аракеттери. Бул мамлекет тарабынан көзөмөлдү күчөтүү шартындагы медиа-холдингдерди түзүү эле.

5-этап (2010-жылы орун алды). Маалымат айдыңындагы жана медиа рыноктогу радикалдуу өзгөрүүлөр болду. Мамлекеттик телерадио коомдук телевидениенин түрүнө өттү **[42, 46-47-бб.].**

Автордун изилдөө аракеттери ММКнын өнүгүү, өзгөрүү доору менен чектелет, демек ушуга байланыштуу ошол доордун ичиндеги көрүнүштөрдү чагылдырган. Бирок, 2005-жылдагы аракеттерди камтыган эмес. Андан кийин дагы үч президент алмашып, төртүнчү президенттин (С. Жээнбеков)

башкаруусу да 2020-жылы бүткөн. Ал эми коомдук телекөрсөтүүнүн формалдуу белгилери гана ишке ашырылды (көзөмөлдөө кеңеши), бирок бул “кеңешти” бийлик тизгиндеп турду.

Этапка бөлүштүрүүнү жалпы элдик шайлоо менен бийликке келген өлкө башкаруучунун ар биринин мөөнөтүнө жараша бөлсөк туура болот. Анткени телеканалдын жетекчисин президент дайындаган жана президенттин буйруктарын аткарышкан. Ошондо маасалык маалымат каражаттары (ММК) президенттердин башкаруу мөөнөтүнө байланыштуу минтип белгиленет.

1-этап –1991-2005-жылдардагы ММК;

2-этап – 2006-2010-жылдардагы ММК;

3-этап – 2011-2017-жылдардагы ММК;

4-этап – 2018-2020-жылдардагы ММК;

5-этап – 2021-жылы башталды.

Буга кошумча “Роза Отунбаеванын учурундагы ММК” деп тиркеме кылсак болот (бир жарым жыл өлкөнү башкарды). Элдин шайлоосунан өткөн жок, бирок президенттин милдетин аткарды. Ар бир президент өз колу менен өзүнө жаккан инсанды улуттук телерадионун жетекчилигине дайындаган. Мындай дайындоолордо негизги критерий (көрсөткүч) катары профессионалдык деңгээл каралган эмес, себеби президенттерге ийкемдүү аткаруучулар (исполнители) керек болгон. Объективдүү көз караш артка жылып, биринчи катарга субъективдүү фактор чыккан.

Көз карандысыз Кыргызстандын тарыхында ММКга болгон кысым А.Акаевдин башкаруу жылдарында парламенттин “Свободные горы” гезитининин жабылышы менен башталган. Олуттуу мыйзам бузуулар менен гезиттин “жок кылынышы” дүйнө коомчулугуна тез эле тараган. Бул кадам менен “Республика”, “Кыргыз Руху”, “Дело №”, “Политика” гезиттерин кысымга алууга жол ачылган.

Демократиялуу жаш мамлекетте ошол жылдары, же 1994-жылга карата Минюсттун каттоосунда 76 гезит, 27 журнал, 12 бюллетень болгон. Алардын 20сы Бишкек шаарында чыгарылган. Басма сөзү жок саясатты элестетүү

мүмкүн эмес. Ошол жылдары “Вечерний Бишкек”, “Асаба”, “Дело №”, “Слово Кыргызстана”, “Кыргыз Руху” гезиттери массалык окурмандарга ээ эле. Телерадио тармагына келсек, жалпы республикага жаңылыктарды жеткирүүнү Кыргыз телерадиоберүүлөр комитети (КТР) аткарган **[40, 164-б].**

КТР аркылуу бийликти жана Президентти жактоо саясаты тынымсыз жүргүзүлүп турду. Бул боюнча А.Карыпкулов: “Республиканын Президенти мамлекеттин башчысы. Ал жогорку бийликке ээ жана коомдун абалы жана өлкөнүн тагдыры үчүн жоопкерчилик алган. КТРдин чыгармачыл-өндүрүштүк бирикмелери президенттин ишмердүүлүгүн чагылдырууну биринчи милдет катары кабылдаган. Мамлекеттик телеканал президенттин эл менен түз байланышта болуп туруусуна өбөлгө болгонун белгилеп кетишим керек. Социологиялык сурамжылоолор көрсөткөндөй, мындай программалар телеканалдын көрүүчүлөрүнүн санын жогорулатты” деген **[37, 151-152-бб].** Ооба, бирок жогорулоо менен бирге мамлекеттик телерадиого эл тараптан “рост недовольства”  да болгон.

Жакпаган саясатчыларды, журналисттерди камоо, коркутуу, куугунтуктоо аракеттери күч алган биринчи президенттин башкаруу жылдарында акыйкаттыкты талап кылган пикетчилерге күч колдонулган учурлар көп болгон. Чуулгандуу мындай окуялар Феликс Куловдун камалышы менен курчуй баштаган. Албетте, аша чапкан бийликтин кысымы акыры коомдун “жарылуусуна” алып келди. Адамдардын өлүмү менен коштолгон каргашалуу окуя 2002-жылдын 17-мартында Аксыда орун алды. Бул окуянын ММК, анын ичинде Кыргыз телерадиокомпаниясы, же жалпыга белгилүү болгон КТР аркылуу кандай чагылдырылганына кеңири анализ беребиз.

Кыргызстандын демократиялык өнүгүүсүнүн бурулуш баскычы катары сыпатталган 2002-жылдагы Аксы окуяларын кыргыз телерадиосу, же ошол кезде жалпыга КТР катары белгилүү болгон Кыргыз мамлекеттик телерадиоберүүлөр корпорациясы тарабынан чагылдырылышы бул окуянын каргашалуу мүнөзгө өтүп кетишине негиз болду. Жалпы кыргызстандыктарга

жеткиликтүү болгон мамлекеттик телекөрсөтүүнүн окуяны бир тараптуу чагылдырышы, Азимбек Бекназаровду бир беткей каралоосу элдин нааразылыгын ого бетер курчутуп, абалды туңгуюкка кептеген.

Тарых илимдеринин доктору, профессор А.Акунов “Аксы окуясынын башаты Ат-Башыдагы мамлекеттик чек ара боюндагы Үзөңгү-Кууш тоо кыркаларынын бөлүгүнүн Кыргызстанга тиешелүү делген 90 миң гектар жерин Кытайга өткөрүп берүүнү жалгыз өзү чечип салган деп Президент А.Акаевди катуу сынга алган Жогорку Кеңештин ошол мезгилдеги Аксы шайлоо округунан депутаты А.Бекназаровдун артынан расмий бийликтин сая түшүп куугунтукка алынышынан башталган” дейт **[43, 122-б].**

2002-жылы 17-мартта ошол кездеги Жогорку Кеңештин депутаты Азимбек Бекназаровдун камалышы боюнча жергиликтүү эл нааразычылык жүрүшүнө чыккан. Аларды токтотуу боюнча Боспиекте тартип коргоо кызматкерлери күч колдонуп, ок чыгарып, анын кесепетинен алты адам каза болуп, бир катарлары ур-токмокко алынган. Бул боюнча тартип коргоо органдары тарабынан атайын “Тайфун” операциясы иштелип чыгып, колдонулган. Бирок бийликтин бул аракеттери элдик толкундоону токтото алган эмес. Ошол эле учурда мамлекеттик маалымдоо каражаттары, алардын сап башында турган КТР элди тынчтыкка үндөөнүн ордуна, алардын кыжырына тие турган материалдарды байма-бай даярдап, абалды курчуткан.

КТРге болгон элдин нааразылыгы күчөп, бийлик мамлекеттик ММКлардын окуя учурундагы иш-аракеттерин талдоого алууга мажбур болгон. “Ак үйгө өбөктөгөн ММКнын жетекчилери жана журналисттери элдин нааразычылыгынын башкы себептерин көз көрүнөө жаап-жашырып, күндөп-түндөп жалган маалыматтарды жаадырып, коомчулуктун аң-сезимин чындыктан алыстатуу максатын көздөгөн идеологиялык калканычты камсыз кылууга катуу жанталашкан” **[44, 199-б.].**

Жогорку Кеңештин парламенттик комиссиясынын төрагасы Д.Садырбаев КТРдан чыккан журналист Н.Кочкоровдун программасын минтип баалаган. “Кочкоров жалган кабар таркатуу жагынан жанталашып эч

кимди алдына салбады. Бул калемгер заманбап журналисттик этиканы мындай кой, адамзатка тиешелүү адеп-ахлак ыйыктыгын тебелеп-тепсеп, арбакка шек келтирген иш жасоого чейин барды. Көпчүлүктүн көңүлүнүн үшүн алган телерепортаж жасап, экрандан көрсөткөн" деген **[44, 200-б].**

Бирок комиссиянын бул тыянактарына КТРдин ошол кездеги жетекчиси макул эместигин билдирип, "мындай чечим чыгаруу үчүн Аксы окуясына байланышкан бардык көрсөтүүлөрдү карап чыгуу керек эле" деген пикирде болгон. КТРдин журналисти Н.Кочкоров да өз чындыгына таянган. "Комиссия Аксы окуясына кесипкөй деңгээлде баа бере алган жок. Комиссия кандай негиз менен КТРдин жана Кочкоровдун кемчиликтери менен каталарын санап жатат. "Агым" гезитиндеги калп жана туура эмес маалыматтар жөнүндө бир сөз айтылбайт". "...Бардыгы калп. Кылмыш кодексинде жалган маалымат таратуу боюнча берене бар. Сөздүн акыйкаттыгы бузулду" **[45].**

22-май күнү КТР "Ала-Тоо" маалымат программасы аркылуу өлкөнүн вице-премьери Николай Танаевдин Коопсуздук кеңешинин мүчөлөрүнүн алдында сүйлөгөн сөзүн берген. "Калк көз карандысыз ММКларга көп маани берүүдө. Ал эми мамлекеттик басылмалар менен телерадиого эч ким ишенбей калды. Бийлик бул багытта иштеши кажет. Биз маалыматтык айдыңды жоготуп алдык" деген. Орус тилиндеги тексти төмөндөгүдөй болгон: "Население отдает предпочтение независимым СМИ, а правительственных газет никто не читает. Власть должна усиленно поработать в этом направлении. Мы потеряли информационное пространство" **[46].**

"Моя столица" гезитинин шеф-редактору Геннадий Кузьминдин баамында, мамлекеттик ММК аркылуу аксылыктардын намысына тийген маалыматтар өтө көп берилген. Мамлекеттик ММК А.Бекназаровду сындап гана тим болбостон, милициянын огунан каза тапкан адамдардын дарегине шылдың маалыматтарды берип жатты. Кузьминдин пикиринде, Аксы окуясы учурунда "Ак үй" тарабынан жүргүзүлгөн пиар-компанияда мамлекеттик катчынын таасири чоң болгон. "Госекретарь в эксклюзивном интервью "Слову Кыргызстана" 15 января предначертал основополагающие моменты для

освещения в государственных СМИ: “депутата Бекназарова справедливо бросили за решетку, а те, кто его поддерживает – политиканы”. “Несмотря на то, что окончательное решение суда в отношении депутата еще не было принято, госсекретарь сам вынес суровый приговор”, — дейт **[47].**

Бирок, 2002-жылы Мамлекеттик катчы, ишти айкалыштыруу менен УТРКнын коомдук-байкоочу кеңешинин төрагасы болуп турган Осмонакун Ибраимов “Негизги каталык – жаңжал башталган кезде ошол жогорку эшелондогу, же болбосо эң үстүңкү жетекчи кызматта иштегендер эртерээк барып, эл менен сүйлөшүп, кабар алыш керек болучу. Тилекке каршы, ошол иш жасалган жок. Бул жерде жалаң эле бийликти күнөөлөгөн өтө туура эмес. Азимбек Бекназаров үчүн элдин баары түп көтөрүлүп, коргойбуз деп чыкты, бирок, орусча айтканда, "он этого категорически не стоил". Андан бери 13 жыл өттү. Убагында сүйлөшүп, элдин айтканын угуп, койгон талаптарынын көбүн болбосо да бир тобун аткарып койсо, эл тынчып эле калмак, ошол жасалган жок”. “...Бардык иш аракеттер Президенттин Администрация жетекчисинин жеке көзөмөлүндө болуп, ал күч органдарынан кабар алып, жыйындарды өткөрүп турган” деп эскерген **[48, 226-230-бб.].**

Серепчилердин айтымында, мамлекеттик ММК менен бирге өкмөттүн идеологиялык иштери да реформалоого муктаж болгон. Аксы окуясын изилдөө боюнча мамлекеттик комиссия өлкөнүн түштүк аймагында болгон толкундоолорго улуттук телерадионун окуяны туура чагылдырбаганы да себеп болгон деди. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик телерадио корпорациясынын депутат А.Бекназаровдун камалышына байланыштуу окуяларды тенденциялуу чагылдырышы Аксы районундагы коомдук-саясий кырдаалды татаалдаткан” **[49, 290-б].** Мамлекеттик комиссия КТРди реформалоонун концепциясын үч айлык мөөнөттүн ичинде иштеп чыгуу үчүн, ишине байкоо жүргүзүү боюнча коомдук байкоочу кеңешти түзүүнү сунуштаган **[49, 292-б].**

Сунуштун негизинде, 2002-жылдын 27-май күнү Президенттин “Кыргыз Республикасынын жалпыга маалымдоо каражаттарынын ролун жана

маанисин жогорулатуу чаралары жөнүндө” жарлыгы чыкты. Улуттук телерадио компаниянынын ишин көзөмөлгө ала турган коомдук-байкоочу кеңеши түзүлүп, анын негизги милдети коомчулук тарабынан катуу сын-пикирге кабылган КТРдин ишмердүүлүгүнө объективдүү баа берүү жана мындан аркы ишмердигин көзөмөлгө алуу болгон. Мамлекеттик телерадиоберүүлөр корпорациясынын алдында мамлекеттик катчы Осмонакун Ибраимовдун төрагалыгында 19 адамдан турган коомдук байкоочу кеңеш түзүлгөн **[50].** Бул кеңеш телеканалдын коомдук функцияларын калыптандыруу максатын көздөгөн, бирок компаниянын ишин өзгөртүүгө, же кандайдыр бир түздөө киргизүүгө, керек болсо компаниянын жетекчилерин дайындоо же кызматтан алууга байланышкан башкы укуктарга ээ боло алган эмес.

КТР улам бир катачылыктын артынан башкасын уланта берген. 23-майдан 24-майга караган түнү кыргыз телекөрсөтүүсү парламенттин жыйынын көрсөтүп жатып, иши үзгүлтүккө учураган. Жаш курагы боюнча депутаттардан улуу Б.Акунов сүйлөп бүтөөрү менен телеканалдын ишинде үзгүлтүк болуп, кийинки күнү эртең менен гана иштей баштаган. Б.Акунов өз сөзүндө ошол кездеги президент Аскар Акаевге Жогорку Кеңештин трибунасынан кайрылып, ишти импичмент процедурасына жеткирбестен өз каалоосу менен кызматтан кетүү кеңешин берген. Эл өкүлүнүн мындай билдирүүсүнөн кийин КТР ишин токтотот. Телеканалдын жетекчилиги бул окуяны каналдын кокустан иштен чыгышы менен түшүндүрүүгө аракет кылган. Бирок телекөрүүчүлөр мындай чукул чечимди Б.Акуновдун курч сөзүнөн кийинки аргасыз кадам катары баалаган **[51].**

2002-жылдын 31-майында президент Аскар Акаев журналисттер менен жолугушуу өткөрүп, ал КТР аркылуу көрсөтүлгөн. Ошондо ал 2005-жылы боло турган президенттик шайлоого талапкерлигин койбой турганын билдирет. Мындай билдирүүсүн ал өлкөдө мамлекетти башкарып кетүүгө татыктуу көп адамдар бар экени менен түшүндүргөн. Акаев өкмөт тарабынан мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын аброюн көтөрүү жана калк

арасында ишенимин кайтаруу үчүн аракет көрүлөөрүн билдирген. Аксы окуясы боюнча пикиринде Акаев “Мамлекеттик телерадионун берүүлөрү алыскы аймактардагы элге жетпейт, ошондуктан Аксы окуясы башка айрым ММК тарабынан жалган жана ашыкча кошумчаланган маалыматтар менен берилип жатты” деген тыянагын билдирди **[52].**

Кыргыз депутаттары улуттук каналдан чыгып сүйлөөдөн баш тарткан учурлары да болгон. Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты Исмаил Исаков жана Абсамат Масалиев кыргыз-кытай чек арасын делимитациялоо маселесине арналган мамлекеттик телеканалдын көрсөтүүсүнө катышуудан баш тарткан. Эл өкүлдөрү мындай кадамын көрсөтүү кызыктар тарап аркылуу оңдолуп, ыңгайсыз сөздөрү кесилип, көрсөтүү бийлик каалаган өңүттө даярдалып көрсөтүлөт деп түшүндүргөн.

Депутаттар Оксана Малеванная жана Азимбек Бекназаров Улуттук телеканалдын жетекчисинин иштен кетүүсүн талап кылышты. Алар мамлекеттик канал парламенттин “Жогорку Кеңештин жыйынын түз алып көрсөтүү керек” деген чечимин аткарбай жатат дешкен. 2002-жылдын 31-май күнү депутаттар “Мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердүүлүгүн мамлекеттик массалык маалымат каражаттарында чагылдыруу жөнүндө” Мыйзамын кабыл алган. Бул документ мамлекеттик ММКларды өлкөдөгү маанилүү иш чараларды толугу менен түз көрсөтүүгө милдеттендирген **[53].**

Кыргызстандын бийлиги маалыматтык согуштан утулганын моюнга алган. Аксы окуясынан кийинки саясий кризис мамлекеттик ММК, анын ичинде Мамлекеттик телерадиоберүүлөр корпорациясын реформа кылуу зарылдыгы чыкты. Калктын өкмөттүк ММКлардын өндүрүмүнө болгон суроо-талабы эчак жокко чыгып, ишенимден кеткен. Бирок бул кырдаалды өкмөт эсепке алган эмес. Аксы окуясынан кийин гана өкмөт мамлекеттик ММКы туура эмес багытты тандап алганына макул болууга аргасыз кылды.

Эл “Азаттык”, Би-би-си”, “Агым” жана “Аалам” өңдүү көз карандысыз ММКдан маалымат алууга аракеттенген, анткени алар окуяны ачык берип турган. Ал эми өкмөттүк ММК шылдыңдаган комментарийлер менен

чектелген. Шайлоочуларды жана камакка алынган депутаттын тарапташтарын шылдыңдаган, бурмаланган көрсөтүүлөрдү көрбөй коюу үчүн Аксы районунун бир тургуну телевизорун талкалып ыргытып жибергени да гезит беттеринен орун алган.

Тележурналист, ошол кездеги депутат жана мамлекеттик комиссиянын мүчөсү О.Малеванная минтип айткан. "Аксы окуясын чагылдырууда КТРК терс роль ойногон. Жүздөгөн адамдар ачарчылык жарыялап жатса, КТРК Аксы районунда эч ким ачкачылыкка чыккан жок деп билдирди. Милициянын курал колдонуунун натыйжасында 5 адам өлтүрүлгөнүн жакшы билип туруп КТРК башынан жарат алып 2 адам каза болду жана милициянын бул окуяга тиешеси жок деген маалыматты тараткан. Окуянын мындай чагылдырылышы элдин кыжырын келтирген" **[54].**

Ошол эле учурда Аксы районунун жашоочулары КТР (Кыргыз телерадиоберүүлөр) коомчулук алдында өз күнөөсүн моюнга албаса жана кечирим сурабаса алар Мамлекеттик телерадионун имаратына барып каршылык акциясына чыгаарын билдиришкен. Анда КТРди Карыпкуловдун ишенимдүү адамдары жетектеп турган. Белгилүү журналист Б.Букашева бул жөнүндө мындай билдирген: "Карыпкулов был значимой и весьма одиозной фигурой... Журналисты прозвали КТР «Карыпкуловтун кара жащиги» - черный ящик Карыпкулова. Секретарь ЦК по идеологии сделал его идеологическим рупором режима, очерняя оппозицию и восхваляя Акаева" **[55**].

2012-жылы Аксы окуясын эскерүү иш-чарасында КТРКнын (Коомдук телерадио) башкы директору К.Оторбаев: "Ушул окуялардын кесепетинен кийин КТР "кара ящик" аталып калганын моюнга алышыбыз керек. А.Акаевдин жана анын жан-жөөкөрлөрүнүн буйругу менен КТР аркылуу Аксы окуясы жөнүндө, анын курмандыктары туурасында бир да маалымат, бир да сөз берилген эмес. Эл милициянын огунан адамдар каза болгонун "Азаттык" аркылуу билишкен. "Азаттык" элдин ишинимине ээ болгон **[56].**

“Азаттыктын” Бишкек бюросунун ошол кездеги жетекчиси Кыяс Молдокасымов “мага Ак үй жактан адамдар ар кандай сунуштарды айтып, акчага сатып алууга аракет кылышты. Өздөрүнүн ал максаты ишке ашпаган соң алар түздөн-түз эле коркутууга өтүштү. Мени УКМКга чакырып алышып, бийликке нааразы болуп сүйлөгөн жарандарды үналгыдан көп чыгарбоону талап кылышып, болбосо башкача болоорун эскертип, түшүнүк кат жазууга мажбурлаган учурлар болду. Ал гана эмес, менин өкмөттө иштеген санаалаштарым “тилге көнбөсө, сени физикалык жок кылуунун жолун ойлонгула деген” сыяктуу көрсөтмө түшкөндүгүн айтышып, “3-4 айга Прагага кете турбайсыңбы” деп сунушташкан учурлар да болду. Бирок биз жоопкерчиликти түшүнүп, сатылган жокпуз, корккон жокпуз. Аягына чейин өзүбүздүн принциптерибизди кармандык” деп эскерген **[57].**

Улуттук телеканалдын калк арасындагы кадыры катуу түшүп, анын берген маалыматтарына карата ишеним жоголгон. Ошондон кийин КТРнын макамы да өзгөрүүгө дуушар болду. Жетекчиси М.Мамбетакунов кызматтан алынып, 2002-жылы Т.Айтикеева дайындалган.

Коомдук кеңештин укугу коомдук функцияларды жөнгө салуу менен гана чектелип, декларативдүү түрдөгү түзүмгө айланган. Бул КТРди Токтош Айтикеева жетектеген учурда пайда болду, анан ал кызматтан кетип, кенештин иши да токтогон. КТРдин идеологиясын түп тамырынан өзгөртүп, реформа жасоо аракеттери мүмкүн болгон. Себеби бийликтин башкаруу системасын өзгөртүш керек эле, анан ошонун негизинде коомдук телерадиоберүү структурасы түзүлмөк.

Акаев режимине кызмат кылган ошол кездеги бийлик адамдары чыныгы маалыматты элден жашырып, туура эмес кылгандыгын мойнуна алышат. Мына ошонун айынан Акаев режими, андан соң Бакиев бийлиги кулагандыгын мисал келтиргендер аз эмес. Би-Би-Си радиосунун ошол кездеги кабарчысы, кийин коомдук болуп өзгөргөн КТРКны жетектеген журналист Султан Жумагулов “Аксы окуясынан далай адамдар саясий упай топтоп, азыркыга чейин чон саясатта жүрүшөт” деп эскерген.

2000-жылдагы Президенттик шайлоодо президент Акаевдин штабы шайлоо астындагы агитациялык үгүт иштеринде ММКда административдик ресурстарды колдонушкан КООРТ телекомпаниясын айтууга болот. Шайлоого жакын калганда "Азаттык" радиосу эфирдик жыштыктан алынып салынган. Президенттин уулу, күйө баласы, жубайы тарабынан башкарыла тургандыгы тууралуу маалыматтар коомго кеңири жайылды, алар: "КООРТ", "НБТ", "Пирамида" телеберүүлөрү, "Love Radio" радиостанциясы, "Айрек" рекламалык агенствосу, "Кыргыз Инфо" маалымат агенствосу, "Кыргыз Телеком, "Эл Кат" сыяктуу медиа тармактар **[58].**

2005-жылы март окуяларында "Макс" радиосу саясий трибунага айланып, Кыргызстандын президенти А.Акаевдин отставкага кетүүсү боюнча чакырык жасады. Буга чейин (27-февралда) Парламенттик шайлоо өткөн. Кыргызстандагы "Internews" уюмунун 2005-жылдагы Парламенттик шайлоонун мониторинги боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктары айтылган: "МТРК жана КООРТ каналында шайлоо алдындагы үгүттөө иштери 26-февраль күнү да уланып турган. Ал эми КРдин Шайлоо кодексинин 31-беренесинин 1-пунктунда «шайлоо алдындагы үгүттөө иштери шайлоо башталганга чейин 24 саат мурун токтотулуш керек деп жазылган" **[59].**

17-февралда Президент А.Акаев МТРК каналы аркылуу "МСН" гезитин "жалган жалаа жапкандыгы үчүн" сотко берерин жалпы коомго ачык билдирген. Ошондой эле 24-февраль күнү ММКрын колдоо фондунун басмаканасынын электр жарыгы өчүрүлүп, гезиттер мындай кырдаалда кошумча генератордун жардамы менен адаттагыдай түстүү эмес, ак-кара түстө басылып чыккан. 18-февраль күнү "Азаттык" радиосу бир айга токтотулуп, ал анан "Алмаз" радиосу аркылуу уктурулуп турду. "Азаттык" 25-мартта мурунку жыштыкта иш алып бара баштады **[59].**

Шайлоого эл аралык байкоочу катары ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу, Парламенттик ассамблеясы жана Европалык парламент серեп салып: "Шайлоодо үгүттөө иштерде масс медианын жана журналистика сферасындагы инфраструктуранын

өнүгүшүнүн чабалдыгы, айрыкча жалпы ММКда профессионалдык журналистиканын стандарттары өнүкпөгөндүгү, белгилүү медиа тобунун финансалык каражаттардын жетишсиздиги байкалган". Бийлик өкүлдөрү редакцияларга каршы сотко арыздарды берип, экономикалык жактан басым-кысым кылгандарына байланыштуу, өлкөдө маалымат булагы болгон телеберүүлөрүн көз карандысыз деп саноого мүмкүн эмес экендигин баса белгилешкен **[60, 310–314-бб.].**

Телекөрсөтүү аркылуу маалымат берүү Кыргызстандын 60 пайыз калкын тейлеген. Анын ичинен мамлекеттик телекөрсөтүү эң жеткиликтүү болуп эсептелген. Бул жылдын башында "Пирамида" телекомпаниясынын сатылышынан кийин Кыргызстанда жергиликтүү көз карандысыз болуп саналган телекомпаниялар калган жок. Шаар жерлеринен тышкары гезит аркылуу маалымат берүү чектелүү түрдө бар, же таптакыр эле жок.

2005-жылдын март айындагы ыңкылапта далай мамлекеттик жана жеке менчик имараттар талкаланып, өрттөнүп, соода жайлары талап-тоноочулукка дуушар болгон. Мындай таландыда калган имараттардын ичинде УТРК бар эле. Телеканалдын ишине наааразы топ имаратка бет алып, көпчүлүктүн деми менен талкаланып калган. Телеканалдын имараты жабыркап, техникалары талкаланып, тонолуп кеткен. "Жоогазын революциясы" аталып калган март ыңкылабы өлкөнүн саясий жана экономикалык өнүгүүсүнө багыт алуусуна жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берди. Бирок окуянын андан аркы өнүгүшү бул үмүттөрдү четке какты. Мурунку президентке кызмат кылган УТРК кийинки президенттин саясатын жүргүзүүгө өттү.

Бирок саясий күчтөр жарандык демилгелерди колдоого алып, "Улуттук телерадио берүүлөр корпорациясын" "коомдук" кылып кайра түзүү маселесин улуттук стратегияга киргизүүгө салым кошту. Коомчулуктун катуу талабы аркылуу 2007-жылы президент Курманбек Бакиев депутаттар менен медиа уюмдардын биргелешип иштеп чыккан Мыйзамына кол койгон. Мыйзам парламент тарабынан 2006-жылдын 8-июнунда кабыл алынган.

Революциядан кийин, 2006-жылдын ноябрь айына чейин телеканал бир жактуу гана көз карашты чагылдырып турган. Мындай абал оппозицияны колдоп чыккан тараптарды ого бетер кыжырлантты, себеби көз карандысыз телеберүүлөр Кыргызстандын бардык аймактарын камсыз кыла алган эмес. 5-ноябрда 2000-2500дөй адам УТРКнын административдик имаратынын алдына чогулуп, “Реформа үчүн” кыймылынын лидерлерине түз эфирден орун берүүсүн талап кылышкан.

2006-жылы 7-ноябрда өлкөдө кайрадан мамлекет үчүн жаңы бурулушту, өзгөрүүнү, саясий системаны реформалоону талап кылган көп адамдын катышуусунда митинг өттү. Бул ири акция мөөнөтсүз деп белгиленип, борбордук аянтка чогулган 30-40 миң адам бийликтен өз талаптарын аткарылышын талап кылышты. Митингдин катышуучулары бул маалыматтарды жалпы Кыргызстандын калкы билиши керек деп, УТРК аркылуу көрсөтүүнү талап кылышкан.

Телеканалдын кызматкерлери бул митингди эфирге чыгарбай коё алган эмес. Себеби, УТРКнын кызматкерлери да коомдун бир бөлүгү же граждандары катары бийликтин жүргүзгөн иш аракеттеринен, бийликтин куралы болуудан тажап бүтүшкөн эле. Буга байланыштуу 2006-жылы 6-ноябрда “Фергана.ру” малымат агенттигине жарыяланган редакторлор Тамара Валиева, Жылдыз Муслимова жана башка кызматкерлердин билдирүүлөрү менен негиздөөгө болот **[61].**

2006-жылы 9-ноябрда К.Бакиев парламенттин укуктары кеңейтилген, президенттин укуктары кыскартылган Конституциянын жаңы редакциясына кол коёт, бирок бул Конституция көпкө жашаган жок. “ММКга чабул 2007” журналисттерди коргоо боюнча эл аралык комитеттин отчетунда төмөндөгүдөй баяндалган: “Кыргызстанга тиешелүү “жакырчылык, коррупция жана кылмыштуулук” менен эффективдүү күрөшө албай жаткан учурдагы бийлик саясий башаламандык аракеттерине көбүрөөк көңүл бөлүп, оппозициялык партияларга, граждандык коомдун активисттерине жана көз

карандысыз журналисттерге болгон көзөмөлүн жоготуп койбош үчүн көбүрөөк авторитардык саясий методго ыктап жатат” **[62].**

Жалпы жонунан 2006-жылы журналисттерге ар кандай 40тан ашык кол салуулар болсо, 2008-жылы ММКларга жана журналисттерге тиешелүү 50дөн ашык сот процесстери катталган. “НТСтин” жетекчилиги куугунтукка кабылса, “Пирамида” каналы соттук доолорго кептелген. 2009-жылы 23-июлда президенттик шайлоо өткөрүлгөн.

2009-жылы Кыргызстандын “Өнүктүрүү, инвестиция жана инновациялар боюнча борбордук агенттигинин” жетекчилигине президенттин уулу дайындалды. Дал ушул өңдүү дайындоолордон кийин бийликте “үй-бүлөлүк башкаруу” илдети өрчүп кеткени, өлкө биротоло бир үй-бүлөнүн менчигине айланганы тууралуу коомдук пикирлер айтыла баштады. Кыргыз телекөрсөтүүсү мындай дайындоолорду “мамлекеттик мекемелер кесипкөйлөргө ишенилип берилүүдө” деген мааниде үзгүлтүксүз берип турду.

Ошол жылдагы оппозициянын жана элдин талабы өлкөдөгү жылуулук жана электр энергиясынын тарифин өзгөртүү, “Кыргызтелеком”, “Түндүкэлектр” ишканаларын кайрадан мамлекеттик балanska өткөзүү, өлкө президентинин жакын туугандарын кызматтан четтетүү жана камакка алынган айрым саясатчы, кызматкерлерди бошотуу болчу. Натыйжада, 2010-жылы жаз айынан баштап элдин бийликке болгон нааразычылыгы күч алды. Региондордогу бийликке каршы акциялар улам көбөйүп, эл кайрадан экинчи жолу толкуду. Мындай терс окуялардын алкагында КТР жабыркады, талкаланды.

2010-жылдын 7-апрелиндеги тарыхый бурулуш кан төгүүлөр менен аяктады. Ошол күнкү болуп жаткан окуяларды жалгыз НБТ телеберүүсү комментарийсиз түз эфир аркылуу чагылдырып турду. Андан кийин демонстранттардын кийлигишүүсү менен УТРК телеберүүсү, ЭлТР каналы аркылуу берүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

2010-жылдан тарта КТРК менен ЭлТР мыйзам талап кылгандай, телеберүү аркылуу теледебаттарды алып көрсөтүүнү уюштуруп турушту.

Коомдук телеканалдын теледебаттары көрөрмандарды эфирге түздөн-түз катыштыруу форматын колдонгон. Башкача айтканда, жарандардын өз көйгөйлөрүн кызыктырган тиешелүү суроолорду берүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. КТРК шайлоочуларды маалымдоо үчүн пикир алышуунун маанилүү жолун камсыз кылганы менен, ошол эле учурда алып баруучулардын айрым талапкерлерге калыс эмес мамиле жасагандыгын билдирген көптөгөн наарazychылыктарга да туш болду.

Шайлоо мезгилинде жүргүзүлгөн мониторинг боюнча КТРК саясатка байланыштуу берүүлөрүнүн 24%ын өкмөттүн иш-аракеттерине арнап, алардын бир кыйла бөлүгү өткөөл мезгилдеги Убактылуу өкмөттүн жетишкендиктери жөнүндө кабарлады. Мындай кабарлар көпчүлүк учурда ошол кезде өнөктүккө талапкерлердин бири (ошол мезгилде шайлоого байланыштуу кызматтан четтеген эле) премьер-министр А.Атамбаевге байланыштуу болгон. Мамлекеттик ЭлТР каналы да буга окшош мамиле жасап, саясий жаңылыктарынын 21%ын Өкмөткө арнап, ал туурасында көбүнесе оң маанайда жаңылыктарды берди. НТС 37 % убактысын бөлгөн.

“5-канал” жаңылык программаларында бир катар жарнама кабарларын берүү аркылуу көз көрүнөө А.Атамбаевге артыкчылык бергенин көрсөттү. Ал эми, Коомдук кыргыз радиосу өзүнүн жаңылыктар программаларында бийликтин иш-аракеттерин ашыра чагылдырып келсе, “Азаттык” радиосу ырааттуу түрдө өнөктүк окуялары жөнүндө маалымдап, анын ичинде митингдерден алынган кабарларды берип турду. Жалпысынан аталган станция талапкерлерди сыпаттоодо тең салмакты сактап, А.Атамбаевге, К.Ташиевге жана А.Мадумаровго салыштырмалуу бирдей маанайда баа берип, бирдей убакыт бөлдү **[62].**

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 30-апрелиндеги декрети менен өлкөнүн негизги телеканалы – “Коомдук телерадио берүүлөр корпорациясы” (КТРК) деп аталды. Бул аркылуу коомчулук өзүнүн ой-пикирин коомдук телерадио аркылуу ачык айтуу мүмкүнчүлүгүн ала баштады. Жарандар “коомдук пикирдин жарчысы, элдин

жарчысы” болгон көз карандысыз Коомдук телерадиого ээ болдук деп үмүттөнүштү, бирок бул жолу да (экинчи революциядан кийин деле) бийлик телерадиого болгон көзөмөлүн бат эле ордуна келтирди. Бул ишти үчүнчү президент (А.Атамбаев) аткарды. Мазмуну жагы ушундай болду, ал эми формасы реформа жасалгандай калыпка түштү (биринчи революциядан кийинки акыбалга окшоду). Бул жерден окуяларды биз хронологиялык иретте берсек, көрүнүш мындай болгон: “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадио берүүлөр корпорациясы жөнүндө” мыйзам кабыл алынды, КТРКнын Байкоочу Кеңеши түзүлдү, КТРКнын редакциялык саясаты иштелип чыкты, “КТРКнын 2013-2015-жылдарга багытталган “Өнүгүү стратегиясы” жазылды, бул жаңы кадам катары сезилди. Анан жаңы телеканалдар ачылды, онлайн тартибин эске алуу менен интернет сайты иштелип чыкты. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 25-августундагы жарлыгы менен КТРКнын Байкоочу Кеңеши дайындалды. 15 мүчөдөн турган кеңештин курамына маданият ишмерлери, журналисттер жана интеллигенция өкүлдөрү кирди.

Коомдук телеканалга тиешелүү аракеттер (жана анти-аракеттер) жөнүндө кеңири сөз диссертациянын кийинки бөлүмүндө болот.

**Биринчи бөлүмгө тыянак:**

Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын өнүгүү тенденциясын изилдөө учурунда телекөрсөтүүнүн тарыхына жана ишмердүүлүгүнө сереп салып, тыянак чыгарылды:

Эгемендүү Кыргызстандын телекөрсөтүүсү үчүн “Мамлекеттик телерадиоберүүлөр компаниясын түзүү” жарлыгы маанилүү багыт болду. Жарлыктын негизинде партиялык, коомдук уюмдар менен кыймылдардын, министрликтер менен мекемелердин компаниянын чыгармачыл-өндүрүштүк ишмердүүлүгүнө кийлигишүүсүнө тыюу салынышы маалыматтык программалардын ачык-айкын иштөөсүнө жол ачты. Маалыматтык программалардын журналисттери көп жылга созулган партиялык жана

мамлекеттик көзөмөлдөн кутулуп, окуяларды ачык чагылдыруу укугуна ээ болду. Кыргызстандын Мамлекеттик телерадио компаниясы ишмердүүлүгүн (ички түзүм, кадрлар маселеси, көрсөтүүлөрдү уюштуруу, байланышты жана кызматташтыкты жакшыртуу ж.б) өз алдынча жүргүзө баштады. “ММК жөнүндө” Мыйзам (1991-ж) телеканалдардын ишин жандантты. «КООРТ», «Пирамида», «ВОССТ», НБТ ж.б жеке телеканалдар негизделди. Реклама жана коммерциялык аракеттер, буйрутмалар, демөөрчүлүк колдоолор ж.б киреше булагы болгон. Россиянын ОРТ, РТР, ТВ-центр, ТВ-6, НТВ ж.б маалыматтык программалары сунушталып турган.

1998-жылы Мамлекеттик телерадиоберүүлөр компаниясынын базасында Мамлекеттик телерадиоберүүлөр корпорациясы түзүлүп, структуралык өзгөрүүлөр орун алды. Башкы редакциялар кыскарып, маалыматтык программаларды берүүгө ыңгайлашкан «Маалымат» жана «Рух» продюсердик борборлору негизделди. Маалыматтык программалардын курамы жаңыланып, материалдык-техникалык базасы чыңдалган. Журналисттер автордук программалары менен эфирге чыга баштаган. Бирок Акаевдин жана Бакиевдин дооруна туура келген КТР президенттин ишмердүүлүгүн үгүттөөчү негизги ММК айланды. Маалыматтык программалар президенттин ишин чагылдыруу менен башталып, көп убактысын бийликти даңазалоого бөлгөн. 2008-жылы телевидениенин курамынан облустук телерадио компаниялар жана симфониялык оркестр чыгарылып, Маданият министрлигине кошулган. КТР аймактарга маалыматтарды берүү багытындагы чоң мүмкүнчүлүгүн жоготту. Азыр облустук ТРКды кайрадан КТРК курамына киргизүү аракеттери болгону менен ишке ашыруу кыйынчылыгы бар.

2010-жылы “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадио берүүлөр корпорациясы жөнүндө” мыйзам кабыл алынды, КТРКнын Байкоочу Кеңеши түзүлдү, КТРКнын редакциялык саясаты иштелип чыкты. “КТРКнын 2013-2015-жылдарга багытталган “Өнүгүү стратегиясы” жазылды, бул жаңы кадам катары сезилди. Анан жаңы телеканалдар ачылды, онлайн тартибин эске алуу

менен интернет сайты иштелип чыкты. Бирок маалыматтык программаларды берүүдө бир тараптуулук, бийликтин буйрутмасын аткаруу аракеттери байкалып жатты жана аны жоюу мүмкүн болбоду.

## II БӨЛҮМ

## КООМДУК ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮНҮН МААЛЫМАТТЫК ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ

### 2.1.Коомдук телекөрсөтүүнүн эл аралык стандарттары

Коомдук макамга ээ массалык маалымат каражаттары – бул ар бир жарандын ой пикирди эркин билдирүү укугу менен тыгыз байланышкан демократиянын маанилүү институттарынын бири. Бул институт медиа айдыңдагы ар түрдүү идеялардын, анын ичинде оппозициялык маанайдагы ой-пикирлердин эркин таралышына мүмкүнчүлүк берүүгө багытталган. Коомдук берүүлөр маалыматтык плюрализмдин жана идеологиялык ар түрдүүлүктүн кепилдиги катары каралат. Коомдук массалык маалымат каражаттары маданий жана агартуучулук мааниге ээ болуу менен коомдун интеграциясына кол кабыш кылат. Кыргыз Республикасында коомдук берүүлөрдү түзүү – маанилүү жана милдеттүү кадамдардын бири катары кабылданды. Элдин ишениминен кетип, “кара ящик” аталган КТРны (Кыргыз телерадиоберүүлөр корпорациясын) коомдук кылып (Коомдук телерадиберүүлөр корпорациясы) түзүү жөнүндө маалымат коомчулук тарабынан колдоого алынганы менен, ишенбөөчүлүк жана күмөн саноо багытындагы ой-пикирлер арбын болду.

Коомдук телекөрсөтүүнү изилдөө боюнча бир катар илимий иштер жазылган. Тема боюнча маалыматтар камтылган илимий эмгектер анализге алынды. Коомдук макамга ээ телеканалды түзүүдөгү негизги себептер:

- саясий себеп, демократиялык институттарга болгон ишенимдин кетиши, мисалы, шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча комиссия;
- социалдык себеп, башкача айтканда, мамлекеттик жана жеке менчик телеканалдарга болгон ишенимдин кеткени;
- экономикалык себеп, өлкөнүн медиа рыногундагы өнүгүүнүн кечеңдеши.

“Коомдук” массалык маалымат каражаттарынын ишмердиги, биринчи кезекте коомчулук тарабынан, ошондой эле саясий күчтөр жана көз

карандысыз уюмдар аркылуу көзөмөлдөнөт. Бирок, кандай гана шартта болбосун, коомдук телекөрсөтүү атайын иштелип чыккан мыйзамдардын чегинде иш алып барат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары буга стандарттуу негиздерди түзүп берген, бирок бир катар суроолор бар. Коомдук телекөрсөтүүнү кантип түзүү керек, анын башкаруусу кандай болушу шарт, анын ишмердигин ким каржылайт, коомдук каналга кызыкдар тараптардын таасирин кандайча чектөө керек? Буга дароо жооп берүү мүмкүн эмес, бирок, чет элдик тажрыйбаларды өздөштүрүп, абалдан чыгуу жолун тапса болот.

Коомдук телеберүүлөрдүн алгачкы формалары өткөн кылымдын жыйырманчы жылдары Улуу Британияда колдонула баштаган. Европага экинчи дүйнөлүк согуштан кийин кеңири тарады. Фашисттик Германиянын кулашы менен союздук армия пропаганданын күчтүү куралы болгон немецтердин телерадиокомпаниясынын ишмердигин токтоткон. Демократиялык өнүгүүгө тоскоол болуу коркунучу бар эле. Маалымдоо каражаттарын жеке компанияларга берүү да натыйжасыз болгон. 1940-жылдары Германиянын телерадиоберүүлөрүн мамлекеттик бийликтин көзөмөлүнөн чыгаруу үчүн ВВС уюмунун (Британия моделин) киргизүү чечими кабыл алынды. Иштелип чыккан мыйзамдар журналисттердин чыгармачылык жана редакциялык ишмердүүлүгүнө көз карандысыздык кепилдигин берген. Мамлекеттик бийликтин кийлигишүүсү жок каржылоо механизми жаралды. Коомдук телеберүүлөрдүн талаптарына жооп берген мындай система акырындык менен Европанын башка мамлекеттерине киргизилген **[68, 70-б.]**

Европанын коомдук берүүлөрүн изилдөөгө алган эксперттер "финансирование для большинства систем общественного вещания осуществляется на основе налогообложения, и основным преимуществом этого способа финансирования теоретически является то, что он позволяет вещательным организациям создавать высококачественные новостные, общественно значимые и развлекательные программы независимо от спроса рынка на такие программы" деп аныкташкан **[68, 55-б.].**

Коомдук телекөрсөтүүнүн өнүгүү тенденциясы ар башка мамлекеттерде ар түрдүү. Изилдөөчүлөр тигил же бул мамлекеттин коомдук телеканалдарын салыштырып, анализ жүргүзүшкөн. Мисалы, А.Васильева санарип технологиялардын өнүгүү доорундагы Франциянын коомдук телеканалын изилдеп чыккан. Түрдүү теориялык иштерге таянып, автор: “На общественные телеканалы возлагаются особые обязанности, базирующиеся на трех основных принципах: универсальность (общественное вещание должно быть доступно каждому гражданину), разнообразие (вещание должно отвечать зрительским интересам, предлагая разнообразные программы – от новостей до развлекательных), независимость от политических пристрастий. И все они сталкиваются с одними и теми же проблемами: зависимостью от государства, финансовыми трудностями, необходимостью конкурировать с частными телекомпаниями» деп билдирген **[69, 13-б.].**

Жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүүсү менен глобалдуу маалыматтык революцияга жол ачылып, анын коомдун экономикалык, саясий, башкаруу, илим жана маданият өңдүү чөйрөлөрүнө таасири барган сайын өрүш алууда. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар XXI кылымдагы коомду калыптандырууга таасир этүүчү маанилүү факторлордун бири катары каралып келет. Жаңы этап маалыматтарды ыкчам алмашуу, өзгөчө массалык маалымат каражаттардын өнүгүүсү менен башталган. Жаңы компьютердик жана заманбап телерадио берүүлөрдүн технологиялары ишке кириши менен маалымат алмашуу жаңы деңгээлге көтөрүлдү, анын социалдык-психологиялык мааниси күчөдү.

Телекөрсөтүүнүн коомдук кызмат катары каралган концепциясы Европа Биримдигине (Евросоюз) кирген мамлекеттердин массмедиасында негизги орунду ээлейт. Көрсөтүүлөрдүн бул түрүнүн өзгөчөлүгү – так жана бейтарап маалыматтарды берүү, жалпы коом үчүн актуалдуу делген ар башка тематикалардагы программалардын көп түрдүүлүгүн камсыздоо. Коомдук телекөрсөтүүнүн маанилүү шарттарынын бири анын “өкмөт менен бизнестен көз карандысыздыгы” **[70].**

“Коомдук” деген терминдин алкагынан алып карасак, телевидениенин бардык социалдык топторго жеткиликтүүлүгүн жана ошол коомдун кызыкчылыгында иш алып баруусун түшүндүрөт **[71].** Коомдук телерадио берүүлөр (англ. public broadcasting) – бул негизги максаты коомго кызмат көрсөтүүгө багытталган радиоуктуруу жана телекөрсөтүү **[72]**. Коомдук телекөрсөтүү түшүнүгүнүн бир нече аныктамасы бар. Алардын бири мындай – негизги милдети коомго кызмат көрсөтүү болгон коммерциялык эмес жана мамлекеттен көз карандысыз телекөрсөтүү **[73, 89–94-бб.].**

Коомдук телеберүүлөр – Батыш Европа жана Түндүк Американын көптөгөн өлкөлөрүндөгү коммерциялык эмес уюмдардын системасы. Бул демократиянын белгиси катары жана жарандык коомдун (гражданское общество) маанилүү механизми катары бааланат. «Идея общественного вещания возникла как альтернатива процессу коммерциализации прессы и радио на начальном этапе его становления» деп белгиленет **[74, 286-б.].** Дагы башка бир аныктаманы “Коомдук телерадиоберүүлөр жөнүндө” деген Европалык мыйзамдан табууга болот. Аны Европадагы телерадио берүүлөр биримдигинин юридикалык департаментинин директору, доктор Вернер Румпхорст даярдаган. Анда коомдук телеканал болуу үчүн үч шарт аткарылышы керек деп жазылган. Алар – коомдун кызыкчылыгына кызмат кылуу, коом тарабынан каржылануу, коомдун көзөмөлүндө болуу **[68, 46-47-бб.].** Кыргызстанда “каржылануу” деген жери мамлекеттин казынасына такалып жатат, бирок бул көрсөткүчтүн башкача варианттары да бар.

Доктор Вернер Румпхорст «коом» деген түшүнүктүн эки маанисине токтолгон. Биринчиси, ар бир үй газ, суу, жарык, телефон, коомдук транспорт сыяктуу коомдук берүүлөрдүн программасы менен камсыз болушу. Экинчиси, коомдун бардык катмары (жарды жана бай, балдар жана жаштар, орто курак жана карылар, билимдүү жана билимсиздер) ар башка кызыкчылыктарга ээ. Жалпы калк коомдук программалар менен камсыз болуш үчүн Вернер изилдөөсүндө мындай деди: “Коомдук телекөрсөтүүлөр коом үчүн түзүлгөн. Ал өкмөт, парламент, же президент, саясий партиялар, дин, же жеке

кызыкчылыгы бар топторго кызмат кылбашы керек. Ал бардыгынан көз карандысыз болуп, калктын кызыкчылыгына кызмат кылышы керек" деп жыйынтыктаган **[68, 48-б].**

1994-жылдын декабрында Прагада өткөн массалык маалымат каражаттары боюнча министрлердин деңгээлиндеги "Средства массовой информации в демократическом обществе" деп аталган конференциясында жана Европа Парламентинде коомдук берүүнүн негиздери аныкталып, "Резолюциясы" сунушталган. Бул жерден айрым цитаталардын тизмесин ошол тилде берели: "общественное вещание поддерживает ценности, заложенные в правовых, политических и социальных структурах демократических сообществ, в особенности, уважение прав человека, культура и политический плюрализм"; "важность общественного вещания для демократических обществ"; "это есть жизненно важная функция общественного вещания как важнейшего фактора общения, основанного на принципах плюрализма и доступного каждому"; "это ориентир для всех членов общества, и является фактором социального единения и интеграции каждого человека в отдельности, групп и сообществ".

Тизмени дагы уланталы – "коомдук телекөрсөтүү ар кандай маданий, расалык, гендердик, диний, социалдык басмырлоону жана ар кандай социалдык сегрегацияны четке кагат"; "бул пикирлердин мүмкүн болушунча кеңири чагылдырылышы, коомдук сын-пикирлердин форуму"; "бул калыс жана көз карандысыз жаңылыктар, маалыматтар, комментарийлер"; "ал плюрализмдин принциптерине, инновациялык жана башка этикалык жана сапат стандарттарына жооп берген ар кандай программаларга негизделген"; "рынок экономикасынын таасири үчүн сапатка умтулуудан баш тартпоо дегенди билдирет"; "бул жалпы элдин кызыкчылыгына кызмат кылган, бирок ошол эле учурда азчылыктардын муктаждыктарына көңүл бурган программалар жана программалардын графиги"; "бул көп улуттуу жана түрдүү маданиятка ээ коомдордо өз ара түшүнүшүүнү, толеранттуулукту жана

мамилелерди өркүндөтүү максатында коомдун ар кандай философиялык идеяларынын жана диний ишенимдеринин чагылдырылышы” **[75].**

Коомдук телекөрсөтүүлөрдү уюштуруунун өзгөчөлүгү сөз эркиндигине негизделген кепилдиктер менен бекиген. Эрик Баренддин коомдук берүүнүн алты өзгөчөлүгүн айтып, Вернердин сыпаттоолорун толуктады:

- жалпы географиялык мүмкүнчүлүк;
- улуттук иденттүүлүккө жана маданиятка кам көрүү;
- мамлекеттик жана коммерциялык кызыкчылыктардан көз карандысыздык;
- программалардын калыстыгы;
- программалардын диапазону жана ар түрдүүлүгү;
- колдонуучунун төлөмү менен каржылоого ээ болуу **[76, 9-б.].**

Дүйнөдөгү коомдук телерадиокомпаниялардын ичинен эң атактуусу Би-Би-Си (British Broadcasting Corporation), ал эми каржылык жактан эң кубаттуусу Германиянын ARD (Arbeitsgemeinschaft der öffentlich-rechtlichen Rundfunkanstalten der Bundesrepublik Deutschland) телеканалы деп айтылып келет. Германиянын коомдук телевидениелерин Е. Муравлева “Баварское телевидение в системе телевещания Германии”, Ю. Мальцев “Модель общественно-правового вещания в Германии”, Х. Майна “Германиянын массалык маалымат каражаттары” деген эмгектеринде изилдөөгө алышкан. Европа телеканалдары англис жана немис өкмөттөрүнө түздөн-түз баш ийбегени менен өз өлкөлөрүнүн улуттук кызыкчылыктарын коргоо, менен кызмат кылышат.

Батыш Европадагы коомдук телекөрсөтүүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө алган Е. Вартанова Европа мамлекеттеринин коомдук берүүлөрү батыш европалык телекорпорацияларга үлгү болуп калган Британиянын Би-Би-Си тажрыйбасына таянаарын айтып, минтип белгилеген: “Согласно документам, подготовленным исследовательским отделом, важнейшими принципами работы могут быть названы: универсальный (географический) доступ; программная политика, сочетающая общие интересы с интересами

меньшинств; развитие национального самосознания; отстраненность от откровенных политических интересов; приемлемый для всех размер лицензионной платы” **[77, 118-б.].**

Коомдук телекөрсөтүү жөнүндө толук түшүнүк алуу үчүн, мындай телевидениенин “пионери” – BBC жөнүндө изилдөөлөргө көңүл буралы. Корпорация (British Broadcasting Corporation – Британиялык берүүлөр корпорациясы) 1922-жылы түзүлгөн. Улуу Британиянын коомдук берүүсү мамлекеттик эмес ММК болуп саналат (Statutory corporation). Көзөмөлдү атайын уюшулган Коомдук кеңеш ( BBC Trust) жүргүзүп турат. Кеңеш болсо, каныша (королева) тарабынан тандалган жана дайындалган 12 адамдан турат. Мунун Коомдук Кеңеши аткаруу комитетин жана башкы директорду бекитет. BBC радиоприемниктер менен телевизорлорго, уюлдук телефондорго милдеттүү болгон салык төлөм аркылуу каржыланат (жылдык бюджети – 3,7 млрд фунтов стерлинг). Анын укуктук-ченемдик ишмердиги хартия аркылуу жөнгө салынып келет **[78].**

Улуу Британиянын гезит-журналдарынын төрт кылымды басып өткөн жолун изилдеген С. Беглов “коомдук ой-пикирдин рупорунун ролун аткарууга жана өлкөнүн ички-тышкы саясатындагы маселелерди чечүүгө ачык кийлигишүү менен “чоң прессанын” кожоюндары “төртүнчү бийликтин” ролун аткарууга умтулуп жатышты” деп белгилейт. 1922-жылы негизделген BBC беш жылдан кийин коомдук берүүлөр корпорациясы болуп кайра түзүлгөн. Көп өтпөй айрым жеке менчик уюмдар BBCнин ээлик кылуучусу (учредитель) болушкан **[97, 219-б].**

Улуу Британиянын коомдук берүүлөрүнүн тарыхы жакшы пикирлерге бай. BBC – бул Британиянын жалпы улутунун коомдук телерадиоберүүлөр уюму. Адегенде берүүлөрүн Лондондон көрсөткөн коммерциялык мекеме катары белгилүү эле. 1925-жылы Британиянын Парламенти радиоберүүлөр жаатындагы саясатты аныктоо үчүн атайын комитет түзгөн. Мамлекеттин жана жеке монополиянын таасиринен алыстатуу зарылчылыгын эске алуу менен компаниянын макамын өзгөртүү сунушун иштеп чыккан. Ошентип Би-

Би-Си кайра түзүлүп, компанияны башкаруу органынын атайын системасы жана аны каржылоонун жаңы тартиби иштелип чыккан. Кайра түзүүлөр көз карандысыздыгын камсыздоо жана анын жалпы жарандардын алдында жоопкерчилигин аныктоо максатын көздөгөн. Парламент анын ишмердүүлүгүнө, негизинен бюджеттик каражаттарды колдонуу боюнча жылдык отчетуна көзөмөлдүк кылат.

Британиянын Би-Би-Си ишмердүүлүгү В.Артемов жана В.Семеновдун "Би-Би-Си: история, аппарат, методы радиопропаганды" аттуу эмгегинде **[79],** С.Бегловдун "Четвертая власть: британская модель" **[80]** жана "Империя меняет адрес: британская печать на рубеже тысячелетий" **[81],** Е. Колывановдун "Современные европейские концепции и модели общественного телевидения» [**82],** Б.Любимовдун "Общественное вещание: британская модель" **[83],** Т.Губинанын "Россия и Великобритания в аспекте информационной политики «Русской службы» BBC" **[84]**, Н. Орешкинанын "Общественное телевидение в информационном обществе: британская модель» аттуу **[85]** эмгектерде кеңири изилденген.

Британ Өкмөтү Би-Би-Си кызматын "бул маалымат уюму элге кызмат кылышы керек" деген негизде каржылайт. Мындай учурда маалыматтар өкмөттүн пайдасына эмес, эл каалаган өңүттө, жаңылык ирээтинде берилет. Дал ушул Британиянын коомдук берүүлөр боюнча модели башка мамлекеттерде негиз катары кабыл алынып, иштеп жатат, бирок бир дагы коомдук делген компания Би-Би-Си көрсөткөн тажрыйбаны толук кандуу ишке ашыра алган жок. Ар бир мамлекеттин өзүнө таандык шарттары бар, мисалы, Финляндиянын шарты Эстониянын шартына окшобойт **[86].**

Финляндиянын коомдук телеканалынын жарым кылым тарыхы бар. Кызыгы, коомдук делген "Юле" телерадиокомпаниясынын акциясы толугу менен мамлекеттин карамагында болуп, компания мамлекеттик субсидиялар менен колдоого алынган. "Юле" кошумча каражатты жылына 250 еврону түзгөн абоненттик төлөм аркылуу табат. Кирешенин кошумча 24 пайызын

компания коммерциялык каналдар аркылуу кетүүчү жарнамадан алат. Мамлекеттин көзөмөлүндө болсо да коомдук каналдын өзгөчөлүктөрү бар.
“Юле” калктын бардык катмарын камтып, беш телеканал жана алты радиостанцияга ээ. “Юленин” телеканалдары менен радиостанцияларында реклама (коммерциялык түрдөгү) жокко эсе. Негизги принциби – маалымат, агартуучулук, көңүл ачуу **[82, 23-б].**

СССР кулагандан кийин Россияда дагы коомдук телеканал тууралуу дискуссиялар орун алган. Союз учурунда кубаттуу массалык маалымат каражаттарынын сап башында турган СССРдин Борбордук телевидениеси “Останкино” Мамлекеттик телекомпаниясы болуп өзгөрүп, андан соң аны коомдук кылуу аракеттери болгон. 1994-жылдын 29-ноябрында Россия Федерациясынын Президенти Б.Ельцин “О совершенствовании эксплуатации первого частотного (г.Москва) канала телевидения и сети его распространения” деп указ чыгарды **[87].** Анын натыйжасында “Останкино” мамлекеттик телерадиокомпаниясы “Россиянын коомдук телевидениеси” (ОРТ) болуп, жабык акционердик коом түрүндө түзүлгөн. Ушунусу менен маалымат айдындагы көп жылдарга созулган мамлекеттик монополияны жок кылган, бирок канал Б.Березовскийдин “монополиясы” деп сындалган **[88, 66-б.].**

2002-жылы ОРТ – “Первый канал” болуп өзгөрүп, Россиянын 99,8 пайыз калкын камтыган күчтүү телевидение макамын сактап келе жатат. Бирок толук түрдө “коомдук” макамы бар телекөрсөтүү Россияда жок.

Россияда Коомдук телеканалдын негизделишине президент Дмитрий Медведевдин 2011-жылдын 22-декабрындагы Федералдык жыйындагы Россияда коомдук телекөрсөтүү түзүү сунушу чыйыр салган. 2012-жылдын 17-апрелинде ОТВ (Общественное телевидение) коомдук каналы түзүлүп, президент Путиндин жарлыгы менен Башкы директору жана Кеңеши бекиген. Бул саясий жана коммерциялык, ички жана тышкы цензурадан эркин телевидение катары сыпатталганы менен, кандайдыр бир деңгээлде мамлекеттик саясаттын өнөктөшү бойдон калууда. Каналдын каржы булагы

мамлекеттин субсидиясына муктаж болуп калган **[87].** Мындан улам, “коомдук” макам телеканалды мамлекеттик бийликтен толук түрдөгү көз карандысыздыкка алып келет дегендик жаңылыштык болот дейт,- Япон жана Россия коомдук телеканалдарын изилдөөгө алган О.Пузанова **[89, 152-б.].**

1926-жылы негизделген Япониянын NHK (Эн-Эйч-Кей – Японская вещательная корпорация) телерадиокорпорациясы бүтүн Азия өлкөлөрүндө таанымал каналдардын бири. NHK юридикалык макамы боюнча коммерциялык жана коомдук деп экиге бөлүнөт. Коммерциялык каналы толугу менен жарнамалардын эсебинен киреше тапса, коомдук каналын салык төлөөчүлөр каржылайт. Япониянын ар бир үй-бүлөсү абоненттик төлөм аркылуу корпорациянын 97 пайыз чыгымын жаап турат. Формалдуу түрдө өкмөт тарабынан көзөмөлдөнбөгөнү менен, башкаруунун жогорку органы болгон Башкаруучулар кеңеши Премьер-министр тарабынан дайындалат. Кеңештин 12 мүчөсү Япон парламентинин макулдугун алышы керек. Кеңеш программалардын сапатын, коомго кызматын, келечек планын, жасаган иштерин, бюджетин көзөмөлгө алат**[89, 163-б.].**

Япониялык Эн-Эйч-Кей (NHK) жөнүндө сөз кылып жатканда, бул телеканалдын журналисттери Кыргызстанга Баткен окуялары учурунда келгенин мисал катары жаза кетели. 1999-жылдын август айында Кыргызстанга чек арадан кирип келген моджахеддер кыргыз жарандары менен бирге япондук геологдорду барымтага алган. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында, 25-октябрда аларды куткарууга мүмкүн болгон. Бул окуяны чагылдырып, жеринен түз алып көрсөтүү үчүн Япониянын негизги делген NHK телеканалынын журналисттери келген. Булар япон жарандарынын барымтага алынышына дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн буруп, окуяны эл аралык ММКлардан чагылдырып турушкан **[90, 267-б.].**

Дүйнөдө коомдук телеканалдардын макамы, башкаруусу, каржылоосу ар башка экени диссертацияда изилдөөгө алынып, айрым өлкөлөрдүн “коомдук” телекөрсөтүүлөрү тууралуу бирдиктүү принциптин жокко эсе экени аныкталды. Коомдук телекөрсөтүүнүн үлгүсү катары Европа, Япония,

Австралия, Индия, Канада өлкөлөрүндө иштелип чыккан тажрыйбаны үйрөнсө болот. Мамлекеттик телекөрсөтүүнүн модели катары Кытайдын тажрыйбасы да мисал болуп берет. Коммерциялык телеканалдын өнүгүүсү боюнча АКШ алдыңкы орунда. “Коомдук менен коммерциялык, же мамлекеттик менен коммерциялык телекөрсөтүүнү айкалыштыруу менен ишти жөнгө салууга болобу” деген суроо жаралды. Ушуга жооп катары төмөндөгү мисалдарды келтирели.

1943-жылы түзүлгөн АКШнын “ABC” (American Broadcasting Company) жалпы улуттук телеканалын, 1987-жылы улуттук тармак макамын алган “Fox” (Fox News Channel) маалыматтык телеканалын мисал кылсак болот. Бул тармактар жеке менчик, бирок алардын программалары көрүүчүлөргө акысыз таратылат. Тармактар болсо жарнамаларды, телепрограммаларды өндүрүү жана сатуу, аудио жана видео кассеталарды соодалоо, автордук укуктарды алып-сатуу аркылуу каржыланат. Ошондой эле баалуу кагаздар менен болгон иш-аракеттер финансылык булагын чыңдап келет. Коммерциялык жана коомдук телеканалдын ортосундагы айырма булардын ишмердүүлүгүндөгү экономикалык негиздерге таянат. Азыркы телекөрсөтүүнү уюштурууда аракеттерди айкалыштыруу принцибин эске алуу зарыл.

Россия, Украина, Прибалтика мамлекеттеринин нормативдик-мыйзам базалары каржылоонун аралаш моделин сунуштайт – мамлекеттик бюджет, жарнама жана демөөрчүлүк жардам. Бул модель берүүлөрдү каржылоого байланышкан мамлекеттик каражаттын тартыштыгынан улам иштелип чыккан дешет, бирок бул жерде кеп жалаң гана “тартыштыкта” эместиги түшүнүктүү. Россиянын коомдук каналында каржылык жактан таңсыктык бар. Ал эми Украинанын “Об общественном телевидении и радиовещании” деген мыйзамы боюнча мамлекет Украинанын улуттук коомдук телерадио компаниясын (НСТУ) төрт жыл каржылап, андан ары канал бюджеттик эмес каражаттарга, эң оболу абоненттик төлөм менен каржылоого өтмөк. Бирок маселе ачык бойдон калууда **[91, 21-б.].**

КМШ өлкөлөрүнүн илимпоздорунун эмгектерине да кайрылдык. Башка мамлекеттердин коомдук каналдарынын тажрыйбаларын салыштыруу менен диссертант бул теманы терең изилдеп чыгууга мүмкүнчүлүк алды. Е.Абашинанын Армения, Грузия жана Азербайжандын коомдук телерадио жөнүндөгү "Регулирование и функционирование общественного вещания в странах Закавказья" монографиясын **[92],** А.Баймухамбетовдун "Тенденции современной медиаглобализации в условиях идентичности Казахстанского СМИ" **[93],** З.Муминджоновдун «Жанровые особенности и структура программ Общественной телекомпании «Пойтахт» (1996-2006)» **[94]** деген эмгектерин айтсак болот.

Ал эми ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектеринде коомдук телекөрсөтүү жана анын коомдогу орду, маалымат таратуудагы өзгөчөлүгү туурасында пикирлери жокко эсе. Анткени коомдук телеканал боюнча түшүнүктүн Кыргызстанда пайда болгонуна 10 жылдай убакыт болду. Коомдук телекөрсөтүүнүн Кыргызстандын саясий процессине тийгизген таасирин А.Сатылканова «Общественное телевидение в политических процессах Кыргызской Республики (на примере ОТРК)" деп аталган кандидаттык диссертациясында изилдеп чыкты. Буга кошумча изилдөөлөрдүн жыйынтыгы топтолгон "Аналитикалык отчеттер", Телерадиоберүү корпорациясынын жылдык ишинин отчеттору, Байкоочу кеңешинин жылдык отчеттеру, "КТРКнын Өнүгүү стратегиясы", Каналдарынын рейтингдик изилдөөлөрдөгү орду, "КТРКнын редакциялык саясаты" кароого алынды.

Коомдук телекөрсөтүүлөрдүн ролун жогорулатуу үчүн анын ишмердиги мамлекеттен көз карандысыз болушу негизги шарттардын бири. Коомдук телекөрсөтүү объективдүү жана ишенимге ээ болушу үчүн окумуштуулардын, медиасерепчилердин пикиринде үч тармакта көз карандысыз болушу керек – бул, биринчиден: каржылык көз карандысыздык, экинчиден: башкаруу көз карандысыздыгы, үчүнчүдөн: редакциялык көз карандысыздык. Дал ушул үч түр тыгыз байланышта болуп, коомдук телекөрсөтүүнүн ишиндеги жалпы

сапатка таасир этет. Кийинки параграфта Кыргызстандын тажрыйбасына серpermission салып көрөлү **[95].**

## 2.2. Кыргызстанда коомдук телекөрсөтүүсүнүн түптөлүү тарыхы жана маалыматтык программаларды берүү тажрыйбасы (2011-2020-жж.)

Кыргызстандын укуктук-ченемдик документтерине ылайык, тактап айтканда “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө”, “КТРК жөнүндө”, “Мамлекеттик сырларды коргоо жөнүндө”, Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө”, “Жарнама жөнүндө” мыйзамдар өлкө аймагындагы бардык телеканалдарды коомдук, мамлекеттер аралык, мамлекеттик жана жеке менчик деген топторго бөлөт. Телекөрсөтүү улуттун коомдук массалык маалымат каражаты, ал мамлекеттик, жеке менчик, коммерциялык, диний жана башка кызыкчылыктардан көз карандысыз иштеген жана өзүнүн миссиясын коомдун, жарандардын кызыкчылыгына аткарган мекеме **[42, 57-б.].**

Мамлекеттик телеканал – бул ээси катары өкмөт таанылып, мамлекеттик бюждеттен каржыланган, редакциялык саясаты жана стратегиясы тиешелүү министрлик тарабынан көзөмөлдөнгөн булак. Мисалы, мындай макамга Кыргызстандагы облустук телерадио компаниялар кирет. Булар маданият, маалымат жана туризм министрлиги тарабынан көзөмөлдөнөт. Анан дагы мамлекеттер аралык телеканал бар – бул мамлекеттер аралык биргелешкен келишимдин алкагында иш алып барган, катышуучу-мамлекеттердин толук ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан бекитилген уставга ылайык аракеттенген булак. Мисал катары ушундай статустагы “Мир” телерадио компаниясын карасак болот.

Жеке менчик телеканалдар – бул бир же бир нече юридикалык жана жеке тараптар аркылуу негизделген мекеме. Алар коммерциялык ишмердүүлүк менен аракеттенишет. Депутаттардын партиялык дебаттарына, жеке тараптардын программаларына көңүл бурушат. Кыргызстандагы бардык телекомпаниялар түрүнө жана ээлик кылуу формасына карабастан мыйзам чегинде ишмердик жүргүзүүгө милдеттендирилген.

Коомдук телекөрсөтүү – бул демократияны негизги көрсөткүчү. Анда жалпы коомдун бардык ой-пикири камтылып, айтылып туруш керек. Коомдук телеканал көрүүчүлөрүнүн назарына кандай маалыматтарды сунуш кылаарын өзү аныктагандыгы менен айырмаланат. Азыркы социумдун маалыматтык плюрализмдин шартында иштелип чыккан эрежелер жана көрсөтмөлөр коомго кандай маалыматтарды берүү керектигин белгилеп, каналдын жетекчилигинен көз карандысыз ишке ашат. Коомдук телеканалдын ийгилиги – аудиториянын ишеними. Коомдук телеканалды негиздөө аракеттери КООРТ телеканалынан башталган. Бирок коомдук каналды мамлекеттик мекеменин алкагында уюштуруу талабы турган. Ошондуктан Кыргызстандагы алгачкы коомдук телеканал катары ЭлТР белгилүү. 2005-жылдын 10-декабрында президенттин "Кыргыз Республикасынын телерадиоберүүлөр компаниясы "Коомдук ЭлТР телекөрсөтүүсү" жөнүндө токтомду бекиткен жарлыгы чыкты. Көз карандысыз объективдүү маалыматтар, маданият жана балдар үчүн берүүлөр, көңүл ачуучу программалар менен калкты камсыз кылуу багытында "Ош-3000" телерадио компаниясынын базасында "ЭлТР – коомдук телекөрсөтүүсү" түзүлгөн. **[96].**

Документке ылайык, "ЭлТР коомдук телекөрсөтүүсү" Кыргызстан элинин кызыкчылыгында кызмат кылат деп жазылган. Жарлыктын жалпы жобосунун 2-пунктунда мындай деп аныкталат. "Компания осуществляет свою деятельность в соответствии с Конституцией и законами Кыргызской Республики, указами и распоряжениями Президента КР, другими нормативными правовыми актами, а также настоящим Положением **[96].** Бул президенттин жарлыгы менен иш алып барат дегендик жана бул коомдук макамдын стандарттарына туура келбейт. Андан ары 4-беренеде минтип жазылган: "Компания является правопреемником государственной телерадиокомпании "Ош – 3000". Компаниянын ишмердүүлүгүнүн негизги милдеттери катары жарандарды так жана объективдүү маалыматтар менен камсыздоо, мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердүүлүгү жөнүндө ыкчам маалымдоо жазылган.

Дүйнөлүк тажрыйбада коомдук телеканалдар мамлекеттин негизги телеканалынын базасында жана борбор шаарынан орун алат деген шарт бар. ЭлТР коомдук канал катары аймакта жайгашып, ал эми КТР Бишкектеги башкаруучу бийлик каналы бойдон калды. Бул ошол кездеги Мамлекеттик катчы А.Мадумаровдун “долбоору” ишке ашты дегендик эле. Компанияны башкаруу тартибине келсек, ал милдеттер Байкоочу кеңеш менен Башкы директорго жүктөлгөн. Компаниянын көзөмөлдөөчү коллегиалдык органы болгон Байкоочу кеңеш Президент тарабынан 5 жылдык мөөнөткө бекитилип, анын курамы 9 мүчөдөн турат.

Кайрадан эле Президенттин көзөмөлүнө жана башкаруусуна алынган бул жарлык сын-пикирлерди жаратты. Депутат М.Эшимканов ““Ош – 3000” телеканалынын базасында “ЭлТР” коомдук телевидениесин түзүү боюнча президент Курманбек Бакиевдин чыгарган жарлыгы коомдук телевидениелерге карата пародия” деп сындап, коомдук телевидениени Улуттук телерадио компаниянын базасында түзүү зарыл деген пикирде болгон. Журналисттердин коомдук бирикмесинин ошол кездеги төрагасы К. Мамбеталиев: “Кыргызстанга коомдук телекөрсөтүүнүн үлгүсүн Эстониядан алуу керек” деген пикирин билдирген. Эстонияда “коомдук телеканалын мамлекеттик бюджет каржылап, ага көзөмөлдөө кеңеши менен парламент көзөмөл жүргүзөт, ал эми кеңешинин мүчөлөрүн президент, парламент жана жарандык коомдор пропорционалдык негизде дайындайт” деген **[97]**.

Эстониянын коомдук телекөрсөтүүсү ЭТВ (эст. Eesti Televisioon, ETV) мурун мамлекеттик телекомпаниясы болгон. Канал катары алгачкы жолу 1955-жылы “Актуальная камера” деген аталыштагы жаңылыктардын чыгарылышы менен эфирге чыга баштаган. Андан бери аталышын бир нече жолу өзгөрткөн. 2007-жылы “Коомдук-укуктук телеберүүлөр жөнүндө” Эстония Республикасынын мыйзамына ылайык Эстониянын телевидениеси жана радиосу биригип, Эстония коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясын түзүп, Көзөмөл кеңеш иштей баштаган . Коомдук каналдын курамында ETV, ETV2 жана ETV+ каналдары бар. Эстониянын коомдук каналы мамлекет

тарабынан каржыланып, жыл сайын 29 миллион евро бөлүнөт. Каржы маселелери Кеңеш менен Парламенттин көзөмөлүндө турат **[98, с.58].**

Эстониянын коомдук каналынын алкагында карай турган болсок, Кыргызстандын ЭлТР каналы коомдук макамды актаган жок. Журналист Б.Орунбековдун пикиринде, канал тарабынан демократиялык принциптердин бири да аткарылбай, кагаз түрүндө гана коомдук телекөрсөтүү деп аталып калган. Жетекчиси президент тарабынан дайындалышы, Байкоочулар кеңеши кайчы пикирлерди айтпаган аксакалдардан жана ийкемдүү инсандардан шайланышы түйшүктүү маселени жаратат. “Мен билгенден ЭлТРдин байкоочулар кеңешинин мүчөлөрү уставда жазылган боюнча чогулуп, теленин келечеги, тагдыры жөнүндө бир жолу дагы жыйналыш жасап, көз караштарын айткан жок. Ошондуктан, ЭлТР телекомпаниясы мамлекеттик бийликтин колундагы экинчи канал боюнча эле иштеп келди. Бул жерде эч кандай коомдук телекөрсөтүүнүн принциптери иштеген жок”-деп билдирген **[99].** Канал коомдук статус талап кылган милдеттерди аткара алган жок. Мамлекеттен каржыланып, мамлекеттик саясаттын маалымат булагы бойдон кала берди. 2015-жылдын 16-мартында “ЭлТР” Мамлекеттик телерадио компаниясы деген макамды алды **[100].**

Кыргызстандагы телеканалдардын тарыхында экинчи жолу коомдук телеканал түзүү аракеттери башталып, аны Кыргызстандагы бирден-бир таасирдүү маалымат каражаты, маалымат таратуу мейкиндиги, аймагы, мүмкүнчүлүгү башка телеканалдарга караганда алда канча жогору Кыргыз телерадиоберүүлөр корпорациясынын базасында негиздөө талабы курчуган. Коомдук телеканал жөнүндө мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууга, байкоочу кеңешти түзүү иштерине активдүү катышкандардын бири А.Султанбаев телеканалды коомдук кылуунун активдүү катышуучусу болгон. Анын айтымында, Курманбек Бакиевдин бийлиги бул мыйзамга вето койгон, бирок 2007-жылы бийликке каршы митингдердеги талаптардын кысымы менен К. Бакиев мыйзамга кол коюуга аргасыз болгон. Тилекке каршы, ал мыйзам иштеген эмес **[101].**

2010-жылы (экинчи ыңкылаптан кийин) өлкөнүн улуттук телерадио корпорациясын коомдук телерадиоберүүгө өткөрүү маселеси саясий жана элдик кыймылдар тарабынан кызуу талкууга алынды. Эл мамлекеттин тең укуктуу маалыматтык саясатын талап кылып турду. Коомдук кеңешти түзүүгө багытталган аракеттер дал ушул 2010-жылы ишке ашты. Коомдук канал үчүн эң негизгиси каржылык көз карандысыздык болбошу кажет. Кыргызстанда КТРК жарандардан түшкөн салык төлөмдөрүнүн эсебинен, башкача айтсак, мамлекеттик казынадан каржыланат. Коомдук канал коом тарабынан башкарылат. Коомдун өкүлү катары Байкоочу кеңеш иштейт. Ал коомдук каналдын жогорку органы болуш керек – коллегиалдык, рекомендациялык жана башкаруучу орган **[64, 54-55-бб.].**

Коомдук телекөрсөтүүнү уюштуруунун алгачкы, негизги аракеттери төмөндө көрсөтүлгөн атайын документтердин иштелип чыгышы менен байланыштуу болот:

- “Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы” жөнүндө мыйзам;
- КТРКнын Байкоочу кеңешинин түзүлүшү;
- “КТРКнын редакциялык саясатынын” иштелип чыгышы;
- ”КТРКнын 2013-2015-жылдарга өнүгүү Стратегиясы”;
- Маалымат таркатуучу каналдардын көбөйүшү;
- Алсыз жана күчтүү жактарын аныктоочу аудиттер **[42, 75-б.].**

2006-жылы 28-декабрда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматты алуунун кепилдиктери жөнүндө” мыйзам чыккан **[64, 53-б.].** Коомдук телерадио берүүлөр корпорациясынын ишмердиги 2011-жылдын 21-декабрында кабыл алынган “Коомдук телерадио берүүлөр корпорациясы жөнүндө” деген мыйзамдын 2013-жылы 6-июнунда кабыл алынган редакциясында минтип белгиленген: “Коомдук телерадио берүүлөр корпорациясы Улуттук телерадио берүүлөр корпорациясынын укуктук мураскору, ал коомдук берүүлөрдү өнүктүрүү максатында ачыктык,

адилеттүүлүк жана калыстык принциптерине ылайык, телерадиоберүү корпорациясынын ишин жөнгө салат" деп белгиленди **[102].**

Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы жөнүндөгү мыйзамда анын укуктук негиздери, юридикалык макамы жана уюштуруу принциптери көрсөтүлгөн. "Корпорация өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясына, маалымдоо каражаттар боюнча мыйзамдарга таянат, ченемдик укуктук актыларды эске алат, ошондой эле эл аралык келишимдерди жетекчиликке алат" деп жазылган **[103].** Бул мыйзамда корпорациянын ишмердигине байланышкан негизги түшүнүктөр жазылып, аны ишке ашыруунун жолдору белгиленген. Мисалы, "телерадиоберүүлөр" деген түшүнүк "программаларды жана кошумча маалыматтарды эфир аркылуу же кабелдик тармактар менен таркатат" дегенди түшүндүрөт **[102].**

Мыйзамдын дагы бир беренесинде корпорациянын ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери камтылып, каналдын юридикалык макамы аныкталган. Корпорациянын символикасы, КР мамлекеттик герби чагылдырылган мөөрү, кыргыз жана орус тилдеринде жазылган аталышы бар. КТРКнын макамы баса белгиленип, ал менчиктештирүүгө жатпайт деп аныкталган **[102].**

Мыйзамда белгиленгендей, партиянын лидерлери, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештердин депутаттары же мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар Байкоочу Кеңештин мүчөлөрү боло алышпайт. Кеңештин курамы Жогорку Кеңеш тарабынан 5 жылга бекитилип, Президенттен – 5, Жогорку Кеңештен – 5, жарандык коомдон - 5 мүчө тандалат **[102]**. Жалпы жонунан КТРКда 760 адам иштейт: админстративдик персонал – 15 киши, телекөрсөтүү системасында – 227, радиоуктуруу системасында – 60, "Кыргызфильмде" – 40, радиотелеборбордо – 418 адам.

Өлкөнүн башкы телеканалынын тарыхында биринчи жолу коомдук берүүнүн жалпы кабыл алынган нормаларына негизделген редакциялык саясат принциби кабыл алынган. Редакциялык саясатта "КТРК мамлекеттик органдардын жана жеке тараптардын кызыкчылыктарынан көз карандысыз.

КТРКнын программалары саясий, коммерциялык, жеке тараптардын таасирине кирбейт" деп жазылган **[64].**

Бул жердеги башкаруунун формасы минтип мүнөздөлдү. "Существуют две политические командные линии, влияющие на принятие решений. Одна из них через политиков представлена в Наблюдательном совете (НС) и, вероятно, еще через генерального директора. Существуют еще несколько линий, это сбор и обработка жалоб и предложений от сотрудников ОТРК, а так же обсуждение редакционной политики с редакционным советником и представителями общественности. Все это образует очень сложную сеть политических отношений, которые обеспечивают создание необходимого баланса для принятия стратегических решений в условиях демократизации" **[42, 76-б.].** Ооба, баарысы ушундай, бирок "баланс" деген нерсе жок. Дагы бир белгилей кетүүчү жагдай бар. Байкоочу Кеңештин мүчөлүгүнө тандоо жарыяланган учурда Кыргызстанда Президент да, Жогорку Кеңеш да жок эле, ошондуктан Убактылуу Өкмөттүн "декрети" талапкерлердин тобун коммерциялык эмес уюмдардан талдоого ылайыктаган. Жалпысынан буга 59 арыз түшкөн. Анан тандоону жүргүзүш үчүн атайын комиссия түзүлгөн. 59 арыздын 47си жарактуу деп табылып, рейтинг жолу менен 15 адам тандалып алынган **[64].**

Коомдук телерадио корпорациясынын Байкоочу кеңешинин алгачкы курамы 2010-жылдын 25-августунда өлкөнүн ошол кездеги убактылуу башчысы Роза Отунбаева тарабынан бекиген. 26-августта БКнын биринчи жыйынына чогулуп, кеңештин төрагасы тандалган. Сунушталган эки талапкердин – Жедигер Саалаев менен Элвира Сариеванын ортосунда добуш берүү болуп, көпчүлүктүн колдоосу менен Сариева шайланган. Байкоочу кеңештин алгачкы курамы – 15 мүчө.

Байкоочу кеңештин төрайымы Э.Сариева Борбор Азия долбоорлорду уюштуруу, өнүктүрүү, стратегиялык пландоо боюнча медиа-консультант эле. Алгачкы курам бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнөн түзүлүп калды деген пикирлер да болгон. Анткени ошол кезде бейөкмөт уюмдар элге жакын болгон

**[64].** КТРКнын башкы директорлук орду ошол эле учурда саясий да кызмат болгону менен, Кыргыз телерадиосунун тарыхында биринчи жолу Башкы директор сынактын негизинде тандалып, орун басарларын өзү сунуштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

КТРКнын биринчи Башкы директорун шайлоо 2010-жылдын 3-октябрында өткөн. Жетекчиликке К.Оторбаевдин жана белгилүү медиа-эксперт И.Карыпбековдун талапкерлиги каралган. “Именно Карыпбеков был основным конкурентом Оторбаева на первых выборах главы ОТРК, и даже убедительно выиграл их. Но затем начались подковерные политические игры, связанные с неприятием самой персоны Карыпбекова, потому что новым властям не нравилось, что он работал в секретариате бывшего президента Бакиева” деп Азамат Тынаев жазган **[104].**

Башкы директорду шайлоонун биринчи туру “ишке ашкан жок” (не состоялся) деп жарыяланган. Ошондо эле “жогору жактан” басым болду деген сын-пикирлер айтылып, көз карандысыз делген БК жемеде калган. Ал эми БКтин төрайымы Э.Сариева кеңештин бул аракеттерин актаганга аракет кылганы менен ишеним жарата алган эмес. Ошентип, Байкоочу кеңеш алгачкы шайлоодо И.Карыпбековду КТРКнын жетекчилигине шайлаган. Бирок кайталап өткөрүлгөн добуш берүүдө К.Оторбаев жетекчи болду.

КТРКнын жетекчиси расмий түрдө Байкоочулар кеңеши тарабынан шайланып, кадр маселеси борбордук бийликтин таасиринен чыгарылгандай таасир калтырган. Бирок КТРКнын чыныгы коомдук жана көз карандысыз болушу үчүн анын каржылык маселесин чечүү маселеси турган. 2010-жылы Корпорацияны каржылоо оор болуп, финансылоо кыскартылган **[105].**

Коомдук телерадио берүүлөр корпорациясынын каржы маселесине токтололу. Канал толугу менен мамлекеттик бюджеттен каржыланат. “Коомдук” деген макамы – гранттык, демөөрчүлүк каражаттар, жарнамалык жана өндүрүмдөрдү, кызматтарды, автордук укуктарды, чарбалык иштерди жүргүзүүдөн жеке киреше табууга укук берет. Корпорациянын имараты, кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктөрү мамлекеттин менчиги болуп саналат.

Коомдук каналды каржылоо Өкмөттөн көз карандысыз, ал эми коом үчүн ачык болушу керек. Эфирдик сапатына  каржылоо жетиштүү болгону маанилүү. Бул багыттагы аракеттерди Парламент менен жарандык коомдун жардамы менен ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү бар. Практикада Коомдук канал БК менен биргеликте "КТРК жөнүндө" мыйзамдын каржы бөлүгүнө өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү аракеттерин көргөн. Анда каржылоонун көз карандысыз системасы каралмак, бирок КТРКнын сунушу эл өкүлдөрүнүн колдоосуна алынбады. Каналдын каржылык көз карандысыздык маселеси азыр да ачык бойдон калууда **[105].**

Коомдук каналды каржылоонун дүйнөдөгү тажрыйбасын карасак, бул жерде варианттар төмөндөгүдөй:

- элден чогултулган абоненттик төлөм;
- оргтехникага болгон милдеттүү салык;
- бюджеттик каржылоо.

Бюджеттик каржылоону кепилдөө үчүн каражаттын чен-өлчөмү мыйзам аркылуу аныкталып коюлууга тийиш  **[106, 76-б.].**

Диссертацияда КТРКнын маалыматтык программаларды берүү тажрыйбасы анализденди: 2010-жыл саясий окуяларга бай болду. Алардын бири – Жогорку Кеңешке шайлоолор. Бул багытта КТРК шайлоо алдындагы атайын Редакциялык саясатты иштеп чыгып, парламенттик шайлоолорду чагылдыруучу эрежелерди аныктаган. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн тарыхында биринчи жолу  жаңы технологияларды колдонуу менен ачык саясий дебаттар уюштурулган. Бул жаңылык **[103]**.

2011-жылы Парламенттик шайлоо менен президенттик шайлоону чагылдырууда КТРК талапкерлерге бирдей эфирдик аянтчаны сунуштай алды. Коомдук канал тарыхында биринчи жолу интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен саясий дебаттардын жаңы түрүн иш жүзүндө колдонду. Бул жетишкендик. Атайын иштелип чыккан Редакциялык саясаттын негизинде талапкерлердин көз карашы жана позициясына карабастан эфир берилип,

ачык саясий дебаттар өткөн. Эксперттердин баамында, КТРКда болгон теледебаттар шайлоочулардын аң сезимине таасир эткен.


КТРК шайлоо алдында талапкерлерден, партиялардан киреше алып калуу аракетинде алардын акы төлөнгөн материалдарын негизги маалыматтык программалардын блогунда эфирге берип, сын-пикирлерге кабылган. Байкоочу кеңеш телеканалдын шайлоо алдындагы акча таап алуу аракеттери көрүүчүлөрдүн тең салмактуу, объективдүү жана так маалыматтарды алуусуна бөгөт болбошу керек деп эсептеген. Натыйжада Байкоочу кеңеш 2010-жылы КТРКнын шайлоо алдындагы редакциялык саясатты кабыл алган. Буга ылайык, саясий жарнамалар, акы төлөнгөн сюжеттер каналдын жаңылыктар, маалыматтык-аналитикалык программаларынан берилбей, “Шайлоо 2010” (Выборы 2010) белгиси менен өзүнчө көрсөтүлдү.

Коомдук телерадиоберүүнү өнүктүрүү процесси бир катар маанилүү маселелерди камтыйт. Алардын бири – КТРКны туруктуу өнүктүрүүгө багытталган шарттарды түзүү:

- КТРК ээлик кылган бардык жыштыктарды КТРКга бекитүү;
- жылдык каржылоонун кепилдигин мыйзам чегинде аныктоо;
- 2015-жылы санариптик берүүнүн системасына кошулуу;
- аналогдук берүүлөрдүн токтотулушу;
- корпорациянын техникалык жактан даярдыгын камсыздоо;
- санарип каналдардын пакетин өнүктүрүү;
- маалыматтык, билим берүү, маданий телеканалдарды ачуу.


2011-жылы КТРКда ребрендинг жүргүзүлгөн. Ребрендинг (англ. rebranding) — бренди, же анын түзүмүн, аталышын, логотибин, визуалдуу жасалгасын, идеологиясын өзгөртүү. “Кара ящик” дегенден арылуу жана жаңыланган каналды сунуштоо үчүн ребрендинг жүргүзүү чечими кабыл алынды, анан сынактын жыйынтыгы менен КТРКнын логотиби өзгөрдү.

КТРКнын өндүрүмүнүн сапатын аныктоо боюнча М-Вектор, SIAR, THE GALLUP organiZAtion өңдүү компаниялар жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыгында 2010-2012- жылдарда берүүлөрдүн сапаты өстү:




*1.график. КТРКнын өндүрүм сапатын аныктоо* М-Вектор компаниясынын изилдөөлөрү **[107].**

GALLUP социологиялык изилдөө компаниясы:




*2.график. КТРКнын өндүрүмүк аныктоо* GALLUP компаниясынын изилдөөлөрү **[107].**

Санариптик берүүгө өтүү программасынын алкагында “Ала-Тоо” студиясы толугу менен жаңыланып, кымбат баалуу профессионалдык техникалар алынып, ремонт иштери жүрдү. “Internews” колдоосу менен жаңылыктардын фабрикасы болгон “Фабрика новостей” жана сервер орнотулуп, “Ала-Тоо” редакциясынын, анын ичинде жалпы КТРКны оптимизация жана автоматизациялоого шарт түзгөн. Кыргыз тилиндеги контенттин көбөйүшү менен “Дөөлөт” студиясынын көркөм фильмдерди, даректүү тасмаларды, илимий-агартуу боюнча берүүлөдү, мультфильмдерди которуу иши жанданган. 2011-жылы КТРКнын сайты (ktrk.kg) ишке кирип, жаңылыктарды он-лайн режиминде көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Программалардын форматы жакшы сапатка өттү. Түркия каналы менен бирге «Евразия жылдызын”, футбол боюнча 2010-жылдагы дүйнөлүк чемпионатын, Кытайдагы Олимпиада оюндарын түз алып көрсөтүү жана жогорудагы белгиленген иш чараларды тартуу аракеттери ишке ашкан.

Телеканалдын маалыматтык программаларын жакшыртуу багытында олуттуу иштер аткарылган. Программанын көрүмдүүлүк-көркөмдүк жана мазмундук багыты толугу менен өзгөргөн. «Ала-Тоо» маалыматтык программанын популярдуулугу артып, аудитория тарабынан жогорку баага татыган **[105, 22-б.].** Сурамжылоого катышкандардын 60 пайызы “Ала-Тоо” КТРКнын рейтингдүү көрсөтүүсү деп айтышты. 2011-жылдын май айындагы жыйынтык боюнча КТРКнын жаңылыктарына жана саясий маалыматтарына кыргызстандыктардын ишеними 42%дан 50%га жогорулаган **[108].** 2010-2012-жылдарга карата 114 анимациялык, 187 көркөм жана 127 даана илимий-популярдуу жана документалдуу фильм, же 460 сааттык телепродукция сунушталган **[105]**.

2011-жылдын декабрь айында Кыргыз Республикасынын Президенти «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» жаңы мыйзам ишке кирди. Мыйзамда Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын (КТРК) өлкө үчүн маанилүү демократиялык институт катары баалап, укуктук абалы каралган. Коомдук

телерадиоберүү корпорациянын юридикалык статусу (макамы), корпорациянын максаттары жана тапшырмалары, анын укуктары жана милдеттери, структурасы жана башкаруу органдары аныкталган **[102].** Бул мыйзамдагы негизги принциптер 2007-жылы кабыл алынган “Улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө” мыйзамында белгиленген **[102].**

Коомдук телерадио корпорациясынын 2011-жылдагы отчетунда телеканалдын маалыматтык программаларын жакшыртуу боюнча кадамдарын байкоого болот. Аналитикалык-маалыматтык программалардын көрүмдүүлүгүн арттыруу максатында “Ала-Тоо” маалыматтык программалар дирекциясынын визуалдык жана мазмундук багыттары өзгөргөн. M-Vector, GULLUP тарабынан 2011-жылдын 1-январынан 1-мартына чейин республика боюнча жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоонун жыйынтыктары “Ала-Тоо” программасынын көрүмдүүлүгү жакшырганын жана аудиториянын жогорку баасына татыгандыгын көрсөткөн.

“Ала-Тоо” программасынын ишин КТРКнын башка программаларга караганда жогорку рейтингде тургандыгын айтышкан. “Ала-Тоо”, “Новости”, “Күндарек”, “Итоги недели” жана “Жумакайрык” программалары жалпы көрсөтүүлөрдүн 12,3 %ын ээлеген. “2010-жылдагы окуялардан кийин коомдук макамга ээ болгон КТРК элге так маалыматтарды берүүгө аракет кылды” деп отчетто жазылды **[64].** “КТРК башкы директору К.Оторбаев өткөн каталыктардан сабак алып, кыргыз телевидениесин жаңыча иштетүүгө, маалыматтарды туура берүүгө аракет жасаган” деп баа берилди.

2012-жылдын 24-июнунда Жогорку Кеңеш маалыматтык коопсуздукту камсыздоо жана мамлекеттик саясатты аймактарга жайылтуу максатында “5-канал” жабык акционердик коомун “улутташтыруу жөнүндөгү» мыйзамдын долбоорун көпчүлүк добуш менен кабыл алды. “Пирамида” телерадиокомпаниясынын 100%дык үлүшү мамлекетке тиешелүү болуп калды. Албетте коомдо буга байланыштуу карама-каршы пикирлер айтылып келет. 2012-жылдын ноябрь айындагы Адилет министрлиги тарабынан берилген маалыматтары боюнча Кыргызстанда 1698 ММК катталган. Анын

934 – басма сөз, 108 – телекөрсөтүү (телекомпания, телестудия, телеканал) болсо, 51 – радиоуктуруу. Бул көрсөткүчтөр 2006-жылдагы катталган ММКнын санынан 2 эсеге көп экендигин билдирсе да, иш жүзүндө анын 30% эле ишмердүүлүгүн жүргүзүп келген.

Айрыкча, 2010-жылы “Саясатчы жана граждандарды тыңшоого уруксат берилген” жөнүндөгү мыйзамы кабыл алынып, дээрлик бийликке каршы жергиликтүү оппозициялык көз карашты чагылдырган ММКлар жабылган. Эл аралык “Азаттык” радиоберүүсүнүн убактысы кыскартылып, Баткен жана Талас облустарында гана эфирге чыгып турган. Ал эми Кыргызстандагы коммерциялык НБТ, НТС+НТВ, “Сары-Өзөн”, “Манас жаңырыгы”, “7-канал” (Ош облусунда) жана башка телекомпанияларын атоого болот. “МИР” телерадиокомпаниясы болсо, мамлекеттер аралык өзгөчө статуска ээ.

НТС телекомпаниясы алгач ВООСТ ТВ болуп түзүлгөн, 2002-жылы НТС+НТВ (Новая Телевизионная Сеть) болуп кайрадан түзүлдү. Кыргызстандын Бишкек, Чүй жана айрым башка аймактарда да берүүлөрүн көрсөтөт. Телеберүүнүн өнөктөштөрү болуп НТВ (Россия) каналы, “Эхо Москва” жана “Юмор FM” берүүлөрү саналат. Суткасына 23 саат эфирге чыгат. Спорттук “Таймаш” берүүсү, “Обзор”, “Чрезвычайное происшествие”, “Атайын репортаж”, “Жумалык” маалымат-аналитика программасы, өлкөдөгү саясатчыларды жана саясий процессти чагылдырган “Паралелли” берүүлөрү актуалдуу.

2012-жылы Жогорку Кеңештин отурумунда депутаттар тарабынан Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Байкоочу кеңешинин жаңы 15 мүчөсү шайланды. Рейтингдик добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча КТРКнын Байкоочу кеңешинин курамына сунушталган 35 талапкердин ичинен Президенттен, Жогорку Кеңештен жана жарандык коомдун ар биринен бештен өкүл шайланган. Байкоочу кеңеш төрага кылып Кылычбек Султановду бекитти. Буга чейин төраганы шайлоо башкы маселе катары каралып келсе, эми ал модератор сыяктуу кызмат кылаары белгиленген. Көп өтпөй К.Султанов социалдык өнүгүү министри

болуп дайындалып, төрагалык милдетти өткөрүп берген. Байкоочу кеңештин төрагасына Фархад Бекмамбетов шайланды **[105, 5-б.].**

2012-жылдын акырында маалыматтарды таркатуунун заманбап ыкмасы катары www.ktrk.kg веб сайты жаңыланып, мультимедиалык стандарттар боюнча иштелип чыккан. Сайт онлайн сыяктуу мобилдик телефондор, смартфондор жана планшеттер аркылуу көрүү үчүн ыңгайлаштырылган. Чет жактарда жашаган мекендештерди өлкөдө болуп жаткан окуялар менен кабардар кылуу аракети ишке ашты **[105, 11-б.].**

Коомдук канал үчүн коомчулуктун пикирлерин талдоо маанилүү. Бул багытта Интерньюс Нетуорк аймактарда жана Бишкекте 3 айда 550дөн ашык адам катышкан коомчулук менен жолугушууларды өткөрдү. Мындай байланыштын натыйжасында аудиториянын керектөөлөрү эске алынып, каналдын дарегине айтылган сунуш жана арыздануулар талкууланып турган.

Коомдук макам эл аралык мамилелерди бекемдеп, алар менен өнөктөштүк мамилени өнүктүрүүгө жол ачты. Бул мындай болгон: Жапон эл аралык кызматташуу агенттиги (JICA) колдоо көрсөтүү катары 800 миң долларга техника түрүндө грант бериши, Түрк коомдук телерадиокомпаниясы (TRT) менен контент алмашуу жана жылына КТРКнын 12 кызматкери бир айлык стажировкадан өтүү жана окуу боюнча келишим түзүлүшү, Түрк эл аралык кызматташуу агенттиги (TICA) 50 миң долларга техникалык жабдууларды жибергени, Интерньюс "Кыргызстандагы коомдук берүүнү реформалоого колдоо көрсөтүү" долбоорун баштаганы, BBC Бүткүл дүйнөлүк кызматы, Эркин Европа Радиосу (Азаттык) жана КЭР СУРТ (Кытай терезеси) менен маалымат таркатуу жана кадрларды окутуу боюнча макулдашуулар узартылышы, КТРК улуттук масштабдагы канал катары Ислам берүүлөрү союзуна (IBU) толук кандуу катышуучу катары кириши **[105, 16-б].**

Корпорация тарабынан ички актылары иштеп чыгуу боюнча "Корпорация жана анын структуралык түзүлүштөрү тарабынан келишимдик ишмердикти жүргүзүү жөнүндө" жобо, "Корпорациянын кызматкерлеринин ички эмгек тартибинин эрежелери", Корпорациянын кызматкерлеринин

кызматтык нускамалары, “Корпорациянын коллегиясы жөнүндө” жобо, “Корпорациянын иш кагаздары боюнча нускама”, “Корпорациянын кызматкерлерин аттестациядан өткөрүү жөнүндө” жобо, Корпорациянын кызматкеринин Эмгек келишиминин долбоору, “Жарнама жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзамына карата сунуштар жана сын-пикирлер иштелип чыккан.

2012-жылдын 1-октябрынан тартып эфирге “Музыка” телеканалы чыкты. “Ала-Тоо” программасынын блокторунда күн сайын берилүүчү жаңы “аймактык жаңылыктар” деген рубрика жаралды. КТРКнын көрүмдүүлүгү жогору өсүп, жаңы теледолбоорлор пайда болоду - “Аалам сырлары”, “Кыз жигиттин Сармердени”, “Түнкү канал”, “ТВ-Бар”, “Достук”, “Акыл Ордо”.

2012-жылдын 3-сентябрынан тарта телеканал көрсөтүүлөрдү Бишкек шаарын жана Чүй облусуна күнү-түнү берүүгө өткөн. Ошол мезгилге карата КТРК бир телевизиондук жана үч радиоканалга, үч чарбалык структурага – КТРК, РРТЦ жана “Кыргызтелефильм” ээлик кылчу. Корпорацияда жалпы 760 кызматкер болгон.

КТРКнын Байкоочу кеңешинин жылдык отчетуна таянсак, “М-Вектор” консальтинг компаниясы тарабынан 2011-2012-жылдарда жүргүзгөн сурамжылоо боюнча КТРКнын көрүмдүүлүгү жергиликтүү жана чет элдик телеканалдардын алдына чыккан.




*3.график. КТРКнын көрүмдүүлүк деңгээли боюнча “М-Вектор” изилдөөсү* **[125].**

Кыргызстанда башка көрсөтүүлөргө салыштырмалуу жаңылыктар көрүмдүү. Изилдөөлөргө таянсак, ТОП 10 ичине кирген жергиликтүү телеканалдардын жаңылыктарынын биринчи катарында КТРКнын “Ала-Тоо” программасы турган. Биринчиден, КТРК аудиториянын кеңири катмарын камтыйт. КТРК аркылуу чын же жалган маалыматтар берилип жатабы, бары бир көрүмдүү. Калктын басымдуу бөлүгү КТРКны көрүүнү жөн гана адат кылып алганын да эске алуу керек. Ошол эле учурда “Ала-Тоо” маалымат программасы өз ичине түрдүү тематикадагы малыматтарды камтый алгандыгы менен көрүмдүү. Экономика, саясат, экология, дин, спорт, маданият, кылмыш, социалдык маселелер ж.б. Медиаизилдөөнүн жыйынтыктары боюнча күн сайын каналды 1 354 587 адам көрөт. Демек алар түрдүү тематикадагы маалыматтардын көрүүчүлөрү болуп жатат. Дал ушул тематикалык ар түрдүүлүк, аймакты камтуу мүмкүнчүлүгү жана көрүү адаты көрүмдүүлүк деңгээлин көтөрүүдө деп жыйынтыктасак болот.

2011-жылдын биринчи декадасында ички каражаттардын эсебинен социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Максаты – телекөрсөтүүлөрдүн

популярдуулук рейтингин, телекөрүүчүлөрдүн каалоосун жана сунуштарын изилдөө. Сурамжылоого 4000 респондент катышып, жыйынтыгында айрым телекөрсөтүүлөрдү жабуу чечими кабыл алынган.

Төмөнкү таблицада КТРКнын программаларынын жанрдык үлүшү көрсөтүүнүн жалпы көлөмүнүн процenттери менен берилди:




*4.график. КТРКнын программаларынын жанрдык үлүшү көрсөтүүнүн жалпы көлөмүнүн процентtери менен* **[64].**

2013-жылы КТРКнын Байкоочу кеңештин төрагалыгына Илим Карыпбеков шайланды **[109, 5-6-бб.].**

2013-жылдын сентябрынан тарта Байкоочу кеңештин макулдугу менен канал жаңы сеткалык берүүлөрдү (сетка вещания) эфирге чыгара баштаган. Ар түрдүү көрсөтүүлөр, жаңыланган теледолбоорлор, жаңы сериалдар жана

аудиториянын талабына ылайык программалар менен толукталган – “Ден соолуктун сырлары”, “Ой ордо”, “ЖКХ”, “Чарбакер”, “Сереп”, “Маданият майданы”, “Алтынчы күнү кечинде”, “Тоолуктардын ток-шоусу”, “Мага жар керек”. Ошондой эле аудиториянын купулуна толо алган “Сармерден”, “Акыл Ордо”, “Манас Таануу” берүүлөрү эле.

“Ой Ордонун” жергиликтүү эл менен бийликтин катышуусунда көчмө (переносная) студиясы уюштурулуп, бир сааттын ичинде аймактардагы актуалдуу маселелер талкууланган. 2013-жылдын сентябрь айынан ноябрына чейин 7 көчмө көрсөтүү тартылган. Ушундай эле түрдө “ЖКХ” программасы тартылган. Мындай аракеттер эл менен Коомдук телеканалдын ортосундагы байланышты чыңдап, ишенимге ээ болууга мүмкүндүк түздү. Ошол эле учурда КТРКнын аймактардагы кабарчылык корпустары маалыматтарды берүүнүн жаңы ыңгайларына ээ болушту. Мисалы, Оштогу түштүк аймагы боюнча кабарчылык офиси толугу менен жаңыланган. Кабарчыларга жаңы видеокамералар берилген.

Экономикалык жаңылыктарды берүү багыты да колго алынган. Экономикалык маалыматтарды көбөйтүү үчүн “Ой-Ордо” көрсөтүүсүнүн алкагында социалдык-экономикалык маселелерге арналган актуалдуу темалар күнүгө чагылдырылып турду. Иш күндөрү “Ала-Toонун” “Ала-Тоо Экономика” деген блогу, “Деловой Кыргызстан”, “Кыргыз KG” экономика боюнча кабарларын, жаңылыктарын сунуштаган.

Спорт жаңылыктарын берүүнү жакшыртуу багытында КТРК 2013-жылы дүйнөлүк футбол оюндарын көрсөтүү үчүн лицензияга ээ болгон өлкөдөгү жалгыз телеканал боло алды. УЕФАнын Чемпиондор Лигасынын футбол оюндары кыргыз тилинде түз бериле баштаган. Мындан тышкары, Австралия, Чехия, Алматада өткөн спорт оюндарын, улуттук “Көк бөрү” оюнун көрсөттү. Спорт жаңылыктарынын алкагында ”Спорт дүйнө“, “Спортивная мозаика”, “Деңиз жылдыздары”, “Чилденин чилтендери” сунушталып келди. Спорттук маалыматтардын жалпы көлөмү 147 саатты, же жалпы берүүлөрдүн 5%ын түзгөн. Көрүүчүлөрдүн өзгөчө күтүп көргөн программасына

журналисттердин иликтөөлөрү кирди. Актуалдуу жана резонанс жараткан коомдогу темалар “Ала-Тоо” студиясынын кабарчылары тарабынан атайын репортаж форматында берилип турду. 2013-жылы мындай репортаждар 2 491 мүнөттү түзгөн. Натыйжада “Эмнеге”, “Журналисттик иликтөө” деген эки көрсөтүү ачылып, анда журналисттик иликтөөнүн элементтери орун алды.

Коомдук телеканал мамлекеттик органдардын маалыматтарын таркатууда жана алардын ишмердүүлүгүн чагылдырууда “КРнын Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы жөнүндө” мыйзамына ылайык иш алып барат **[103].** Президенттин, спикердин, премьер-министрдин иштерине байланышкан маалымат күн сайын “Ала-Тоо” каналынын программалары жана блоктору аркылуу берилип турат. Жогорку Кеңештин ишмердүүлүгү жумасына бир жолу “Парламент” программасы, Өкмөттүн ишмердүүлүгү жумасына бир жолу атайын “Өкмөт сааты” программасы аркылуу чагылдырылып турган. Мамлекеттик органдардын ишине байланышкан иш-чаралар “Замана”, “Ой-Ордо”, “Күндүн темасы”, “Сереп” программалар аркылуу көрсөтүлөт. Мындан сырткары Өзгөчө кырдаалдар жана Ички иштер министрликтери менен биргеликте “Өзгөчө кырдаалдар”, “Телекүзөт”, маданият министрлиги менен эл аралык “Мейкин Азия” фестивалы өттү. “Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы жөнүндө” мыйзамына ылайык, мамлекеттик органдардын маалыматын көрсөтүү милдети толугу менен аткарылууда, бирок КТРК менен мамлекеттик органдардын ортосунда маалыматтык кызматташтык боюнча формат аныктала элек.

2014-жылдын июлунан тартып жылдын акырына чейин Башкы директорлук кызматты Султан Жумагулов ээлеген. 2015-жылы бул орунга 11 добуш топтоо менен Илим Карыпбеков дайындалган. Дайындоо, өз каалоосу боюнча мурунку башкы директордун отставкасынан кийин жүргүзүлгөн. КТРКнын ишмердигин жөнгө сала турган өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн татаалдыгы стратегиялык планды иштеп чыгуу үчүн бир топ кыйынчылыктарды жараткан **[110, 3-б].**

Санариптик телеберүүлөрдүн социалдык пакетине КТРКнын социалдык-багытталган тармактардагы 5 (беш) каналы кирди:

Коомдук Биринчи канал – коомдук-саясий телеканал

Маданият – маданий-агартуучу телеканал

Баластан – балдар-билим берүүчү телеканал

Музыка – музыкалык-көңүл ачуучу телеканал

Спорт – жаңы спорттук телеканал

2014-жылы КТРК ишмердүүлүгүн интернет платформалар аркылуу жылдырууга аракетин баштады. Эфирден кийин маалыматтык программаларды, актуалдуу көрсөтүүлөрдү, атайын репортаждарды Facebook, Одноклассники, Twitter социалдык платформаларга жайгаштырып, көрүүчүлөрдү көбөйттү. Социалдык түйүндөрдө катталгандардын саны 2015-жылы эки эсеге өскөн. Мисалга алсак, Facebook курамында катталгандардын саны 10 миңден ашса, Twitter - 29 миң. Youtube каналындагы катталуучулар 10 миллиондон ашкан [**110, с.21].**

2015-жылдын 12-февралында КТРКнын БКнын төрагасы болуп бир жылдык мөөнөткө Абды Сатаров шайланган. Ошол жылга КТРКнын көрсөтүүлөрдүн санариптик системасына өтүү боюнча маанилүү милдети коюлган. Аны ишке ашыруу үчүн колдо бар каражаттарды комплекстүү түрдө кайрадан толуктоо жана жаңы каналдар үчүн кошумча каражаттарды алуу керек эле. 2011-2015-жылдар аралыгында КТРК эл аралык талаптарга жооп бере турган сапаттуу журналистиканын үлгүсүн көрсөтүү аракетинде болду.

2013-2015-жылга карата Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Өнүгүү стратегиясы 2012-жылдын 6-декабрында КТРКнын Байкоочу кеңеши тарабынан колдоого алынып, 2013-2015-жылга карай Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясынын Өнүгүү стратегиясы каналдын менеджменти тарабынан иштелип чыккан. Документти иштеп чыгууда, өлкөнүн негизги каналын өнүктүрүү максатында коомдун өкүлдөрүнөн, жарандардан кеңири кеңештер, ой-пикирлер кабыл алынып, документке камтылган **[64].**

КТРКнын Өнүгүү стратегиясы алдыдагы үч жылга карай милдеттерди жана максаттарды камтып, коомдук берүүнүн принциптерине жараша корпорациянын өнүгүүсүнө карай максаттуу кадамдар каралган. Өнүгүү стратегиясында төмөнкүдөй милдеттер коюлган: эффективдүү менеджмент, санариптик берүүгө өтүү, контентти жакшыртуу, каражат табуу булактарын көбөйтүү, кызматкерлердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана каналдын техникалык жабдыктарын жаңылоо. Муну аткаруу вазыйпасы КТРКнын кийинки дайындалган жетекчисине өттү.

Санариптик берүүгө өтүүнүн алкактарында колдо бар студияларды модернизациялоо боюнча иштер улантылып, масштабдуу оңдоо концерттик студиясында жүргүзүлгөн. Аппараттык студиялар жаңы санариптик жабдуулар менен камсыздалды. Эркиндик бульварында жайгашкан телевизиондук студия капиталдык оңдоодон өтүп, санариптик телеберүүнүн социалдык пакетиндеги КТРКнын телеканалдарынын биринде күнү-түнү берүүлөр үчүн адаптацияланган.

КТРКны каржылоо тышкы жана ички каржылоосуна токтолсок, тышкы каржылоо – бул башка министрликтер жана ведомстволор менен катар республикалык бюджеттен, ичкиси – өздүк каражаттардын эсебинен каржыланат.  Ушуну эми таблица түрүндө көрсөтсөк:

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Республикалык бюджет | 408 453,9 | 400 464,3 | 438 852,4 | 427 816,7 | 400 233,4 |
| Жеке каражаттар жана гранттар | 89 004,8 | 94 725,8 | 118 192,3 | 188 098,8 | 265 348,6 |
| Бюджет, жалпы | 497 458,7 | 495 190,1 | 557 044,7 | 615 915,5 | 665 582,0 |

*№1 таблица.* **[111, с.20].**

Корпорациянын бюджети 2015-жылы  мурунку жылга салыштырмалуу 94 361,1 миң сомго же 16,5% га өскөн. Корпорациянын бюджетинин өсүшү өздүк каражаттарынын эсебинен болгон  - 121944,4 миң сом же 85% эле. Бул парламенттик шайлоолордун  жарнамалыктан түшкөн каражат **[111, 20-б].**

И.Карыпбековдун 1 жылдык ишинин жыйынтыгында көп кызматкерлер иштен четтеген. 2015-жылдын 31-декабрына карата телерадионун 66 кызматкери ишинен бошотулган, алардын ичинен 60 кызматкер өз каалоосу боюнча кетишкен. Бул расмий маалымат. Бирок опузалап иштен кетирүү, мыйзамсыз жумуштан алуу адатка айланып калган. Соттук кайрылуулар да болгон **[111, 12-б.].** Редакциялык саясат бузулуп, "Илим жана турмуш" программасы эфирден алынды. Жетекчиликке наараазы арыз-даттануулар көбөйүп, Байкоочу кеңеш КТРКнын башкы директору И.Карыпбековго, анын орун басары К.Асылбашевге ишмердиги тууралуу сын айтылган. СЭИП студиясынын продюсери К.Ариповага эскертүү берилген **[112, 16-б.].**

Байкоочу кеңеш КТРКнын телевизиондук өндүрүмүн сапаттык жактан талдоого алып, программалардын басымдуу бөлүгү продакшн студиялар тарабынан даярдалаарын, штаттагы журналисттердин долбоорлору колдоого алынбаганын, маектешүүчү программалар чакырылган адамдарды "пиар" кылганын, маалыматтык чыгарылышта бир кабарчынын үчтөн ашык сюжетинин берилишин, тексттердеги, жүгүртмө саптардагы, субтитрлердеги каталарын белгилеген. Улуттук идеологияны даңазалоо программалардын аздыгы, алып баруучулардын билим багытындагы кемчиликтер, режиссер-оператордук иштеги каталар, жаңы көрүмдүү программалардын жоктугу деген маселелер ачыкталып, жетекчилерге эскертилген **[112, 18-19-бб.].**

КТРК Кыргызстан аймагын кеңири жана толугураак камтыган бирден-бир ири маалымат каражаты. Ошондуктан, анын Кыргызстан калкына маалымат жеткирүүдө, өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун сактоодо жана улуттук кызыкчылыгын коргоодо, мамлекеттин саясатын элге жеткирүүдө мааниси чоң. КТРКдагы кардиналдык реформаларга байланыштуу, Коомдук каналдын Акыйкатчы институтун түзүү керек болду. Акыйкатчы КТРКнын берүүлөрүнүн укуктук багытта маанилүүлүгүн аныктап, укуктук баа берүүгө жөндөмдүү. 2015-жылы КТРКнын Редакциялык кеңешчисинин (Омбудсмен) дарегине жарандардан ар түрдүү темаларга, проблемаларга, эскертүүлөргө тиешелүү 672 кайрылуу жана даттануу келип түшкөн **[111].**

2016-жылдын апрелинен тартып ”Азаттык” менен түзүлгөн келишимдин мөөнөтү аяктаган. Келишимдин жалпы суммасы 224 412 АКШ долларын түзгөн. И.Карыпбеков “мындай сумманын жок болушу Корпорациянын бюджетине таасир кылган эмес” деп отчет берген. Бирок кеп “Азаттыкты” КТРКнын эфири аркылуу чыгарбоо деген божомолдор айтылып турду. Ошол жылдары “Азаттыктын” берүүлөрү бийликти кескин сынга алып турган. Бул президентке жаккан эмес. Натыйжада КТРКнын эфиринен көрсөтүлүп келген “Азаттыктын” программалары ар башка шылтоо менен алынып салынган.

2016-жылдын 1-мартында КТРКнын санариптик телеберүүсүнүн социалдык пакетиндеги “Маданият-Тарых-Тил” телеканалынын берүүлөрү ишке киргизилип, ал “Маданият” телеканалынын базасында түзүлгөн. Анан сентябрдан тартып өлкөнүн телекөрүүчүлөрүнө дагы бир телеканал “Ала-Тоо 24” сунушталды. Телеканалдын негизги максаты – аудиторияга ыкчам жана анык түрдө өлкөдөгү жана дүйнөдөгү өтүп жаткан бардык маалыматтарды берүү менен, каналдын берүүлөрү мамлекеттик жана расмий тилде дагы жүргүзүлөт. “Ала-Тоо 24” телеканалы маалыматты күнү-түнү бере алган жалгыз канал болуп калды. Каналдын берүүлөрү үзгүлтүксүз жаңылыктарды чагылдыруу форматында түзүлүп, көрүүчү телеканалды сутканын каалаган убактысында жандырып, болуп жаткан окуяларды биле алат. Берүүлөр башталган учурдан тартып бүгүнкү күнгө чейин “Ала-Тоо 24” телеканалы өлкөнүн бардык булуң-бурчтарына жетет. Берүүнүн жалпы көлөмүндө КТРКнын каналдары 2016-жылы суткасына 122 саатты өндүргөн.

2016-жыл ичинде www.ktrk.kg сайтына 500 миңден ашуун колдонуучу катталган, алардын ичинен 480 миңи уникалдуу (сайтка алгачкы жолу кирген) колдонуучулар. 3 миллион 600 миң карап чыгуулар болду. Мобилдүү түзүлүштөрдөн сайтта 1 миллион 800 миң кароо жүргүзүлгөн. 2016-жылы ай ичиндеги колдонуучулардын орточо саны ай сайын 70 миңден ашуун адамга жеткен. Уникалдуу коноктордун санынын өсүү динамикасы (сайтка алгачкы жолу кирген колдонуучулар) ай сайын орто эсеп менен 40 миңди түзөт **[111].**

2016-жылы жасалган иштердеги жетишкендиктер менен кемчиликтер да орун алган. Башкы директорго, продюсерлерге наараазылыктар, арыз-даттануулар Байкоочу кеңештен каралып, калыс чечим чыгаруу үчүн аракеттери болду. Башкы директорго редакцияларда түзүлгөн чыр чатакты тартипке келтирип, моралдык – психологиялык жана чыгармачылык жактан атмосфераны түзүү тапшырылган. 2016-жылдын 14-июнунда Байкоочу кеңештин жыйынында иш кемчиликтери үчүн КТРКнын башкы директору И.Карыпбековго сөгүш жарыяланган.

Байкоочу кеңеш тарабынан 2016-жылы үч айдагы эфирден кеткен көрсөтүүлөр мүнөтүнө чейин текшерилип, талдоо жүргүзүлгөндө көп маселелер чыккан. Комиссиянын жыйынтыгы боюнча Байкоочу кеңештин көпчүлүк мүчөлөрү Илим Карыпбековго ишеним көрсөтпөй, Жогорку Кеңешке кайрылган. Ал отчет берүү мөөнөтүн ар кандай ыкмалар менен улам жылдырып, акыры башкы директорду колдобогон кеңештин курамын мөөнөтү бүтүшүнө чейин алып келген. Болбосо БКтин ошол курамы И. Карыпбековду кызматтан алуу сунушун ЖКке алып чыкмак. КТРКнын Байкоочу кеңешинин А.Сатаров, Ж.Бакашева жетектеген курамы миссиясын татыктуу аткарып, коомдук каналдын калыптанышында жана өнүгүшүндө критерийлердин так сакталышына көзөмөл кылышкан. Менеджментти дайындап, финансыны тактап, контентти түзүп, каналдын мазмунун көзөмөлдөө функциясын так аткарган **[112].**

2016-2018-жылдары Байкоочу кеңешти Жыпар Жекшеев, 2019-2020-жылдары Азамат Болгонбаев жетектеди.

2017-жылга карата Коомдук телекөрсөтүү ээ болгон каналдардын тизмеси мындай:

*“Коомдук биринчи канал”.* Телеканал жума сайын ар түрдүү формат менен 50 программа чыгарат, бул өздүк берүүлөрдүн 36 саатын түзөт. Эки тилди бирдей алып кеткен өлкөдөгү эң популярдуу канал болуп саналат. Мамлекеттеги калк отурукташкан пункттарды камтуу боюнча 97,3% түзөт.

*“Ала-Тоо 24”.* Телеканал бүгүнкү күндө күнү-түнү маалымат берүү

боюнча жалгыз канал. Көрүүчү күндүн кайсы маалы болбосун телеканалды көрүп, 30 мүнөттүн ичинде бардык жаңылыктардан кабардар болуп калат.

*“Маданият-Тарых-Тил”*. Телеканалдын максаты калктын моралдык-этикалык жана маданий-эстетикалык керектөөлөрүн канааттандыруу. Өсүп келе жаткан жаш муунга тарых, салт-санаа, үрп-адат жана тилди үйрөнүү аркылуу маданий иденттүүлүктүн негиздерин үйрөтүү.

*“КТРК Музыка”*. Телеканалдын миссиясы – ата-мекендик музыканы пропагандалоо, маданиятты коргоо, жаңы музыкалык тилди, багытты издөө, өзүбүздүн өлкөбүздүн аткаруучуларын колдоо, телекөрүүчүлөргө жакшы маанай тартуулап, жаштардын көңүл ачуусуна шарт түзүү.

*“КТРК Спорт”*. Телеканал спорттук темага, дене тарбия жана сергек жашоо образын пропагандалоочу телевизиондук продукцияны түзүп жана таркатууга багыт алат. Улуттук спорттун түрлөрүн жайылтууга кол кабыш кылып, жаштарды спорт менен машыгууга кызыктырат.

*“Баластан”*. Балдар жана алардын ата-энеси үчүн бирдиктүү маалымат аянтчага айланган алгачкы балдар каналы. Программалардын көпчүлүгүн балдар өздөрү алып барышат. Мектеп жашына чейинки бөбөктөргө жана башталгыч класстын окуучуларына, өспүрүмдөргө (7 жаштан 15 жашка чейин) багытталат. Каналдын негизги контенти – билим берүүчү жана дүйнө таанымды кеңейтүүчү көрсөтүүлөр, мультфильмдер, балдарга арналган фильмдер **[112, 22-б.].**

КТРКнын башкы директору И.Карыпбековдун төрт жылдык мөөнөтү аягына чыгып жатканына байланыштуу 2020-жылдын 18-январында жаңы директорлукка сынак жарыяланган. Талапкерлерден документтерди кабыл алуу 18-февралда аяктамак. КТРКнын башкы директорун Байкоочу кеңеш шайлайт. Талдоочулар парламентте анын бир мүчөсүн шайлоо алдыдагы КТРКнын директорлугуна боло турган сынакка байланыштуу саясатташып кетти деп эсептешет. Бул шайлоо бийлик үчүн маанилүү экенин көрсөттү.

Байкоочу кеңештин 2020-жылы шайланган төрагасы Кубат Болотканов Жогорку Кеңештин жыйынында “2020-жылы КТРКнын тарыхында Башкы

директорду шайлоо биринчи жолу “Ак үйдүн” кийгилишүүсү жок дайындалды” деп билдирди. Буга чейин БКнын мүчөсү болгон К. Болоткановдун мындай билдирүүсү каналдын жетекчилиги жогорку жактын таасири менен тандалып келгенин далилдейт **[116].**

Ошентип, Европа стандарттары боюнча коомдук телекөрсөтүү – бул мамлекеттик макамы бар телерадио компанияларды реформалоо. Кыргызстан европалык жолду тандады, бирок формасы менен мазмундун ортосундагы диалектикалык биримдикке (дилектичнселое единство) жете албады. Телеканал коомдук делген макамын актай албады. Анткени телеканал президенттин ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды дайыма позитивдүү маанайда берип келген. Мамлекетти, президентти сындаган көз караштагы адамдарды телеканал чакырмак түгүл, чукул жолоткон эмес. Демек, дагы деле администрацияда телеканалга, анын редакциялык саясатына таасир эте турган рычаг болгон. Кеп телеканалдын “коомдук” макамында эмес, маселе анын жетекчилиги менен кызматкерлеринин абийиринде эле. Коомдук каналдын кызматкерлери коомдун кызыкчылыгына иштеп, коррупция, жакырчылык маселелерди ачык чагылдырып баштаган учурдан тарта чыныгы коомдук медиа пайда болду деп айтууга негиз болмок.

## 2.3. Санариптик технологиянын шартындагы маалыматтык берүүлөр

“Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдар мезгилине туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук стратегиянын” 3-главасынын 3-беренеси “Сөз эркиндигине болгон укук Кыргызстан калкынын башкы жеңиштеринин бири болуп саналат жана биздин өлкөдө аны коргоо Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ошондой эле бир катар эл аралык документтер менен камсыз кылынат, алардын ичинде Адам укуктарынын жалпы декларациясы да бар” деп башталат. Бул берене Кыргызстандын мамлекеттик маалыматтык саясатын түзүүгө жана сөз эркиндигин камсыздоого арналган **[117].** Улуттук стратегияда көз карандысыз маалымат каражаттарынын ишмердүүлүгү үчүн жетиштүү шарттар түзүлгөнүнө карабастан укуктук, экономикалык, саясий, социалдык-маданий жана уюштуруучулук чаралардын комплексин жөнгө салган натыйжалуу мамлекеттик маалыматтык саясатты иштеп чыгуу зарылдыгы бар экени айтылат. Мындай иш-чаралар жарандардын маалыматка болгон жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, өлкөнүн бирдиктүү маалыматтык жана телекоммуникациялык мейкиндигин түзүү, Кыргызстандын жарандарынын мамлекеттик саясаттын негизги багыттары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу үчүн эффективдүү долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу багыттарын камтышы керек.

Санариптик берүүгө өз убагында өтүү үчүн инфраструктураны активдүү даярдоо жана түзүү артыкчылыктуу улуттук долбоорлордун бири катары көрсөтүлгөн, анткени санариптик телеберүүнү өнүктүрүүдөгү артта калуу жаңы технологиялык этапта маалымат мейкиндигин өнүктүрүүдө жоготууларга алып келиши мүмкүн эле. Санариптик телеберүүгө өтүү менен Кыргызстан дүйнөлүк маалымат мейкиндигине чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Санариптик технологияларга өтүү процессинде экономикалык, саясий, технологиялык жана чыгармачылык факторлор айкалышып, медиа чөйрөнүн өнүгүүсүнө кошумча шарттар түзүлдү. Адатка айланган “телевизор көрүү”

түшүнүгү кеңейип, санариптик, интерактивдүү телекөрсөтүү пайда болуп, ал мобилдик телефондун жана Интернеттин жардамы менен ишке ашууда. Телекөрүүчүлөр программаларды Интернет-портал жана телеканалдарга тиешелүү сайттар аркылуу, тематикалык телеканалдардан көрүүгө багыт алды. Коммуникация каражаттары жаңы маалыматтык технология менен толукталды. Жаңылоо мезгили өкүм сүрүп, маалымат алуудагы жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылууда.

Санариптик каражаттардын сан жагынан көбөйүп, сапат жагынан жакшырып жаткандыгы адамдардын социалдык-саясий, экономикалык, маданий, дипломатиялык жана башка багытта ой пикирин жаратуучу күчүнө ээ кылууда. Диссертант тарабынан телекөрсөтүүнүн өнүгүүсүнүн жаңы багыттарын, азыркы телеканалдарда маанилүү маселе болгон санарип стандарттарын ачып берүү аракети жасалды. Санарип – коммуникациянын бардык тармактарын камтыйт. Телекөрсөтүүнү өкмөт жарандардын көз караштарына жана баалуулуктарына таасир этүү үчүн колдоноору белгилүү. Санариптик берүүгө өтүү – бул бир гана техникалык эмес, бул социалдык, маданий, экономикалык жана саясий маселе **[117, 10-б.].**

Санариптик телекөрсөтүүнүн пайда болуу жана өнүгүү тарыхын бир нече этапка бөлүп кароого болот. Ар бир этапта илимий-изилдөө иштери жана тажрыйбалар жасалып, эксперименталдык шаймандар жана системалар пайдаланылып, тиешелүү уюмдардын колдоосуна алына турган эл аралык стандарттар колдонулган. Ушуга көңүл бурсак, азыркы санартиптик берүүлөр үч стандарт менен ишке ашууда. Японияда – ISDB, Америкада – ATSC, Европада – DVB. Стандарттардын негизинде тыгыздоонун MPEG-2 технологиясы жатат. Азыр MPEG-4 технологиясы кеңири колдонулууда. Стандарттардын бардык түрү жыштыктарды колдонуу диапазону, модуляциялоо жана сигнализациялоо методдор менен айырмаланат.

Санариптик берүүлөрдүн жаңы стандарттарын ишке киргизүү аракеттери 1990-жылдары Европа, Америка жана Японияда башталган. Өнүккөн мамлекеттер аналогдук телекөрсөтүүдөн баш тартып, телекөрсөтүү

жана алардын колдонуучулары үчүн кызыктуу болгон “санарип” форматына өтүү маселеси жанданган. Россияда 2004-жылы санариптик телеберүүнүн европалык DVB стандартына өткөрүү максаттуу экени аныкталып, өкмөт “Распоряжение номер 706-Р” деген токтомду чыгарган. Ошондон тарта видеосигнал жана үндү берүү жаңы форматта башталды **[118].**

Бардык кызыккан тараптарды катыштыруу менен “санарипти” киргизүү боюнча жигердүү иш алып баруу керек деген сунуштар берилген. Ага жооптуу мамлекеттик органдар, мамлекеттик уюмдар жана мамлекеттик ишканалар, бизнес жана калк **[117, 16-б.].** Кыргыз Республикасынын аймагында санариптик эфирдик телекөрсөтүү атайын тандалып алынган стандарт менен ишке киргизилген. Аймактарга санариптик эфирдин көрсөтүүсү DVB-T2 стандартында ишке киргизилди. Сигналды керектөөчүгө кошумча чараларсыз жеткирүүдө санариптин артыкчылыгы болуп эсептелет. Мында кабель тартуунун жана тутумду жөнгө салуучу адисттерди чакыруунун кажети жок. Модернизацияланган тирөөчтөр орнотулса, телекөрсөтүүлөрдү жазууга жана архивдерди колдонууга, тилдерди тандоого жана субтитрлерди колдонууга, жаңы кызматтарды (интерактив жана мультимедиа берүүлөр, санарип Интернет менен айкалышы) ачууга мүмкүндүк түзөт **[119].**

Кыргызстан санарипке өтүүдө төмөнкү артыкчылыктары эске алынган:

- сүрөттүн жана үндүн жогорку сапаты;
- санарип жабдыгын колдонуунун жөнөкөйлүгү;
- сигналдын таратуу аймагынын кеңдиги;
- жыштык ресурсунун натыйжалуу колдонулушу;
- тоскоолдуктардан корголушу;
- калкка жеткиликтүү телеканалдардын санынын кеңейиши;
- санарип түйүнү аркылуу жаңы кызматтарды өнүктүрүү;
- ТВ аркылуу электрондук өкмөттү колдонуу мүмкүнчүлүктөрү;
- бейтапканагадагы кезекке жазылууга жардам **[117, 34-35-б**].

Мындай жаңылanууга Кыргызстандын телеканалдары өз учурунда ээ боло алды. Толук болбосо да санариптик форматка өтүү аракеттери тоолуу

аймактарда азыр да уланууда. Ыкма менен телеканалдардын саны көбөйүп, үн менен видеонун сапаты жогорулады. Көрүүчүлөрдүн телеканал тандоодо мүмкүнчүлүктөрү кеңейди. Ири жана каржылык жактан туруктуу, же мамлекет тарабынан каржыланган телеканалдар жаңылыктарга болгон суроо-талапты эске алуу менен күнү-түнү иштей турган атайын жаңылыктардын каналын ачууга багыт берилди.

Жакынкы Россия жана Казакстандын санарип аракеттерин мисалга ала турган болсок, Россиялык "РТР" каналы "Россия 24" жаңылыктар каналын ачууга жетишсе, мамлекеттер аралык "Мир" телеканалы "Мир 24" каналын түзүп, жаңыча иштөөгө жол ачылды. Ушундай эле канал Казакстандын негизги телеканалында пайда болгон. 2016-жылдын 1-сентябрынан тарта телеканалга ребрендинг жүргүзүлүп, ушул мезгилден баштап "Хабар 24" деген аталышта телеканал эфирге чыга баштаган. Азыр Казакстанда санариптик технологияны колдонуу менен экономиканы өнүктүрүү жана калктын жашоо-шартын жакшыртууга багытталган мамлекеттик программа иштеп жатат **[120].** "Россия-24" жаңылыктар телеканалы Россиянын санариптик телевидениесинин биринчи мультиплексине кирген. Сынчылар каналдын ишине оң баасын берип, анын кесипкөйлүк деңгээлин жогору баалашты. Каналдын журналисттери жаңылыктарды бардык жанрлар боюнча даярдап, көрүүчүгө ыкчамдыгы жана тактыгы менен жакты **[121].**

Кыргызстан дүйнөнүн 104 мамлекетинин катарында "Женева-2006" Аймактык макулдашууга кирди. Бул макулдашуунун алкагында санарип берүүлөрдүн Аймактык Планы кабыл алынган. Планга ылайык, Кыргызстан 2015-жылдын 17-июнуна карата телесигналдарды алып берүүнүн санариптик форматтагы системасына өтүүнү аякташы керек эле. Бирок эгемен өлкөнүн санарипке өтүүсүн эч ким талап кыла албайт. Кыргызстан Эл аралык электр байланыш союзунун мүчөсү экенин эске алсак, анда "2015-жылдын 17-июну" деген дата – бул санариптик станцияларга артыкчылык берилет, коңшу өлкөлөр санарип берүүгө өтсө, анда сигналдарды кабыл алган телевизиондук

кабылдагычтарга тоскоолдук жаратпоосу үчүн Кыргызстан өзүнүн чек арага жакын райондорунда аналогдук станцияларын өчүрүүгө милдеттүү.

Аймактарга санарип эфирдик телекөрсөтүү атайын тандалып алынган стандарт киргизилип, коомдук жана мамлекеттик телерадиокомпанияларды жаңылоо жана Кыргызстандагы телерадио берүүлөрдү санарипке өткөрүү боюнча мамлекеттик программалар кабыл алынган. Алардын негизгиси “Кыргыз Республиканын 2013-2014-жылдар аралыкта туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук Стратегиясы”. Телерадио берүүлөрдү жаңылоонун ири долбоору катары кабылданган Улуттук Стратегия менен программалардын алкагында телеканалдардын социалдык пакети түзүлгөн **[122].**

Санарипке өтүүнүн негизги максаты – Кыргызстанда маалымат коопсуздугун камсыз кылуу, ошондой эле сапаттуу берүүлөр аркылуу калктын маалымат алууга муктаждыгын камсыздоо **[119, 14-б.].** Бул алкакта Кыргыз Өкмөтү 2014-жылдын 9-октябрында “Кыргыз Республикасында жер үстүндөгү санариптик обо берүүсүнүн телеканалдарынын социалдык пакетин бекитүү жөнүндө” токтомду жарыялаган **[123].**

Мамлекеттик телеканалдар санарипке өтүү алкагында Өкмөттүн колдоосу жана каржылоосуна алынса, жеке менчик телеканалдар санарипке өтүү үчүн шарттарга гана ээ болгон. Мисалы, жеке менчик телеканалдардын арасынан НТС санариптик форматта тесттик режимде 2014-2015-жылдары биринчи көрсөтө баштаган. Керектүү жабдыктарды өз каражатына алып, передатчиктердин бир бөлүгүн башка жеке каналдар менен биригип сатып алган. Коммерциялык канал катары экинчи мультиплексте чыгат. “Кыргыз Республикасынын жарандарын маданий жана маалыматтык керектөөлөрүн телерадио берүү каражаттары аркылуу камсыз кылуу үчүн шарт түзүү” деп “Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө” мыйзамдын телерадиоберүү тармагындагы мамлекеттин саясатынын негизги принциптеринин бири катары 4-беренеде камтылган **[124].**

“Кыргыз Республикасынын коомдук телерадиоберүү корпорациянын өнүгүү стратегиясы” кабыл алынып, анда үч жылга карай милдеттер жана

максаттар камтылган. Өнүгүү стратегиясынын милдеттерине токтоло турган болсок, анда башкарууну жөнөкөйлөштүрүү, санарипке өтүү милдеттерин аткаруу, каржы маселесин жөнгө салуу, контентти жакшыртуу, адистердин кесипкөйлүгүн арттыруу, техникалык жабдыктарды жаңылоо, кошумча каражат тартуу деген маселелер камтылган **[125, 24-б.].** "Өнүгүү стратегияда" натыйжалуу техникалык компонентти камсыз кылуу корпорациянын ишине эң маанилүү багыт катары каралган. Техникалык модернизациялоо жана телерадиопрограммаларды өндүрүү технологиясын жакшыртуу боюнча туруктуу иштерден тышкары, бул структура өз убагында жана тиешелүү деңгээлде санариптик берүүлөргө өтүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн жоопкер катары белгиленген **[126, 7-б.].**

КТРКнын өнүгүү стартегиясынын негизги багыттарынын айрымдары катары санариптик телеканалдарды өнүктүрүү, 2015-жылга карата берүүнүн даярдыгы толкун ресурстарын кеңейтүү, ленталык өндүрүштү санарип жабдууларга алмаштыруу менен техникалык жактан камсыздоо жана сигнал берүүлөрдүн жаңы форматына ыңгайлаштыруу аныкталган. Анын алкагында 8 комплект Р2 форматындагы санариптик көчүп жүрүүчү видеокамералар колдонууга киргизилген, АПБ (С-120) (Алюминиевая прямоугольная токопроводящая жила) аппараттыгында канал эфирин автоматташтыруу үчүн эки комплект компьютерлер (Airbox) киргизилди. Эфирди тариздөө үчүн Airbox 25 жана Titlebox тейлөө үчүн нөөмөтчү режиссерлорго техникалык окутуу уюштурулду. Видеомонтаж үчүн 6 комплект компьютердик станциялар колдонууга алынды. 2012-жылдан тартып эфирге "Музыка" телеканалы чыкты **[109, 33-34-бб.].** Санариптик телеберүү жабдууларын сатып алууга карата бардык тендерлер, санариптик телеберүүгө өтүүнүн алкагындагы "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамга гана ылайык, жалпы суммасы 17 миллион 412 миң сомго мамлекеттик электрондук сатып алуулар системасы аркылуу өткөрүлгөн.

"Коомдук берүүлөрдү реформалоону колдоо" долбоорунун алкактарында Интерньюс Нетуорк "Ала-Тоо" маалыматтык программалар

студиясынын тартуучу топторунун ишинин ыкчамдыгын жогорулатуу максаттарында 3G/GPRS жана Wi-Fi түйүндөрү боюнча окуялар болгон жерлерден түз видео тартып көрсөтүүлөрдү жасоого мүмкүндүк бере турган Терадек жабдуусунун 2 комплектин берди. ПРООНдун көмөгү менен жарык берүүчү жабдуулардын комплектиси менен заманбап виртуалдык студия эксплуатациялоого киргизилген **[111, 10-б.].**


2017-жылы 15-майда Кыргызстанда аналог телекөрсөтүүлөрү өчүрүлүп, калктын 88% санарипке кошулганы маалымдалды. Өлкө аймагында санариптик эфирдик телекөрсөтүү европалык стандарттагы DVB-T2 аркылуу ишке киргизилди. Кыргызстандагы 240 аналог форматындагы чагылдыргычтар өчүрүлдү [**127].** Өлкөнүн санарипке өткөндүгү жөнүндө кабарчы Диана Мамекова “Мы в цифре” репортажында репортажында (маданият министрлигинин маалыматына таянып) калктын 67 %ы санарипке кошулганын атты, бирок Би-Би-Си калктын 88%ы кошулду деген **[128].**

2017-жылдын аягында телерыноктогу абал М-Вектор компаниясынын демилгеси жана КРдагы Интерньюс Нетуорк өкүлчүлүгүнүн, “Сорос Кыргызстан” коомдук фондунун колдоосу менен изилдөөгө алынган. Анын корутундусуна таянсак, 2017-жылдын аягына карата Кыргызстандын 97% калкы телевизор менен камсыздалган. Калк ондон жүзгө чейинки телеканалды көрүүгө мүмкүнчүлүк алды. Айыл жергесиндеги калктын басымдуу бөлүгүнүн телеканалдарга болгон мүмкүнчүлүгү шаардыктарга караганда азыраак экени аныкталган **[129, 22-б.].**

Өлкөнүн СТБга өтүүсү менен калктын 87,5%ы санариптик жер үстүндөгү (цифровое наземное вещание) эфирдик берүү мүмкүнчүлүгүн пайдалана баштаган. Калк телеканалдарды табитине жараша тандап, сапаттуу берүүлөрдү көрө баштады. Кабелдик жана интернет ТВ телекөрсөтүүнүн акы төлөө түрүнө кирет. Ал эми спутниктик ТВга кошулуу провайдер аркылуу, керектүү жабдыктарды сатып алуу менен ишке ашып, акысыз көрүүгө болот. Белгилей кетүүчү жагдай, өлкөнүн СТБ өтүүсү менен калктын айрым бөлүгү спутник жана интернет ТВ колдонуудан баш тарткан. 2018-жылга карата

Кыргызстанда телеберүүнү күнүгө калктын 69,1%ы көрөт. КТРК көрүмдүү телеканал деп табылып, күн сайын КТРКнын негизги жана башка телеканалдарын 14 жаштан жогору калктын 15%ы, болжол менен 648 миң 600 адам көрөөрү белгиленген.

*Телеканалдарды көрүүнүн күнүмдүк үлүшү мындай:*




*5.график. Телеканалдарды көрүүнүн күнүмдүк үлүшү*
(2017-ж) **[155].**

Кыргыз Өкмөтү 2018-жылга карата калктын 95%ын санариптик телекөрсөтүү менен камсыздоо үчүн өлкө боюнча 54 санарип передатчик

орнотууга жетишкен. Ошол эле учурда калктын 5%ы (300 миңден ашуун) – бийик тоолордо, капчыгайларда жашагандар аналогдук берүүдө кала берген. Аларды СТБга өткөрүү үчүн жабдыктарды орнотуу аракеттери азыр да улантылууда. “КТРК жөнүндө” деген мыйзамга ылайык, корпорациянын милдеттеринин бири – бул атамекендик контент 70%, тышкы контент 30% болушу керек. 2013-жылы тышкы контент анимациялык, кино жана музыкалык продукциялар катары каралып, азыр анын көлөмү жалпы берүүлөр көлөмүнүн 20%ды түзөт. Калган көлөм өздүк продукциялар менен толукталат. Алар Кыргызстандын аймагындагы чыгармачылык студиялар тарабынан даярдалган атамекендик кино жана ар башка көрсөтүүлөр **[125, 13-б.].**

Мамлекеттин маалыматтык саясаты – өлкөнүн ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл каражаттардын бири экени талашсыз. Ар бир мамлекет өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар маалыматтык саясатты иштеп чыгат. Туура эмес маалыматтык саясат коомдун жана бийликтин ортосундагы мамиленин курчушуна, маалымат айдыңында болсо ар түрдүү чыр-чатактардын болуп турушуна алып келет. Өлкөнүн маалымат саясатынын концепциясынын долбоорун атайын түзүлгөн жумуш топ тарабынан даярдалып, талкууга коюлган. Аларга улуттун маалыматтык мейкиндигин өнүктүрүү боюнча иштин негизги багыттары чагылдырылган өлкөнүн маалыматтык саясатынын концепциясын иштеп чыгуу милдети жүктөлгөн. Кыргызстандын буга чейинки кабыл алынган маалыматтык саясат долбоору Борбор Азиянын башка мамлекеттерине салыштырмалуу кечигүү менен иштелип чыккан. Мисалы, маалыматык коопсуздук концепциясы Казакстанда 2016-жылга чейин кабыл алынган болсо, Тажикстанда 2003-жылы эле кайра иштелип чыгып бекиген.

Маалыматтык саясаттын программасы ийгиликтүү аткарылышы үчүн Кыргызстандын кайсы мамлекеттик түзүмдөрү жооптуу болот деген маанилүү суроо жаралган. Же концепция кагаз жүзүндө кала турган декларацияга айланабы деген кооптонуу да бар эле. Бийлик менен коомдун алакасынын начар болушу негизинен Кыргызстанда так маалыматтык саясатын жоктугуна

байланыштуу экени талашсыз. Бул жагынан алганда, мамлекеттик саясатта маалыматтык камсыздоонун жакшы иштелип чыккан механизми өзгөчө мааниге ээ, анын маңызы – маалыматтык-коммуникациялык инфраструктураны түзүү (телеканалдарды, гезиттерди, журналдарды, радиостанцияларды, веб-сайттарды, социалдык медиа түзүү), программалык камсыздоону иштеп чыгуу. Мамлекеттин коомдук пикирге – ММКга таасир этүүчү күчтүү куралы бар экенине карабастан, саясий бийликтин бул маселе боюнча так позициясы жок экенин баса белгилеп кетүү керек. Мисалы, телекөрсөтүү сыяктуу жалпыга маалымдоо каражаттарынын сегментин айтсак, анда мамлекеттик каналдардын мазмуну негизинен көңүл ачуучу программалар менен толтурулган эле. Көрүнүп тургандай, мамлекет өзүнүн маалыматтык күн тартибин түзө алган эмес жана керектөөчүлөрдүн ички маалыматтык өндүрүмгө болгон суроо-талаптарынын деңгээли төмөн бойдон калган. Эгерде бул жагдайды Борбор Азиянын башка өлкөлөрү менен салыштыра турган болсок, анда, мисалы, Өзбекстан өзүнүн маалымат саясатын калыптандырууда, ата мекендик телеканалдарды жана программаларды, гезиттерди, журналдарды жана радиоуктурууларды сунуштоодо ийгиликке жете алды. Өзбек өндүрүшүндөгү тасмалар, музыка, ошондой эле көңүл ачуучу программалар калк арасында, анын ичинде кыргыз көрүүчүлөрү арасында да абдан популярдуу. Казакстан дагы бул багытта активдүүлүгүн көрсөттү. Казак телеканалдары керектөөчүгө субтитрлери бар казак тилиндеги берүүлөрдүн кеңири түрүн сунуштай алган. Демек, телекөрсөтүү маалыматтык коопсуздукту сактоонун эң күчтүү куралы экени талашыз.

2015-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин буйрутмасына ылайык "М-Вектор" компаниясынын Кыргыз Республикасынын телекөрсөтүү рыногунун изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы чыккан. Анда республикадагы эң популярдуу телеканалдар болуп жергиликтүү жана орусиялык мамлекеттик каналдар – КТРК, ОРТ, ЭлТР, Россия РТР аталган. Анализдеп көрсөк, Россиянын телеканалдарынын

популярдуулугу россиялык саясатты жайылтууга өбөлгө болоору анык. Мисалы, орус-америка мамилелеринин чыңалуу фонунда Кыргыз Республикасынын аймактарында Россияга коомдук колдоону калыптандыруу ж.б. Жалпылап алганда, улутубуздун маалыматтык талаасында чет элдик таасир жок деп эч ким кепилдик бере албайт. Мындай таасирлерди алып келе турган көйгөйлөрдү тизмектеп көрөлү: биринчиден, өлкөдөгү мамлекеттик телеканалдардын контентин толтуруу маселеси. Мындай жагдайга маалыматтык саясаттын алсыздыгы, коомдук жана саясий турмуштун ар кандай маселелери боюнча жогорку квалификациялуу эксперттердин жана аналитикалык борборлордун өнүккөн тармагынын жоктугу таасир этет. Мамлекеттик саясатка сапаттык анализдин жоктугу жарандардын маалыматтык манипуляцияга кабылышына алып келет. Экинчиден, Кыргызстандын бийлиги Интернетте экстремисттик жана террористтик топторго каршы күрөшүүнүн методдорун колдонууга аракет кылып жатат. Бул аккаунттарга жана сайттарга тыюу салуу жана бөгөттөө. Сайттарды бөгөттөө аларга жайгаштырылган материалдардын экстремисттик мүнөзүнө байланыштуу кылдат экспертизанын негизинде жүргүзүлүүгө тийиш, антпесе мамлекеттик органдардын бул аракеттери жарандардын маалыматка жетүү укуктарын бузуу катары бааланышы мүмкүн. Үчүнчүдөн, Кыргызстанда маалыматтык коопсуздук чөйрөсүн жөнгө салуу менен байланышкан мыйзамдык базаны өркүндөтүү зарыл, эскирген мыйзамдар укук коргоо органдарынын аракеттерине тоскоол болот.

Маалыматтык саясаттын потенциалын өнүктүрүү мамлекеттин улуттук контентти жакшыртууга, санариптик сабаттуулукту жогорулатууга жана технологияларды, аны менен ата мекендик маалыматты берүүнү коргоо боюнча иштөө мүмкүнчүлүгүнө жараша болот. Маалыматтык саясатта мамлекет менен коомдун ортосунда бекем байланыштарды орнотуу үчүн төмөнкү чараларды ишке ашыруу сунушталган:

- телекоммуникациялык структураны чыңдоо, мисалы, баарына кеңири чагылдырылган күнү-түнү иштей турган телерадиоберүү каналдарын түзүү;
- мамлекеттик органдардын социалдык тармактардагы ишин активдештирүү, улуттук социалдык тармактарды популяризациялоо, ошондой эле коомчулукка жеткирүү максатында Кыргыз Республикасынын калкы арасында популярдуу болгон чет элдик жана россиялык социалдык тармактарда аккаунттарды түзүү;
- мамлекеттик органдар менен аналитикалык борборлордун ортосундагы кызматташтыкты жакшыртуу, алардын баалоолору, сунуштамалары жана божомолдору калк үчүн мамлекеттик саясаттын сапатынын кепилдиги болушу керек;
- калктын мамлекеттик органдардын иш-аракеттерине жана алар үчүн актуалдуу көйгөйлөргө берген баа берүүлөрүнө карата социологиялык сурамжылоолорду жүргүзүү аркылуу коомдук маанайга мониторинг жүргүзүү (мисалы, аналитикалык борборлорду тартуу) жана ошонун негизинде позициясын жана пикирлерин тактоо боюнча чараларды көрүү.

Маалыматтык саясат демократиялык мамлекеттин өнүгүүсү үчүн зарыл экени талашсыз. Телекоммуникациялык структураны чыңдоо, баарына кеңири чагылдырылган күнү-түнү иштей турган телерадиоберүү каналдарын түзүү сунушунун алкагында санарипке өтүү жылдары, 2016-жылдын 12-сентябрында жаңылыктарды күнү-түнү чагылдырган “Ала-Тоо 24” маалыматтык каналы сунушталды. Жаңы канал КТРКнын түрдүү жанрдагы көрсөтүүлөрүнүн катарын жаңы формат аркылуу уникалдуу жаңылыктар контенти менен толуктады. Жаңылыктардан тышкары дүйнөдө жана өлкөдө болуп жаткан курч окуялар боюнча маселелерди көтөрүп чыгуу милдети аткарылууда. Телеканалдын негизги милдети – дүйнөдө жана өлкөдө болуп жаткан бардык окуяларды телекөрүүчүлөр аудиториясына мамлекеттик жана расмий тилде (кыргыз, орус) ыкчам, так жана туура жеткирүү.

“Ала-Тоо 24” телеканалы санарипке өтүү боюнча, анын артыкчылыктуу багыттары, жетишкендиктери, колдонуу эрежелери, көйгөйлөрү жөнүндө репортаждар түрмөгүн сунуштап турду. Резервдик линия куруу боюнча маселе бар. “Бул үчүн 17 миллион сом бөлүнүп, ал үзгүлтүксүз эфирди камсыздоо үчүн линия курууга жумшалат. Авария болсо калк 8 саат телевидениесиз калышы мүмкүн, биз буга жол бербешибиз керек” деген маданият министрдин орун басары А.Темирбекова **[130].**

Кыргызстанда санарипке өтүү – өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыз кылуу, ошондой эле сапаттуу берүүлөр аркылуу калктын маалымат алууга муктаждыгын канааттандыруу маселелери менен түздөн-түз байланыштуу экендигин эске ала турган болсок, “Ала-Тоо 24” каналынын ишке кириши менен маалыматтык коопсуздукту камсыздоо, маалыматтык атаандаштыкты арттыруу, кыргызстандыктардын маалыматка болгон муктаждыгын канааттандыруучу күч пайда болду. 2019-жылдан тарта “Ала-Тоо 24” программасынын чет өлкөлөргө да көрсөтүлө баштаганы кыргыз мигранттары үчүн жакшы кабылданды. Түркиянын “Turksat” спутник телекомпаниясы менен түзүлгөн келишимдин негизинде “Ала-Тоо 24” каналы Түркия, Европа, Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка өлкөлөрүнүн жашоочуларына жеткиликтүү болуп калды. Бир миллиондой мигранттын турмуш-шартын чагылдыруу үчүн Россияга тажрыйбалуу журналист Мирбек Молдакунов жөнөтүлдү. “Ала-Тоо” каналынын Россиядагы корреспонденттик бөлүмү Москва шаарында жайгашкан.

Мындан тышкары телеканалдын өлкөнүн алты облусунда (Ош, Жалал-Абад, Баткен, Талас, Чүй, Ысык-Көл жана Нарын) алты кабарчылар бөлүмү бар. Бөлүмдө бирден кабарчы жана оператор иштеп, аймактарда болуп жаткан жаңылыктарды, кабарларды даярдап башкы кеңсеге жөнөтүп турат. Аймактагы кабарчылардын ишмердүүлүгүн тескеп, аларга тапшырмаларды берип, алар даярдап жөнөткөн репортаждарды текшерип, эфирге берүү ишин Нуркыз Абдрахманова аткарып келе жатат. В. Цвик “Телевизионные новости России” деген эмгегинде минтип жазган: “Телевидение – бул жамааттык

чыгармачылык, бул ондогон адамдардын (режиссер, оператор, видеоинженер, монтажер, жарык берүүчү, сүрөтчү, айдоочу, гример, референт) биргелешкен эмгегинин натыйжасы, алар маалыматтык программанын тынымсыз эфирин камсыздап турат" **[88, 103-б.].**

"Ала-Тоо 24" каналын ким башкараары көрүүчү үчүн кызык эмес, көрүүчү маалыматтын өзүнө көңүл бурат. Ошондуктан каналдын жетекчилиги канча жолу жана кандай максатта алмашпасын андагы турукташып калган, иштелип бекемделген уюштуруучулук иштер гана анын көрүмдүүлүгүн арттырат. Телеканалдын принциби – телекөрүүчүгө сый мамиле жасоо, өлкөнүн тарыхын, салт-санаасын жана элдин маданий-руханий баалуулуктарын урматтоо деген өңдүү эрежелерди камтыган. Бул таанымал телеканал болгондуктан, каналдын оболук торчосунда коомдук-саясий, социалдык-экономикалык тармагын чагылдырган берүүлөрдүн болушуна, сапатына коомчулук ар дайым өз баасын берип келет. Телеканалдын дарегине айтылган сын менен бирге колдоо пикирлер да кеңири орун алууда. Соңку жылдары өлкөбүздө ММКлардын айрыкча саясатташып бара жаткандыгы тууралуу коңгуроо кагуулар бул каналдын берүүлөрүнө карата да айтылып келет.

КТР мамлекет башчысынын саясатын жүргүзгөн курал катары кызмат кылып келди. Мамлекет – бул бийликти, өкмөттү, башкаруучу партияны билдирээри анык. Мамлекеттик каналдар өздөрүн объективдүү маалымат булактары катары көрсөтүшөт, бирок иш жүзүндө башкаруучу тарап маалыматты кантип бурмалап жатканын мисалдар менен сунуштадык. Аудиториянын басымдуу бөлүгү мамлекеттик эмес же жеке каналдардын программаларын азыр да жактырышат. Жеке телеканалдар эң бай жана саясий жактан күчтүү адамдар тарабынан негизделип, башкарылат.

"Ала-Тоо 24" маалыматтык каналы макамы коомдук делген Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясынын алдында түзүлгөн. Коомдук телеканалдын иштөө принциптери диссертациянын биринчи главасында кеңири берилди. Диссертант корпорациянын контент өндүрүүчү

бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгү тууралуу маалымат топтоду. “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу” Мыйзамынын “өздүк берүүлөрдүн 50%дан ашыгы мамлекеттик тилде болушу керек” деген нормаларын аткаруу толук көлөмдө жүргүзүлүп келе жаткандыгы аныкталган. Жалпы көлөмдө балдар жана жаштар үчүн, ошондой эле көңүл ачуучу жана билим берүүчү мазмундагы программалар жалпы берүүнүн көлөмүн эсепке алганда, өздүк көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 36% түзгөн. “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу” Мыйзамдагы 30%га чейинки эфирди балдар жана жаштар үчүн, көңүл ачуучу жана билим берүүчү программаларга бөлүп берүү тууралуу милдеттенмелерин, атамекендик контентке 70%дан кем эмес, сырткы контентке 30%га чейин бөлүп берүү тууралуу Мыйзам нормасы толук аткарылууда.

Белгилүү бир маалыматтык программанын ишмердүүлүгүн карап чыгуу үчүн берүүнүн бул түрүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдү аныктоо зарыл. Жаңылыктарды мүнөздөөнүн эң маанилүү критерийи – бул телеканалдын өзү, ал өзүнүн маалыматтык программасын түзөт. Медиа рыноктун телекөрсөтүү сегментинде мамлекет алдыңкы орундарды ээлейт. Мамлекеттик каналдар жалпы телекөрүүчүлөрдүн 50% ын чогултат. Мындай каналдар өкмөттүн түз көзөмөлүндө. Демек, телеканалдын мазмуну жана өзгөчө маалымат программалары мамлекет койгон шарттарга ылайык иштелип чыгат.

КТРКнын телерадиоканалдары зарылчылык жана маалыматтык себеп пайда болгондо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү башкаруу органдары тууралуу расмий маалыматты таркатууга милдеттүү. Мисалы, 2017-жылы Корпорация бардык стратегиялык жана мамлекеттик жактан олуттуу деп саналган иш чаралардын бардыгын чакырылган. Мындай милдеттенмелер жыл сайын атарылып турат. КТРК телеканалдарынын көрсөтүүлөрүнүн сеткасы мамлекеттик деңгээлдеги бир катар иш чараларды эске алуу менен түзүлүп турат. Мисалы, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн майрамдоо, жарыяланган жылдын

урматынын алкагында иш чараларды өткөрүү, ошондой эле саясий окуялар, б.а. шайлоолор ж.б

Аудитория фактору – жаңылыктар программасынын өзгөчөлүктөрүнүн кийинки маанилүү критерийи. Ар бир программанын өзүнүн максаттуу аудиториясы бар: маалыматтык продукт продукциянын потенциалдуу же чыныгы керектөөчүлөрүнүн - көрүүчүлөрдүн талаптарына жооп бериши керек. Телекөрсөтүү калктын дээрлик басымдуу бөлүгүн камтый алган маалымат каражаты.

2019-2020-жылдарга карата КТРКнын башкы директорунун отчетуна көңүл бурсак, анда “Ала-Тоо 24” телеканалынын иш алып баруусунун өзгөрүшү туурасында маалыматтар камтылган. Ага ылайык, “Ала-Тоо 24» телеканалынын эфирдик студиясы жаңыланып, жасалгаланган. Маалыматты берүү стилистикасын өзгөртүү жана түз эфирлерди уюштуруп, эфирге чыгаруу аракеттери  ишке ашкан. Мисалы, ыңгайлуу кабыл алынуу үчүн түс схемасы жана визуалдык жасалгалоо өзгөртүлгөн. Мурунку түстөрдүн ордуна күңүрт көк, кочкул-кызыл жана боз өңдөр колдонула баштаган. Таркатуу зоналардын бардыгын максималдуу колдонуу максатында редизайн түз эфирлер өтүүчү студияларга да тиешелүү болгон. Дизайндын стилинде темир түстөр колдонулган. Алар “Ала-Тоо 24” студиясын кеңири, масштабдуу көрсөтүүгө өбөлгө болгон. Маалыматты визуализациялоо жана инфографикаларды колдонуу үчүн чоң көлөмдөгү тачскрин-экраны (touchscreen) орнотулган. Негизги өзгөрүү телеканалдын маңызына таандык болуп, анда каналдын берүүлөрүн программалоодо “агып өтүүчү” (перетекающая) практикасы колдонулду. Муну менен каналдын бардык берүүлөрү үч блокко бөлүнүп, аудиториянын күн тартибине ылайык чыга баштаган.

Аудиториянын кызыкчылыгын эске алуу менен маалыматтык каналдын таңкы программасы пайда болгон. Анда күндүн актуалдуу темасына жараша конок чакырылып, баарлашуу уштурулган. Күндүн темасы бир күн бою сакталып, жаңылык болобу же маалыматты кеңири ачып бере турган түз

эфирдеги интервью болобу күн бою маанилүү теманын алкагында баарлашуу, пикир алышуу ишке ашып турган. Мындан тышкары “Элдик репортер” рубрикасынын эффективдүүлүгү эске алынып, көрсөтүүнүн чыгарылышы көбөйтүлгөн. Анда аудитория тарабынан жөнөтүлгөн маселелердин негизинде журналисттер тиешелүү тараптардан жооп алып беришет.

Телеканал менен интернет аянтчасында жана социалдык тармактарда бирдиктүү саясат жүргүзүү максатында расмий сайтты көзөмөлдөгөн редакциянын иши “Ала-Тоо 24” каналы менен байланыштырылган. Москва шаарында “Ала-Тоо 24” корреспонденттик пунктунун ачылышы Россияда көп сандагы кыргыз мигранттарынын жашап жана иштеп жаткандыгына байланыштуу, мекендештердин жашоосунда күндө болуп жаткан окуяларды, алардын мүмкүнчүлүктөрүн жана көйгөйлөрүн кеңири чагылдыруу үчүн аткарылган. Алардын абалы мекенинде калган тууган-туушкандарын, жакындарын да ойлондурат. Ошондой эле аудиториянын камтуусун кеңейтүү, өлкөнүн маалыматтык саясатын өнүктүрүү, Россия Федерациясы менен соода-экономикалык, маданий-агартуучулук, социалдык-гуманитардык мамилелерди өрчүтүү максатында тарыхыбызда алгачкы жолу Москва шаарында, КРнын элчилигинин аймагында КТРКнын корреспондентик пункту ачылган. Корреспонденттик пункт Россия Федерациясынын Тышкы иштер министрлигинде расмий түрдө аккредитациядан өтүп, бүгүнкү күндө ал жерде эки кызматкер иштеп жатат. Кабарчылар темалар боюнча репортаждарды жана сюжеттерди тынымсыз жөнөтүп турушат жана саясатчылардын, жөнөкөй мигранттардын, коомдук ишмерлердин, Кыргызстан, Россия жана КМШнын башка өлкөлөрүнүн маданият, искусство, илим, спорт өкүлдөрүнүн катышуусу менен интервьюлар уюштурулууда.

Эл аралык жаңылыктардын көлөмүн кеңейтүү максатында 2019-жылы “Ала-Тоо24” телеканлынын эл аралык панорамасы бүткүл дүйнөгө таанымал “Associated Press” маалымат агенттигинин материалдары менен толукталган. Бул агенттик менен өнөктөштүк келишими түзүлүп, алардын материалдарын (сюжет жана репортаждарын) чексиз колдонууга уруксат алынган. Бүгүнкү

күндө КТРК Associated Press агенттиги менен кызматташкан Кыргызстандагы жалгыз медиа компания. Күнүгө чыгуучу маалыматтык программалардын чыгарылыштары региондо жана дүйнөдө болуп жаткан окуялар тууралуу кеңири маалымат берилип жатат. Өлкөлөрдүн геосаясатынан тартып маданиятына чейин, спорттон баштап, турмуштун кызыктуу окуяларына чейин түрдүү жанрдык темалардын алкагында аудиторияга маалыматтардын кеңири түрү сунушталууда.

КТРКнын интернет айдыңын камтуу ишмердүүлүгү тууралуу сөз кылуу маанилүү. Анткени маалыматтык саясатта өздүк маалыматтык өндүрүмдү башка булактар аркылуу элге жайылтуу маселеси орчундуу. Жыл сайын www.ktrk.kg маалыматтык медиа порталына, социалдык тармактар жана Youtube видеоканалына кирүүлөрдү жогорулатуу боюнча иш аракеттер жүргүзүлүп турат жана бул өзгөчө көзөмөлгө алынган. КТРКнын он-лайн каналдарына жана социалдык баракчаларына кирүүлөр жана катталуучулардын саны анын ишмердүүлүгүнөн бери кыйла өскөн. Мисалы, 2019-жылы дүйнөлүк видеохостинг КТРКнын эки каналына: “Коомдук биринчи канал” жана “КТРК Музыка” 100 миң катталуучудан ашкандыгы үчүн күмүш кнопкаларды тартуулаган. 2020-жылдын март айында эки каналдын тең (KTRKmuzyka, KTRKkg) катталуучуларынын саны 3 эсе көбөйүп 300 миң болуп калган. 2020-жылдын март айын эске алуу менен Youtube видеохостингинде 100 мин катталуучу босогосун дагы үч канал аттады. Алар: “АлаТоо24”, “Баластан” жана “КТРК Спорт”. Мындан тышкары Facebook жана Instagram социалдык баракчаларында катталуучулардын саны жыл сайын өсүп жатат. Google Analytics аналитикалык порталындагы статистикага ылайык, КТРКнын www.ktrk.kg веб сайтына киргендердин саны 2019-жылы 1 миллион уникалдуу колдонуучуга жеткен, 2 миллион 600 миң сеанс жүргүзүлүп, баракчаларды көрүү 6 миллионго жеткен. Эң көп көрүүчүлөрдүн катарын Кыргызстандан кийин Россия аймагыны, андан кийин Казакстан, АКШ, Түркия, Өзбекстан, Германия ж.б. камтыган.

Аудитория үчүн сапатту контенти жасоо боюнча керектөөлөрдү анализдегенден кийин КТРКнын редакциялык саясаты жаңыланып кабыл алынып турат. 2020-жылга карата КТРКнын редакциялык саясаты кошумча жоболор менен толукталып, такталган. Анын негизинде теле жана радио программаларды өндүргөн кызматкерлердин ишмердүүлүгү; маалыматтык материалдарды жана билдирүүлөрдү даярдоо; КТРКнын телевизиондук жана радио каналдарында КТРКнын чыгармачыл студияларынын да КРдин тышкы продакшн студияларында да өндүрүлгөн теле жана радио программаларды кабыл алуу жана жайгаштыруу; берүүлөрдү кабыл алууда алардын эрежеси жана тартиби так жана даана жазылган ички нормативдик актылар иштелип чыккан. Мындан тышкары этикалык комиссия тууралуу жобо; кызматкерлер арасындагы маселелерди чечүү, башка пресса менен мамиле түзүү, чыгармачыл коллективдеги жүрүм-турумдун этикасын сактоо; Москва шаарындагы корреспонденттик пункт тууралуу жобо; Россия Федерациясында иш алып барган КТРКнын корреспонденттик пунктунда иштеген журналисттердин ишмердүүгүн жана жүрүм-турумун көзөмөлдөөчү документ кабыл алынган.

Бул параграф мамлекеттин маалыматтарды таркатуудагы маалыматтык саясатына жана анын алкагында жөнгө салынган санариптик технологиялар шартындагы маалыматтарды берүү маселесине арналды. Башкы жетишкендик - санариптин өнүгүүсү менен күнү-түнү иштөөгө багытталып ачылган “Ала-Тоо 24” маалыматтык телеканалын ачылышы болду. Бул аркылуу маалымат таркатуунун жаңы үлгүсү колдонула баштады. Бирок “коомдук” макамын алган кыргыз телекөрсөтүүсү, өзгөчө маалыматтык программалары “эркин” боло албай, тилекке каршы бийликтин “жеке” телеканалына айланды. Бул тарыхый факт.

**Экинчи бөлүмгө тыянак.**

Европанын, Американын жана башка мамлекеттердин, анын катарында Кыргызстандын коомдук телерадиоберүүлөрүнүн стандарттары,

ишмердүүлүктөрү, кабыл алынган мыйзамдары, укуктук-ченемдик актылары, маалыматтык саясаты талданып, төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

**1.** Коомдук телекөрсөтүүнүн өнүгүшүнө эки фактор таасир этет: каржылык жана башкаруу. Коомдук макамды толугу менен сактап, багыттуу иштөөсү үчүн телеканалды мамлекеттик каржылоодон ажыратуу маселеси бар. Каржылоонун көрүүчүлөрдүн абоненттик төлөмү аркылуу ишке ашышы - артыкчылыктуу багыт. КТРК чет элдик тажрыйбаларды эске алуу менен киреше табуунун жаңы булактарын иштеп чыгышы керек эле. Байкоочу кеңеш бул маселенин алкагында башкы директорго сунуштарды берүү менен чектелип келе жатат. Жетекчилик тарабынан коомдук каржылоо боюнча кандайдыр бир аракеттер 2010-1014-жылдар аралыгында болгон. Андан бери бул маселе жабык бойдон калууда. Каржы булагы мамлекеттен көз карандысыз болмоюнча Кыргызстанда коомдук телеканал жөнүндө сөз кылуу эрте.

**2.** Башкаруу фактору. Коомдук канал техникалык жана идеологиялык каражаттарды пайдалануу менен коомго кызмат кылат. Телеканалдардын маалыматтык кызматы саясат менен тагыз байланышта. Саясий коммуникациянын функциясын ишке ашыруу менен коомдук телекөрсөтүү өнүгүүнүн саясий векторун түзөт. Бул коомдун биримдигине багытталып, жалпы улуттук идеологиянын, бара-бара мамлекеттик идеологиянын калыптанышына кызмат кылат. Бирок КТРК, БК жана анын жетекчилиги коомдук макамга туура келбеген жат окуялардын чордонунда болду. КТРКнын жетекчилиги БКтин мүчөлөрүнүн тандалып, шайланып келишине кызыкдар учурлары коомдук пикирди жаратты. Ыңгайлуу мүчөлөрдү алып келүү ыкмасы жетекчилик, жана аны көзөмөлдөөчү тараптар үчүн маанилүү. Көзөмөлдөөчү тарап БК жана Башкы директор аркылуу саясий буйрутмаларды ишке ашыруунун жолун каалагандай ишке ашырса, башкы директор БК аркылуу мөөнөтүн узарттып, каалагандай иштей берет.

**3.** Акыркы он жыл аралыгында Кыргызстандын телекөрсөтүү тармагы чукул өзгөрүүлөргө дуушар болуп, көрүүчүлөрдүн талабын канааттардыруучу көп

каналдуу чөйрө өсүп чыкты.  Бул главада телекөрсөтүү жаатындагы өнүгүүнүн жаңы этабы болгон санарип стандарттары талданды. Санарип технологиялары маалыматтык саясат, анын алкагында экономикалык, саясий, технологиялык жана чыгармачылык факторлор менен тыгыз байланышта. КТРК бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен, көрүүчүлөрүнө интерактивдүү телевидение, уюлдук телефон, Интернет чөйрө аркылуу маалыматтарды каалаган убакта, каалаган жеринен ыкчам алууга шарт  түздү. КТРК санариптик берүү форматына учурунда жана бардык шарттары менен өтүп, техникалык өнүгүүгө багыт алды.

# III БӨЛҮМ
# КТРКнын МААЛЫМАТТЫК ПРОГРАММАЛАРЫ: МАЗМУНДУК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ЖАНРЛАРЫ

## 3.1. КТРКнын маалыматтык программаларынын мазмундук өзгөчөлүктөрү жана салыштырма анализи

2000-жылдардан кийин Советтик башкаруунун идеологиясына жана эгемендүүлүк доордун талаптарына ылайык иштеп келген Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларына жаңылануу алып келүү мезгил талабы эле. Телекөрсөтүүнүн техникалык мүмкүнчүлүгү өнүгүп, маалыматтарды берүүнүн жаңы ыкмалары сунушталып жатты. Бирок авторитардык-кландык башкаруунун натыйжасында бийлик менен элдин ортосунда ажырым пайда болуп, элдик наразылыктар, митинг-пикеттер, акырында элдик революциялар орун алды.

Апрель революциясы телеканалды элдик, же Коомдук канал болуп кайра түзүлүшүнө алып келди. Кыргыз Республикасындагы коомдук телекөрсөтүүсүнүн негизги милдети – коомду мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийлик бутактарынын, жалпы эле бийликтин, саясий ар башка күчтөрдүн үгүтөөчү маалыматтарынан четтетүү эле. Мындай күчкө каржылык ээлик кылуучулук эркиндиги бар телеканалдар гана ээ боло алмак.

Диссертант тарабынан 2010-2020-жылдары Коомдук каналдын маалыматтык берүүлөрүн изилдөөгө алуу аракети көрүлдү. Автор тарабынан “телекөрүүчүлөрдүн, же кардарлардын төлөмүнүн негизинде иштеп жаткан коомдук берүүлөрдүн макамы окуяларды чагылдырууда жана маалыматтарды берүүдө жоопкерчиликтүү боло алдыбы?”, “Коомдук телекөрсөтүү аркылуу чагылдырылып жаткан маалыматтардан көрүүчү чынчыл жана так маалыматтарды ала алдыбы?” деген суроолорго жооп изделди.

Кыргыз телекөрсөтүүсү Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы болуп аталып, маалыматтык программалар мазмундук жагынан өзгөрүлүп, маалыматтарды берүүнүн заманбап түрлөрү пайда боло баштаган. Бул элдин, көрүүчүлөрдүн талабы эле. Анткени бир тараптуу даярдалып келген

маалыматтар көрүүчүлөрдүн нааразычылыгын жаратып, ал элдик толкундоолорго жеткиргени белгилүү.

Мисалы, 2010-жылдын 1-апрелинде Нарын шаарынын жашоочулары менен премьер-министр Данияр Үсөновдун жолугушуусу туурасында УТРК жалган маалымат берген. “Ала-Тоо” программасынын кечки чыгарылышында “Нарын шаарынын тургундары тоолуу аймактын жашоочуларына кышкы убакта 220 КВт/саат, жай мезгилинде 110КВт/саат берилген жеңилдиктерге макул болушту” деп сюжет көрсөтүшкөн. Эл макул болгон эмес**[131].**

Митинг катышуучулары УТРК, НТС, ЭлТР телеканалдарынын маалыматтык кызматтары окуяларды бир беткей чагылдырып жатат деп наарazычылыктарын билдиришкен. Кыргыз коому бийликке бир тараптуу кызмат кылган, күн бою алардын саясатын жүргүзгөн массалык маалымат каражаттарынан тажап калган. Бир аптадан кийин бийлик алмашып, Убактылуу өкмөттүн Ош шаары жана Ош облусу боюнча Координациялык кеңеши “ОшТВ”, “Мезон-ТВ”, “ЭлТР”, “Керемет” телеканалдарына жана “Итоги недели”, “Ош жаңырыгы”, “Ош садоси”, “Эхо Оша” жергиликтүү басылмаларына айрым материалдарды Кеңештин уруксааты жок эфирге чыгарбайт деген чечимин бекиткен **[132].**

Кубат Оторбаевдин Коомдук телеканалды башкаруу жылдары (2010-2014) олутуу окуялар: Апрель революциясынан кийинки кырдаал, Оштогу июнь окуясы, Бишкектеги жер басып алуулар, Президенттик жана Парламенттик шайлоолор ж.б менен эсте калды. Байкоочу кеңеш тарабынан К.Оторбаевдин башкарган 4 жылы коомдук каналды түзүү багытында жасалган аракеттери, ийгиликтери, жетишкендиктери менен эсте калаары белгиленген: Музыка, Маданият, Баластан телеканалдары ачылып, КТРКнын сайты, санарипке өтүү максатында материалдык-техникалык база жаңыланып чыңдалган**[111].**

Эми талдоого өтөлү.

2010-жылы орун алган олуттуу, каргашалуу окуяларды чагылдыруу телекөрсөтүү үчүн оор болду. Журналисттерди коркутуулар, камералардын

талкаланышы өңдүү маалыматтар катталды. 11-июнда УТРКнын Ош облусу боюнча кабарчысы Гульбара Кенжееванын өмүрүнө коркунуч жаралып, оператор Ибрагим Ашуровго белгисиз адамдар бычак менен кол салган. Алар окуяны чагылдырууну токтотууга аргасыз болушкан. ЭлТР кабарчылары да кол салуу болгон. "Журналисты" уюмунун маалыматы боюнча, кол салууда оператор Расул Насирдиновдун унаасы жабыркаган. 10-11-июндагы чыңалууда жергиликтүү 6 журналист жабыркап, "ОшТВ" телекомпаниясынын имараты талкаланган **[131].**

Апрель, май жана июнь окуялары учурунда Кыргыз телекөрсөтүүсү Улуттук макамында иштеп турган. Каналды коомдук кылуу боюнча Декрет 30-апрелде Убактылуу өкмөт тарабынан кабыл алынганы менен, Президенттин жарлыгы Ош окуясынан кийин, 25-августта чыккан.

Ош окуясы туурасында биринчи маалымат УТРК аркылуу каргаша болгон түндөн кийин, 11-июнь күнү эртең менен "Замана" студиясы аркылуу элге угузулган. Эфирге кыргыз тилинде Чынар Капарова чыгып, "10-июндан 11не караган түнү Ош шаарында кыргыз жана өзбек улутундагы жаштар ортосунда пикир келишпестик болуп, 4-5 адамдын каза болгону айтылууда..." деген маалымат менен баштаган. УТРК кызматкерлери эмне болгонунан кабары жок эле. Так маалыматты алуу мүмкүн болбой турган. Башкы директор К. Оторбаевдин тапшырмасы менен Ч.Капарова кыргыз тилинде, Н.Бурханова орус тилинде түз эфир аркылуу Ош облусуна жеткен Убактылуу Өкмөт мүчөлөрүнөн маалымат алышкан. А.Бекназаров, Д.Ниязалиева ж.б элди тынчтандыруучу маалыматтарды берүүгө аракет кылышкан. Ош окуясы жөнүндө биринчи маалымат мына ушундай ыкма менен жалпы кыргыз элине угузулган.

Андан кийин маалыматтар саат сайын алмашып, телекөрсөтүү журналисттери элди тынчтандырууга, эки улуттун өкүлдөрүн сабырга чакырган маектерди, кабарларды берип турду. Ал сааттарда мамлекеттин туруктуулугун сактап туруу башкы маселе болуп, бул алкакта УТРК ишин так аткарууга аракет кылган.

Июнь окуясын чагылдырууда УТРК негизги басымды жергиликтүү элге берилип жаткан гуманитардык жардамдарга, элди ынтымакка чакыруучу маектерге, окуя болгон жерге жасалган расмий визиттерге, жаңжалга жана улут аралык араздашууга эмес, жарашуу чакырыктарына басым жасалган. Жалпы жонунан бир ай ичинде (июнь) телеканал аркылуу берилген жалпы маалыматтардын 52%, же 295 сюжет түштүк аймакка берилген жардам жөнүндө болгон. Оштогу окуяларды чагылдырууда журналисттер өз баасын берүүдөн жана эмоциялык пикирлерден алыс болууга аракет кылышкан.

2010-жылдагы окуяларды Кыргызстандын жалпыга маалымдоо каражаттары кандай чагылдырганы боюнча “Медиа полиси-Кыргызстан” институту атайын мониторингдин алкагында баяндама жасаган. Мониторинг үчүн 2010-жылдын 1-майынан 28-июнуна чейинки телесюжеттер алынган. Талдоо жүргүзүү үчүн УТРКнын жана жеке менчик катары “5-канал” телеканалынын жаңылыктары тандалган. Сюжеттер ар жума сайын удаа эки күндүн кечки жаңылыктарынан алынып турган **[133].**

2010-жылдын май айында тең салмактуулук эрежеси сакталбаган көп материал “5-каналда” катталган. “5-каналда” журналисттердин фактылар менен бышыктабай туруп баа берүүлөрү арбын кездешкен. Телеканалдын айрым сюжеттеринде сүрөт менен үн ирети шайкеш келбейт. 2010-жылдын май-июнь аралыгында “5-каналда” 776 маалыматтык кабар (май – 274, июнь – 502) талдоого алынган:




*1-диаграмма. "Медиа полиси-Кыргызстан" институтунун мониторинги* **[133].**

Сюжеттер саны 544 (70%), бир тараптуу кабарлар саны 232 (30%). Саясатка 229 сюжет, коомдук маселелерге – 401, экономикага – 56, эл аралык карым-катнаштарга – 60, криминалга – 24 сюжет арналган. Башка сюжеттер (6) маданиятка, тарыхка жана саламаттык сактоого арналган. Май жана июнь айларында 209 (27%) сюжет тең салмаксыз болгон. Май-июнда 94 сюжетте (12%) фактылар комментарийден ажыратылбай, 68 сюжетте (9%) сүрөт менен үн иретинде шайкештик болгон эмес. 75 сюжетте (10%) сүрөт жок.


Май айында журналисттер Конституциянын долбоорун ар тараптуу чагылдырышкан. Мындан тышкары мурдагы президент К. Бакиевдин мүлкүн камакка алуу багытындагы, Бакиевди айыптаган кабарлар арбын кездешкен. Көпчүлүк сюжеттерде журналисттер теманы изилдебестен, кабарларды кайталап көрсөтүшкөн. Май айында 106 сюжетте (бардык сюжеттердин 39%и) алып баруучу жөн гана кабарды окуп турушкан. Көпчүлүк сюжеттерде тема толук ачылбай калган. Айрым сюжеттерде алып баруучунун кириш сөзүндө айтылган маселелер толук ачылган эмес **[133].**

Июнь окуяларына чейинки кабарлар негизинен Конституцияны жалпы элдик талкууга, референдумга даярдыкка жана Убактылуу өкмөттүн ишмердигине байланышкан. Мисалы,  2010-жылдын 3-майында “5-каналда” Саламаттык сактоо тармагынын кызматкерлеринин министрдин милдетин аткаруучу Дамира Ниязалиеванын ишмердиги боюнча Убактылуу өкмөткө кайрылуусу чыккан. Сюжет аркылуу кайрылуунун тексти көрсөтүлүп, кайрылуудан цитаталар берилген. Сюжетте парламенттин жыйынынан үзүндү көрсөтүлүп, Ниязалиеванын Б.Наргозуев менен кошо отурганы “акжолчу Наргозуев менен ысык ымаласы бар” дегендей ишаарат келтирилген. Сюжеттин автору маалымат булактарына шилтеме жасаган эмес, экспрессивдүү сөздөрдү пайдаланган. Мындан тышкары, кадрлар көрөрмандын окуяга кандайдыр бир мамилесин калыптандыруу үчүн тандалгандай таасир калтырган. *Тыянак:* сюжет тең салмактуу эмес. 5 минуттук сюжетте башка пикирге 23 секунд (8%) бөлүнгөн. Сюжетте фактылар комментарийден ажыратылган эмес **[тиркеме 1].**

“5-каналда” Ош жана Жалал-Абад облустарындагы окуялар негизинен “башаламандык” катары мүнөздөлгөн. “Чыр-чатак” деген сөз сейрек кездешет. Айрым гана учурларда алар тууралу “өрт чалган жер”, “кандуу окуялар” жана “кан төгүлгөн каргаша” деп айтылган. Көпчүлүк ЖМК окуя болгон жерден маалыматтарды телефон аркылуу берип турган. Сүрөт менен коштолгон биринчи сюжеттер окуя болгон жерден 14-июндан тарта бериле баштаган, тартылган сүрөттөр кийин бат-баттан кайталанып турган.

Операторлор тарта албагандыктан Өзбекстан чек арасында топтолгон качкындар тууралуу сюжеттерде чет өлкөлүк каналдардын биринен (мисалы, BBC) алынган бир жактуу сүрөттөр да улам кайталанып берилген. Тема негизинен ар тараптуу чагылдырылган, сюжеттер тең салмакталган жана жарашууга, эки этнос ортосунда араздашуу жок деген ойго багытталган. Сюжеттерде адамдардын улуту айтылбастан, сөздөргө аяр мамиле жасалган. окуянын катышуучулары өз ара тирешкен тараптар деп мүнөздөлүп, каралаган аныктамалар пайдаланылган эмес.

Эми Улуттук телерадиоберүүлөр корпорациясынын чукул мезгилдеги ишмердүүлүгүнө сереп салалы. Изилдөө мезгилинде УТРК каналында 1023 сюжет жана маалыматтык кабары (май – 458, июнь – 566) чыккан, анын ичинен орус тилинде 480, кыргызча 543.




*2-диаграмма. "Медиа полиси-Кыргызстан" институтунун мониторинги* **[133].**

546 сюжет көрсөтүлгөн (53%), жана бир тараптуу 477 (47%) кабар чыккан. Саясатка 104, коомдук маселелерге – 617, экономикага – 53, эл аралык карым-катнаштарга – 107, криминалга – 59, гуманитардык чөйрөгө – 51, башка темаларга – 32 сюжет арналган. Май жана июндагы 108 (10%) сюжет тең салмактуу эмес.

Май айындагы кабарлар негизинен мурдагы президент К.Бакиевге жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө, июнда К.Бакиевге жана өлкөнүн башка чоң мансаптуу чиновниктерине тиешелүү болгон. Май-июндагы 48 сюжетте (5%) фактылар комментарийден ажыратылган эмес. 45 сюжетте (4%) сүрөт менен үн ирети шайкеш келбейт. 118 сюжетте (11%) сүрөт жок.

2010-жылдын 3-май күнү УТРКнын “Ала-Тоо” программасынын кечки чыгарылышынан Маевка айылындагы жер басып алуулар жөнүндө сюжет берилген. Кабарчы К.Каниметов окуя болгон жерге УТРКнын кабарчылары барганын, алардын камерасын тартып алууга белгисиз адамдар тарабынан аракеттер болгонуна токтолгон. Жер басып алуучулар айдоо аянттарын ээлеп, өсүп жаткан эгин талааларын талкалашканы баяндалган. Журналист ошол кездеги Мамлекеттик каттоо кызматынын төрагасы А. Шыкмаматовдон маек алган. Шыкмаматов айыл чарбага ылайыкталган жерлерди басып алуу мыйзамсыздык деп айткан. Алдамчылар элден жерди каттатуу үчүн акча чогултуп жаткан адамдар бар экенин кабарланган. Бирок, сюжеттин автору жер ээлеринен, жер басып алуучулардан, укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнөн пикир алган эмес. *Тыянак:* сюжет тең салмактуу эмес, башка тараптардын - жер басып алуучулардын да, милициянын да пикирлерине орун берилген эмес. **[тиркеме 2].**

Жалпылап алганда, УТРКнын маалымат кызматы жаңылыктарды берүүдө ошол учурдун талабына, шартына ылайык иштөөгө аракет кылып, элди туруктуулукка, ынтымакка, биримдикке чакырган сюжеттеринин көптүгү менен айырмаланган.

Кийинки жылдар Улуттук макам Коомдук деп алмашылып, КТРК үчүн туруктуу өнүгүүнүн (материалдык-техникалык, кызматкерлерди окутуу, каржылык, контет), бирок “бир адамдын керт башына сыйынуунун” (Атамбаевди жактоонун) мезгили болду.

Жогоруда 2010-жылга таандык программалар талданды. 2017-жылга, тактап айтканда өлкөдө туруктуулук болуп турган учурда кандай өзгөрүүлөр болду? Бул алкакта диссертант тарабынан 2017-жылдын март айындагы “Ала-Тоо” маалыматтык программасынын бир айдагы чыгарылышы талданды.

Диссертант 2017-жылдын 1-мартынан 31-мартына чейинки бир ай аралыгындагы “Ала-Тоо” маалымат программаларынын кыргыз тилиндеги чыгарылыштарын изилдөөгө алды. Анда канча сюжет жана маалыматтык кабар берилгени эсептелип, алардын багыты анализдеди. “Ала-Тоо”

программасынын кыргыз тилиндеги жыйынтыктоочу чыгарылышынан март айында 297 сюжет жана маалыматтык кабар берилген. Саясатка 119 сюжет, коомдук маселелерге – 86, экономикага – 32, эл аралык мамилелерге – 16, кылмыштуулукка – 9 сюжет. Башка сюжеттер (35) спорт, маданиятка, тарыхка жана саламаттык сактоого арналган. Бир айда 12 сюжет тең салмаксыз болгон.




*3-диаграмма*

Мисалы, 10-март күнү саат 21.00дө “Ала-Тоо” маалымат программасынан 17 сюжет жана маалыматтык кабар берилген. Программа Президенттин Ички иштер министрин кабыл алганын маалымдоо менен башталды. Анан Өкмөттүн, Парламенттин, сот тармагынын ишмердүүлүгү (5 маалымат), кийинки болуп социалдык-экономикалык жана коомдук маселелер (8 маалымат) көрсөтүлгөн. Программа маданият, тил темасына (4 маалымат) арналган кабарлар менен жыйынтыкталган. Жалпысынан 40 мүнөттүк хронометраждын 35 мүнөтү маалыматтарга, калган 5 мүнөтү валюталар курсу менен аба ырайы тууурасындагы кабарга берилди **[134].**

Диссертант “Ала-Тоо” программасынын бул күнкү (10.03.2017) чыгарылышын жеке менчик НТС каналынын ошол күнкү жаңылыктары менен салыштырып, анализдеди. НТСтин 10-марттагы “Жаңылыктар” деген чыгарылышынын топтомунан 13 сюжет жана маалыматтык кабар берилген. Программа Максим Бакиевдин мыйзамсыз сатылып кеткен жерлери боюнча козголгон кылмыш иштери жөнүндөгү репортаж менен башталган. Экинчи сюжет уюшкан кылмыш тобуна арналып, ал боюнча мыйзамдар талданган материал көрсөтүлгөн. Андан кийин гана Атамбаевдин ички иштер министрин кабыл алганы берилди. Социалдык-экономикалык багытта 3 маалымат, кылмыштуулукка 1 маалымат, маданият жана тилге 2 маалымат арналса, калганы саясатка байланышкан. Жалпы 30 мүнөттүк хронометраж толугу менен маалыматтарга берилген **[135].**

Тыянактап көрсөк, коомдук канал маалыматтык программаны чукул окуялар менен эмес, мамлекет башчысынын ошол күнкү ишмердүүлүгү менен баштады. Жеке менчик “5-каналдын” маалымат программасы коомдук каналдыкынан айырмаланып ошол учурда элдин кызыгуусун жаратып турган кылмыштуулук жөнүндөгү материалдар менен баштаган. Маалыматтык программалардын чыгарылышын супсак, же бийликти жарнамалаган маалымат менен баштоо көрүүчүнүн табитине туура келбейт. Программа канчалык кызыктуу, резонанстуу маалымат менен башталса, ошончолук көрүмдүүлүгү артат.

Дагы бир мисал, 2017-жылдын 12-мартындагы “Жумакайрык” аналитикалык программасынан А.Атамбаевдин 1-марттагы “Президенттик шайлоо алдында журналисттер Кыргызстанды туруксуздаштырууга аракет кылууда” деген журналисттерди айыптаган билдирүүсү берилген **[136].** Буга 11-март күнү “Итоги недели” деген орус тилиндеги чыгарылышта 6-күнү болгон маданият ишмерлерин сыйлоо учурундагы президенттин сөзү кошулуп көрсөтүлгөн. Куттуктоо сөзүнөн кийин ажо “парламентте ушак таратылып жатат” деп “Ата-Мекен” партиясындагы оппоненттерин жана “Азаттык” радиосун сындаган. Ошол учурда айыпка тартылган журналисттер менен

саясатчылардан пикир алынган эмес. Бул аналитикалык чыгарылышта сөз эркиндигине байланыштуу айыпка тартылган тараптын пикири жок тең салмаксыз репортаж даярдалган **[137].**

13-март күнү саат 21:00 башталган “Ала-Тоо“ программасында алып баруучу “такталбаган маалыматты тартынбай туруп тараткан медиа каражаттары жок эмес” деп кабарчы Н.Жумабекованын “Сөз эркиндиги” деген сюжети көрсөтүлгөн, бирок буга тартылган эксперттер А. Кацев, Ж. Жекшеев жана Т. Мамытов доо келтирилген басылмалар боюнча пикир айткан эмес. Алар журналисттик этика, сөз эркиндиги боюнча сүйлөшкөн. Мындай сөз айтылган. «Непрофессиональные журналисты и политики должны нести ответственность перед общественностью и законом» деп орус тилинде, “жарандардын укуктары менен эркиндигине бир ууч жалганчылар менен ушакчылардын чайкоочулук кылышына жол берилбеши керек» деп кыргыз тилинде жыйынтык жасалды. Бул чыгарылышта дагы айыпталуучу тарап катары эч ким көрсөтүлгөн эмес. Сюжеттер бир нукта даярдалып калды деп сыпаттоого негиз бар **[138].**

14-март күнкү “Ала-Тоо” маалымат программасынын кечки жыйынтыктоочу чыгарылышында алып баруучу “Президенттин жалпыга маалымдоо каражаттардын абалы туурасында” деген кайрылууга Журналисттер бирикмесинин төрагасы А.Султанбаевдин билдирүүсүн берди. Ал калем ээлерин жамандоодон алыс болууга чакырды [**139].** 15-март, шаршемби күнкү 40 мүнөттүк “Ала-Тоо” маалыматтык программасынын 25 мүнөтү А.Атамбаевге арналган. Чет элдик элчилер ишеним грамотасын тапшыруу аземи көрсөтүлүп, ажонун сөзү берилди. Ал айрым журналисттерди жалганчылыкка айыптап, аларды “клеветники”, “моральные уроды”, “каннибалы” деп атады. Андан ары сөзүн кыргыз тилинде улантып “журналисттер, өзгөчө З.Сыдыкова, Б.Наргозуев, Н.Айып сөз эркиндигин коргойбуз деп чуу салып, атайын үн түзүп, ар кайсы мамлекетке бара калып өлкөбүздү бүт дүйнөгө жамандап, мазактап жатат” деп журналисттерге кайрылды. Программада айыпталгандардын жана эки медиа мекеменин

(“Азаттык”, “Заноза”) пикири берилген эмес. Бир тараптуу сюжет даярдалган **[140**].

Ошол эле 14-март күнү НТС каналы Атамбаевдин элчилерди кабыл алганын жана андагы сүйлөгөн сөзү боюнча репортажды 5 мүнөт хронометраж менен эфирге берген. Бул жерде дагы айыпталган ММК тарабынан пикир чагылдырган эмес **[141].** “Ала-Too” маалымат программасынын ошол эл чыгарылышында Атамбаевдин позициясын жактаган депутаттар И.Өмүркуловдун, А.Арапбаевдин, А.Шадиевдин “журналисттер улуттук коопсуздукка шек келтирүүдө”, “мамлекетибиздин коопсуздугуна коркунуч жаратууда” деген сөздөрү берилип, алтернативдүү пикирлерди берүү кайра эле унутта калган. Мисалы, ошол күнкү ЖКтин жыйынында депутата Ж.Акаев, Ө.Бабанов, Н.Никитенко журналисттерди колдоп сүйлөгөн **[142].** 16-марттагы чыгарылышта дагы сөз эркиндиги жөнүндө айтылды. С.Асиповдун “ЖМК абалы талкууланды” деген сюжетинде доо арыз берилип жаткан эки медиа мекемеси талкууга алынып, бирок ал кайсыл мекемелер экени, кайсы журналисттер айыпталып жатканы айтылган эмес **[143].**

Тыянактап айтсак, март айындагы маалыматтык программалардын басымдуу бөлүгү президентти жактоо, бир тараптуу колдоо багытындагы кабарлар менен толукталган жана ал далил менен талданды. Маселе жаратуучу жагдай, Атамбаев бийликтен кетип, камакка алынгандан кийин КТРК анын жубайы Раиса Атамбаеванын мыйзамсыз аракеттерге катышы жөнүндө журналисттик иликтөөсүн көрсөткөн. Президенттик аппараттын мурунку бөлүм башчысы Манасбек Арапбаев Раиса айым кытайлык ишкерлердин мүлкүн тартып алган деген айыптоо көрсөтмөсүн бергендиги айтылган. Бул канал кайсы бийлик келсе, ошол тараптын чындыгын коргойт дегенге далил**.**

“Ала-Too” редакциясынан айырмаланып, “Ой Ордо” ток-шоу программасында маселе эксперттердин талкуусуна алынып, түз эфирде ар башка пикирлердин “согушу” орун алат. “Актуальный разговор” жана

“Атайын репортаж” программаларында талаптар маселени өз ыктыярлары менен талкууга алып, аны биргелешип чечүүнүн жолун талдайт.

СЭИПтин 2013-2016-жылдардагы продюсери Көкүл Арипова башкы директор Кубат Оторбаевдин тапшырмасы менен ток-шоу форматындагы жаңы саясий программа иштеп чыгуунун үстүндө жалпы редакциясы менен киришкен. Натыйжада буга чейин КТРКнын тарыхында болбогон, саясий багыттагы, эң негизгиси түз эфирдеги ток-шоу программасынын долбоору иштелип чыгат. Арипованын айтымында, бул бир эле учурда ачылыш, ошол эле учурда тобокелдик болгон. Программанын “Ой Ордо” деп аталып калышы К.Оторбаевдин сунушу экенин айткан.

2011-2012-жылдарга карата КТРКнын эфиринин маалыматтык, таанып-билүүчүлүк, агартуучулук багытындагы төмөнкү көрсөтүүлөр толуктаган: түз эфир режиминде “Күндарек” (Новости), “Ала-Тоо” (Жумакайрык, Итоги недели), сын-пикирлерди эске алуу менен “Эркин микрофон” (Свободный микрофон) – эки тилде кайра иштелип, 2012-жылдын март айында “Ой-Ордо” программасынын биринчи чыгарылышы, удаалаш эле “ЖКХ” ток-шоусу сунушталган. Эки программа ийгилик жарата алды. Күн, же апта ичинде орун алган урунттуу окуяларды кыргыз жана орус тилдеринде кеңири талдап, ачык жана так маалыматтары менен элдин купулуна толгон. Мындай учурда алып баруучулардын салымын да белгилей кетүү туура болот. Анткени программанын ийгилиги көп учурда журналисттин, алып баруучунун кесипкөйлүгүнөн көз каранды: Алмаз Касмалиев, Эркин Рыскулбеков, Артем Слонь, Бактияр Тукеев, Аида Касмалиева, Айгүл Курманова, Зарина Уметалива ж.б.

СЭИП бөлүмүнүн базасында жаңы жана дайыма бериле турган, аймактардагы жашоону чагылдырган “КТРК Кербени” программасы чыга баштаган. Журналисттер Эльза Жайлообаева жана Адилет Чубаков өлкөнүн аймагын түрө кыдырып, 2 жыл аралыгында уникалдуу адамдардын турмушун чагылдырып, карапайым калктын арасында көмүскөдө көрүнбөй жаткан

демилгелүү, ойлоп тапкыч, эмгекчил жана таланттуу адамдар менен бир күн бою бирге жашап, турмушун баяндап берип турган.

Кыргызстандыктар “КТРК Кербен” программасынын бардык чыгарылыштарын кызыгуу менен көргөн. 2016-жылдын 8-февралында “Жарыгы жок жандуу жашоо уланткан айылдыктар” деген рубрика менен Жумгал районунун Кең-Суу айылынын тургундары жөнүндөгү көрсөтүү берилген. Журналисттер айыл элинин жашоосуна өздөрү күбө болуп, алар менен бирге бир күн жашап, 30-40 түтүн жашаган чакан айылга электр энегриясы эч качан тартылбай, эл от жазуу, чырак жандыруу менен азыр да жашап келгенин баяндашкан. Караңгы жашоонун эли өнүгүүдөн артта калганы, 4-класска чейин эсептелген мектепте бир гана мугалим бардык сабактарды окутаары көркөм каражаттардын жардамы менен мыкты чагылдырылган. Чыныгы жашоо-турмушту чагылдырган программа элдин колдоосуна татып, Президенттин сыйлыгына ээ болгон.

Телекөрсөтүү жана радио жаңылыктарын жана берүүлөрдү түз эфирдеги он-лайн сыяктуу эле, дайыма жаңыртылып турган архив аркылуу жеткиликтүү кылуу колго алынган. 2012-жылы www.ktrk.kg сайтынын жаңыртылган варианты толугу менен мультимедиалык стандарттар боюнча иштелип чыгып, он-лайн теле- жана радиоберүү катары Кыргызстанда, чет мамлекеттерде мобилдик телефондор, смартфондор жана планшеттер аркылуу көрүү үчүн ыңгайлаштырылган. Мында чет жактарда жашаган мекендештерибиздин суроо-талаптары да көңүлгө алынган.

Ички каражаттардын эсебинен корпорациянын башкы фойесинде КТРК Музейи, “Музыка” телеканалы, “Түнкү канал” ишке кирген. Аудитория менен кайтарым байланышты колдоп туруу үчүн Интерньюс Нетуорк Кыргызстандын көмөгү менен коомчулук менен жолугушуулар уюштурулуп, Көркөмдүк кеңеши кайрадан иштей баштаган.

Ар башка тараптарга пикирлерин эркин жана ачык айтуу үчүн эфир аянтчасын сунуштоо максатында дискуссиялар жана интервьюлар уюштурулуп турган. “КТРК жөнүндө” мыйзамга таянуу менен мындай

ишмердик акысыз жана системалык деңгээлде ишке ашат. Талкуу процесстери ар кандай ыкмалар менен жүргүзүлөт. Мисалы, “Ала-Тоо 24” каналы сенсациялуу, маанилүү, же кызыктуу деп табылган күндүн жаңылыгынын алкагында талкууларды уюштуруп, ар башка пикирлерди жеткирүүгө аракет кылат.

Бакиевдин башкаруусунан кийин Кыргызстанда 2009-жылдын 13-мартында болгон сенсациялуу саясий өлтүрүүнүн бети ачылып, журналист Канат Каниметовдун “Жизнь и смерть Медета Садыркулова” деген аталыштагы атайын репортажы 2013-жылы орус тилинде жарым сааттык хронометраж менен даярдалган **[тиркеме 3].** Репортаж каргаша болгон күндөгү жана түндөгү окуяны актерлердун жардамы менен, укук коргоо органдарынын тергөө бөлүмүнүн кызматкерлеринин маалыматтарынын негизинде тартылган. Атайын репортаж экранга миңдеген адамдарды чогултту. Анткени табышмак болуп келген саясий өлтүрүүнүн бетин ачуу кылмышка тиешелүү жогорку кызматкерлердин кетиши менен гана мүмкүн болду. Бул окуя чет элдик басылмалардан да орун алган.

Телекөрсөтүүнүн негизги милдети – бул элге маалыматты бардык багытта чагылдыруу. Бирок өлкөдөгү саясий курч процесстер, коомдун саясатташканы ММКдан көбүрөөк саясий маалыматтарды талап кылууда. Мисалы, Президенттик жана парламенттик шайлоолор учурунда ички редакциялык саясаттын эрежесине ылайык даярдалып, азыр да жогорку рейтингдүү көрсөтүүнүн сап башынан орун алып келе жаткан “Дебаттар” (Дебаты) деген программасын айтсак болот. Алгачкы “Дебаттар” 2011-жылы КТРКнын түз эфиринде көрсөтүлүп, ал президенттикке ат салышкан 19 талапкердин ортосунда түз эфиринде сунушталган.

Алып баруучулар КТРКнын башкы директору Кубат Оторбаев жана “Мир” телерадио компаниясынын кыргыз филиалынын жетекчиси Динара Сүймалиева харизмалуулугу, тактыгы, курч суроолору менен айырмаланып, программа цензуранын салыштырмалуу жоктугу менен өзгөчөлөнгөн. Мындай теледебаттардын ийгилиги алып баруучулардан чеберчиликти талап

кылат. Теледебаттын форматы боюнча ар бир талапкерге шайлоо алдындагы платформасын айтууга, алып баруучулардын жана оппоненттердин суроолоруна, интернет-аудитория менен видео суроолорго жооп берүүгө 20 мүнөт эфирдик убакыт берилген. Каалаган адам социалдык тармактар жана популярдуу платформалар аркылуу суроолорун берүүгө мүмкүнчүлүк алган. Мындан тышкары дебаттардн видоматериалдарды түрдүү веб-сайттарга жайгаштырылып турду. Албетте программа айрым талапкерлердин бири-бири менен кайым айтышуусу жана алып баруучуларга наразычылык билдирүүсү аркылуу дагы кызыктуу боло алды.

Медиаэксперттер бул теледебатты Борбор Азиядагы уникалдуу программа деп баалашты **[144].**

Коомдук телеканалдагы дебаттар шайлоо алдында чыныгы маанайды жаратты деп, анын алып баруучулары жөнүндө Э.Сариева мындай пикирин калтырган: "Когда проводились дебаты в преддверии прошлых выборов многие сетовали на пассивность ведущих. Мол, не задали главный компрометирующий вопрос. Теперь, когда задают неудобные вопросы, критики полагают, что они влезают в частную жизнь. По мне, оба ведущих (Кубат Оторбаев и Динара Суймалиева) прекрасно справляются со своей ролью и намного лучше работают в эфирном тандеме. Хотелось бы надеяться, что они будут задавать неудобные вопросы и А. Атамбаеву относительно «использования административного ресурса" **[145].** Чындыгында, талапкерлердин арасында фаворит аталган Атамбаевге кандай мамиле жасалаары жана кандай суроолор берилээри көпчүлүктү кызыктырган.

Теледебаттар кыргызстандыктардын талабын канааттардырдыбы? Бул суроого теледебаттардын бирин талдоо аркылуу жооп издейли. 2011-жылдын негизги медиа окуясы болгон президенттикке талапкерлердин теледебаттары 27-октябрда жыйынтыкталды. Шайлоо 2011-жылдын 30-октябрында өттү. Теледебаттардын акыркы чыларылышын көпчүлүк чыдамсыздык менен күттү. Анткени ага бийликтеги партиянын талапкери А.Атамбаев катышмак. Эгерде талапкерлер А.Мадумаров менен К.Ташиевге курч суроолор берилгенин эске

алсак, албетте А.Атамбаевге кандай мамиле жасалат деген суроо ар бир көрүүчүнүн оюна келээри анык. Программаны кайра көрүп отуруп, провокациялык суроолор жана “сары прессага” таянуулары атайын даярдалганына жана бул аркылуу ар бир талапкерди ар тараптуу ачып берүү максаты коюлганына ынандык. Алып баруучулар К.Оторбаев жана Д.Сүймалиева ыңгайсыз суроолорду берүү милдеттерин жогорку деңгээлде аткарышты деген тыянак чыгарууга негиз бар. Анткени башка талапкерлер сыяктуу эле А.Атамбаевге Бакиев менен иштегени, Ош окуясы өңдүү суроолору курч берилди деп сыпатталат, айрым суроолорду орфографиясын жана стилин сактоо менен мисал катары көрсөтөлү:

*К. Оторбаев:* Июнь окуясы боюнча. Сизди оппоненттериңиз мындай деп күнөөлөп жүрүшөт, ошол июнь окуясы башталганда акыркы күндөрү сиз Ош жана Жалал-Абад облустарында болгон жоксуз депчи. Анан экинчиден, Убактылуу Өкмөттө туруп күч түзүмдөрүн башкарганыңыз белгилүү экен. Аны бул жерге келген оппоненттериңиз айтып өтүштү. Өзүңүз ушул Убактылуу Өкмөттүн мүчөсү катары күнөөм бар деп ойлойсузбу, ушунча адамдын каны төгүлгөнгө?

*К. Оторбаев:* Эмне себептен административдик ресурстар колдонулуп жатат?

*К. Оторбаев:* Сиз кайсы жерден, кайсы уруудан экениңиз өтө көп талкууланып жатат. Анткени айрым гезиттердин жазганына караганда, сиз Баткенге барсаңыз баткенчил болуп чыгат экенсиз, Таласка барсаңыз таластык, Чүйгө келсеңиз чүйлүк болуп. Деги өзүңүз кимсиз, каяктыксыз? **[52].**

Албетте А.Атамбаевдин бул суроолорго берген жоопторун да кошуу талдоону ачып бермек, бирок диссертациянын көлөмү жол бербейт. 2011-жылдагы алгачкы теледебаттардын ийгилиги эске алынып, аны ар бир шайлоодо эфирге даярдоо салтка айланды. Мисалы, КТРКда 2017-жылы октябрда өткөн президенттикке талапкерлердин теледебаттарын салыштырып алалы. Алып баруучулар А.Касмалиев жана С.Акматалиева 2011-жылдагы

теледебаттын алып баруучуларына салыштырмалуу даярдалган суроолор менен чектелишти. 2011-жылы К.Оторбаев жана Д.Сүймалиева журналисттик тажрыйбаларына таянуу менен суроолорду даярдап, дебаттардын авторлору катары кабылданган эле. С.Акматалиева аларга суроолор эфирге 15 мүнөт калганда берилээрин интервьюда ачыктаган. Бирок алып баруучу катары С.Акмалатиева жана А.Касмалиев эфирде харизмалуу, суроолорду так жана түшүнүктүү берүүсү, дегеле эфирдеги маданияты менен көрүүчүлөрдү өзүнө тартып турашат. Бул дебаттарды өткөрүүдөгү негизги талаптардын бири. 2017-жылы болгон президенттик кызматка талапкерлердин теледебаттарынын кызыктуу учуру Ө.Бабанов менен С.Жээнбековдун ортосундагы кайым айтышууну мисал кылууга болот. Бабановдун дебат учурунда президент Алмазбек Атамбаевге кайрылуусу, “Бакиев заманында сиз оппозицияда жүргөндө ушул эле КТР сөз бербей, каралаган” дегени, каралоону токтотуп, шайлоону акыйкат, калыс өткөрүүгө чакырыгы дебаттын кызыктуу болушун шарттады. С.Жээнбековдун “сени мен балапан кезиңден билем, 2005-жылдан баштап кандай болгонуңду. Коррупция менен күрөшпөйсүң дейсиң. Коррупция менен мен күрөшөм, сен күрөшө албайсың. Мен сенин эмнеге батканыңды жакшы билем. Менин сага 25 суроом бар. Эгерде мен президент болуп калсам, Өмүрбек иним, коррупция менен күрөштү сенден баштайм” деген жооптору теледебаттын кызыктуулугун арттырды.

2021-жылы өткөн президенттикке талапкерлердин теледебаттары да кызыктуу болгону менен, пикир келишпестиктер орун алды. Талапкер А. Сегизбаевдин дебаттар учурундагы кайрылуусу жана сүйлөгөн сөзүнөн улам материалдын веб-сайттан алынып салынышы, алып баруучулардын алмашуусу коомдук талкууну жаратты. Адахан Мадумаров, Канатбек Исаев, Курсан Асанов, Эльдар Абакиров жана Аймен Касенов катышкан дебаттарга С. Жапаровдун келбей калганын дебатты алып баруучусу талапкердин аймактарды кыдырып, убактысы туура келбей калганы менен түшүндүргөн. Бирок С. Жапаров теледебаттарды “ушак дебат”, “акыйнек айтыш” деп

сыпаттап, жооп бергени алып баруучунун жообуна карама-каршы келет. Бул жерде КТРКнын жообу талапкерге “жан тартуу” катары каралып калды **[57].**

2015-жылы өткөн Жогорку Кеңешке шайлоо алдындагы талапкерлердин теледебаттарынын да көрүмдүүлүгү жогору болгон. Дебаттар Алмаз Касымалиев менен Светлана Акматалиеванын алып баруусунда өткөн. Программанын жаңылыгы – аймактардан даярдалган видеосуроолор болду.

Президенттик жана парламенттик гана эмес, жергиликтүү кеңештерге талапкерлердин да дебатын уюштуруу чечими чыгып, 2021-жылы болгон жергиликтүү кеңештерге шайлоолор алдында да КТРКнын “Маалымат” редакциясы тарабынан жергиликтүү кеңешке катышуучу партиялардын лидерлеринин дебаттары көрсөтүлгөн.

Дебаттардан тышкары көрүмдүүлүгү жогору программаларга токтололу. Байма Сутенованын “Демократия сабактары” деген көрсөтүүсүнөн улам КТРК саясий социализациянын куралы катары каралат. Көрсөтүү өткөндү эске салган, эгемендик алып, демократиялык өлкө болгондон беркини эскерет. Автор эгемендүүлүктүн калыптанышына салым кошкон коомдук жана саясий ишмерлер, эмгектин баатырлары, элдик инсандар менен баарлашып, кызыктуу маектерди алып турат. Бирок, бул көрсөтүү бийликтин цензурасына кабылган учуру жок эмес. Мисалы, 2014-жылы 21-ноябрда “Демократия сабактары” эфир учурунда үзгүлтүккө учураган. Ошол чыгарылышы экс-президент А.Акаев жөнүндө жасалган. Программа эфир учурунда токтотулган. Жогорку Кеңеште Акаевдин ишмердүүлүгүн чагылдырып келген журналистке нааразычылык айтылган **[146].**

Тематикалык жана жанрдык ар түрдүүлүктү кеңейтүү максатында КТРКнын контенти 2013-2015-жылдарга эсептелген стратегиялык пландын негизинде ишке ашкан. Аудиторияга жага турган темалардын тууралыгын аныктоо статистикалык маалыматтарга жана кайтарым байланыш (обратная связь) мүмкүнчүлүгү менен аткарылган **[109].**

Дагы бир сенсациялуу окуя 2013-жылдын 7-январында Бурулай Пусурманкулова жана Ширин Асанакунова электр энегриясы үчүн акы

төлөбөй жаткан особняктар  боюнча энергетика тармагынын адистери менен текшерүү рейдин атасак болот. Тартуу учурунда кабарчылар особняктардын биринин ээсинин кол салуусуна кабылышып, жаракаттарды алып, дарыгерлердин жардамына муктаж болушкан. Бирок бул окуя эки тараптын элдешүүсү менен аяктаган. “Журналисттин профессионалдык ишмердигин коргоо жөнүндө” мыйзамы журналисттерге иш учурунда кол тийбестикти кепилдейт. КТРКнын журналисттерине кол салган, техникаларын талкалаган фактылар болуп келген жана боло турганы анык. Анткени алар дайыма олуттуу, сенсациялуу окуялардын чордонунда иш алып барышат **[147].**

“Ала-Тоо” студиясынын журналисттеринин жабыр тарканы боюнча “бейбаштык” беренеси менен кылмыш иши козголгон. Омбудсмен А. Абдрахматова бул окуяга мындайча укуктук баа берген. «Законодательно журналист не имеет особого статуса, каким владеют представители правоохранительных органов власти. Журналист, ставший жертвой нападения, может обратиться в правоохранительные органы только как обычный гражданин. И получается, что на работе он не подстрахован. Так журналисты попадают в группу риска» **[147].**

Тилекке каршы, журналисттерге кол салуу Кыргызстанда жыл сайын катталган жаман өнөкөткө айланган. Мисалы, 2006-жылы "Пирамида" ТРКсына болгон түнкү кол салуу, 2007-жылы "Саясат" гезитинин башкы редактору Алишер Саиповдун өлтүрүлүшү, 2009-жылы "Репортер Бишкек" гезитинин баяндамачысы Сыргак Абдылдаевдин, көз карандысыз журналист Кубанычбек Жолдошевдин сабалышы, Геннадий Павлюктун өлтүрүлүшү, 2015-жылы журналист Дарья Подольская, 2016-жылы "Деньги и власть" гезитинин башкы редактору Турат Акимов коркутууларга кабылышкан **[131].** Дүйнөлүк рейтинг боюнча журналистика шахтерлердун жумушунан кийинки 2-орунда турган кооптуу жана коркунучтуу кесип.

Бул главада коомдун нааразычылыгын жараткан, элди алдоого жана адаштырууга кептеген деп айыпталган айрым сюжеттерди талданды. Мисалы, 2021-жылы 17-апрелде “Ала-Тоо 24” телеканалынын жаңылыктар блоктору

аркылуу уу коргошун жөнүндө “Уу коргошун менен дарылангандар” деген аталыштагы сюжет көрсөтүлгөн. Сюжет аркылуу телеканал “жунгар аконити” аталышы менен белгилүү уулу өсүмдүктүн настойкасын жарнамалаган деген айып коюлган. КТРКнын башкы директору Б. Алиев “телеканал эч кандай көрсөтмө (заключение) берген жок, болгону салттуу эмес медицина менен иштеген адамдардын пикирин элге жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берди” деп билдирди **[149].**

"Центр Медиа Развития" деген коомдук фондунун даттануу катында “Бул өсүмдүк Бүткүл Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун уулу өсүмдүктөр тизмесинин сап башында катталган. Туура эмес пайдалануу, же ката кетирүү адамдын өлүмүнө алып келет” деп жазылып, “КР Жарнама жөнүндөгү” мыйзамын одоно бузгандыгы үчүн “Ала-Тоо 24” каналын жоопкерчиликке тартуу өтүнүчү келтирилген. Ушундай эле маанидеги сюжеттер ЭлТР телеканалынын маалыматтык чыгарылыштары аркылуу “Коранавирус: бейтаптар уу коргошун менен дарылanууда”, Пирамида каналынан “Уу коргошун ичип дарылангандар” деп берилген. Телеканалдар уу коргошунга байланышкан сюжеттерди эфирден алып салууга аргасыз болушту **[150].**

Тыянактасак, Коомдук телеканалдын эфиринен Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму тарабынан таанылбаган, эл арасында уу деп аталып келген “уу коргошун” жөнүндө сюжет жасоо элди адаштыруу жана аларга туура эмес маалымат берүү катары кабылданат.

Дагы бир мисал. 2021-жылдын 14-февралында Бишкекте экс-бажы кызматкери Р.Матраимовго байланыштуу соттун чечимине наразы элдин коррупцияга каршы маршы өткөн. Сот Матраимовду коррупцияга күнөөлү деп таап, 260 миң сом айыпка жыкканы сынга кабылган. Бул жөнүндө “Ала-Тоо 24” “Бүгүнкү митинг боюнча элдин пикири” деген сурамжылоосун сунуштаган. Жооптор: “аянтка жөн гана эс алып келдим”, “Садыр Жапаровго убакыт берилиши керек”, “аянтта Туу кайтарып турган агамды көрүүгө келдим”, “Матраимов тарабынан эч кандай жамандыкты көргөн жокмун”. Бул аты аталбаган адамдардын сөздөрү. Коррупция жөнүндө эч нерсе айтылган

эмес. КТРК ушул тасманы өчүрүп салганынын себебин билдирген жок, бирок “Клооптун” YouTube каналында сакталып калды **[151].**

Өткөндөн бир мисалды берели. 2016-жылы 14-ноябрда “Ала-Тоо” каналынын эфиринен журналист К.Каниметовдун “Белизгейт” аталышы менен репортажынын кезектеги “Жаңы далилдер” сериясы чыккан **[152].** Анда кабарчы “чекисттер документалдуу далилдер менен келди” деп баяндаганы менен кийин бул документтер ырасталбай, жалган болуп чыкканын белгиледи. Хронология мындай: 2012-жыл, 4-апрель - “Траст декларациясында” оппозициячыл “Ата-Мекен” партиясынын депутаттары Өмүрбек Текебаевдин, Аида Саля963нованын жана Алмамбет Шыкмаматовдун ысымдары жазылган. “Документы по трасту от 4 апреля 2012 года в пользу бенефициаров (трех депутатов ЖК) долей в 22 процента (8 % + 7 % + 7 %) офшорной компании “Саутфилд” (Белиз), владевшей в свое время 50 % акций кыргызского ЗАО “Альфа Телеком”.

Оппозициядагы “Ата Мекен” партиясынын фракциясынын үч мүчөсү “Альфа Телекомдун” 50 пайыздык акциясын сатууну көздөгөн деген маалымат КТРКнын эфири аркылуу элге жарыяланган. Атайын кызмат муну Борбордук Америкадагы Белиз өлкөсүнөн алынган документтерге таянып билдирди. Бул кызматтын “Ата Мекен” партиянын лидерлерин айыптаган маалыматы коомчулукта дароо талкууларды жаратты. Чыр чыккандан бери саясатчылар менен журналисттер Белизден бири-бирине туура келбеген, эки башка документтерди алышкан **[152].**

КТРКны жетектеген И.Карыпбеков “С целью узнать действительно ли были выданы документы, представленные председателем ГКНБ А. Сегизбаевым в ЖК, наши сотрудники сделали запрос в Белиз, откуда пришел ответ с подтверждением выдачи указанных документов от юридической компании» деди. Ошондо депутат К.Иманалиев “депутаттардын Белиздеги оффшорго тиешеси жок экендиги жөнүндө маалымат жалган маалымат болсо жетекчиликтен кете аласызбы” деп суроо койгон. Анан буга И.Карыпбеков: “жоопко тартылсын, мен Белизгейтти ойлоп тапкан жокмун да” деп жооп

кайтарды **[153].** Документтердин түп нускасы боюнча тактоосуна ГКНБнын өкүлү Идрис Кадыркулов "мекемеде Белиз боюнча документтер катталган эмес" деп жооп берди. Мамлекеттик комитет Белизден документ алган эмес болуп, анын жоголгондугу боюнча Башкы прокуратура дагы жооп кайтара алган жок. Анда маалыматты берүүгө ким күнөөлүү? Жооп жок...

Кыргызстанда күнү-түнү иштеген "Ала-Тоо 24" каналынан башка сутка бою иштөөгө ылайыкталган телеканал жок. Ошондуктан салыштыруу максатында диссертант тарабынан жеке менчик телеканалдардын арасында маалымат берүүсү боюнча алдыңкы орунда турган "НТСтин" ишмердүүлүгү, айрым маалыматтык сюжеттери талданды. 2005-жылы "НТС" телеканалы негизделип, ошол эле жылдын март айынан тарта эфирге чыга баштаган. Каналдын маалымат кызматы Акаевдик бийлик алмашкандан тарта ишин баштап, жаңы бийликти сындаган маалыматтары менен көрүмдүүлүгүн арттыра алган. 2017-жылы жүргүзүлгөн рейтинг боюнча НТС Коомдук КТРК жана ОРТ телеканалдарынан кийинки эле 3-сапта, ал эми жеке менчик каналдардын ичинде биринчи орунда турат.

Коомдук болгону менен мамлекеттик органдардын расмий кабарларын берүү вазыйпасы да аткарылып жатты. "КРнын Коомдук телерадиоберүүлөр корпорациясы жөнүндө" мыйзамына ылайык, КТРК мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн чагылдырууга милдеттүү.

НТС телеканалынын берүүлөрү 2011-жылдан тарта жалпы республиканы камтып, 2014-жылдан тарта HD сапатындагы биринчи эфирдик канал болуп калган. 2015-жылы Full HD форматындагы санарип эфирдик берүүгө өтүп, август айынан тарта Eutelsat спутнигинен берүүнү ийгиликтүү ишке ашырды. Азыр НТС заманбап форматы, республиканы камтыганы, мыкты программалары, россиялык НТВ каналы менен тандеми, рекламалык мүмкүнчүлүгү менен белгилүү болду. Акыркы жылдардагы пендемиялык кризиске байланыштуу телеканалдын бир гана маалымат департаменти иштеп жатат **[154].**

КТРКнын журналисттери тарабынан жүргүзүлгөн журналисттик иликтөөлөр коомдун кызыгуусун жараткан талкууларга алынып гана тим болбой, көрсөтүүдөн кийин атайын парламенттик комиссиялар түзүлүп, кылмыш иштери козголуп, саясий чечимдер кабыл алынып келет. Коомдук канал сын менен бирге коомдун кызыкчылыгына басым жасайт. Мисалы, 2015-жылдын 24-февралында КТРКнын "Ала-Тоо" маалымат программасы аркылуу Чүй облусунун Сокулук районундагы Ак-Жол айылында эшектер союлуп, ашканаларга сатылып жаткандыгы тууралуу репортаж чыккан. Репортажды кыргыз тилинде кабарчы Мээрим Бакир кызы, орус тилинде Эльнура Молдокадырова даярдап, кийин ал журналисттердин "Эшек бизнес: ашпозчунун ачуу чындыгы", "Арам ашты кокого түрткөндөр", "Эшек бизнеси кайда алып барат?" "Эшек бизнес: окуянын изи менен", "Эшек бизнес: окуянын жаңы өңүтү", "Эшек бизнес: кечээгинин бири жок" деген темалардын иликтөөсүнө айланган. Бул маселе Жогорку Кенештин агрардык саясат, суу ресурстары жана экология боюнча комитетинде каралып, журналисттер Парламентке чакыруу алышкан. Мындайда КТРК коомдогу маселелер боюнча саясий чечимдердин өз учурунда кабыл алынаарын анализге алган тарап катары да кызмат кылат. Ошол эле учурда абалдан чыгуунун жолдорун сунуштай турган тараптын ролу көрсөтүлдү.

2015-жылы бул каналдын программалар сеткасында өзгөрүүлөр жүргүзүлүп, мааниси же форматы жагынан окшош, сапатсыз берүүлөргө жана коомдук каналдын концепциясына жана редакциялык саясатына туура келбеген 18 берүү эфирден алынган. Мисалы, эфирден ар кайсы региондо жашашкан жарандардын көп сандаган "автор жана алып баруучу тарабынан материалды даярдагандыгы үчүн пара алуусу жөнүндө" даттанууларынан улам "Антикоррупция" берүүсү алынып салынган, жыйынтыгында жыйналган материалдар Башкы прокуратурага жөнөтүлгөн, ал эми автордун өзү эфирдеги ишинен четтетилген. Мындай жол менен, ар бир жабылган берүү боюнча чечим, берүүнү андан ары улантууну мүмкүн эмес кыла турган кескин себептердин негизинде кабыл алынган.

2015-жылы 10-декабрында өткөн Байкоочу кеңештин жыйынында Т. Чоротегин жаңылыктардын бирдиктүү кызматын (ТВ, радио, интернет сайт) түзүү тууралуу сунуш киргизген. Мындан тышкары БК тарабынан “Коом жана дин” программасынын актуалдуу жаңы форматын классикалык исламдын негизинде теологиялык маалыматтарды эске алуу менен иштеп чыгуу, кадыр-барктуу, билимдүү дин жагынан маалыматы бар Диний башкармалыгынын өкүлдөрүн эксперт катары тартуу жана “Журналисткое расследование: коррупционные схемы в системе образования” деген программаны улантуу сунушталган **[112, 16-б.].**

Коомдук каналдын маалыматтык программаларынын чыгарылышынын сапаты журналисттерден гана эмес, каналдын жетекчисинен, анын саясий эркинен дагы көз каранды. Белгилей кетүүчү жагдай, мамлекетте туруктуулук өкүм сүргөн учурда, эгерде ар кандай саясий, экономикалык чукул окуялар болбосо, дайыма Президенттин жана башка бийлик органдарынын ишмердүүлүгүн чагылдыруу негизги темага айланат. Айрым учурларда, мисалы, көрүнүктүү саясий-коомдук ишмердин көзү өткөндүгү, өлкөдө өзгөчө кырдаал (сел каптоо, жер титирөө) туурасында жаңылыктар биринчи тема болуп берилет.

Учурда “Ала-Тоо 24” толугу менен өздүк берүүгө ээ болгон жана берүүлөрдүн жаңы телеканалдын студияларында жана аппараттарында санариптик, заманбап жабдуулардагы Full HD 16:9 жогорку чечилиши форматында өндүрүүчү телеканалдардын бири **[112].** 2017-жылы купулга толо турган жаңы теле берүүлөр жаралды: чек арадагы жана армиядагы аскердик кызматтын бардык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү ”Мекен чегинде”, “Спорт сыймыктары”, “Блок спортивных новостей”, “Арена”, “Телесабак”, “Тайм Аут”, “Агро чарба”, “Билим KG” деген теледолбоорлор, сатиралык-ирониялык “Тамсил”, көрүнүктүү адамдар жөнүндөгү “Наши люди”, “За кулисами“, балдарга арналган “Сонун ыр” жана башкалар.

Кыргызстандын калкынын медиа табитин изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча, 2017-жылы КТРК телеканалдарынын контенти рейтингдеги

лидерлигин камсыздаган. Бул телеканалдын жалпы республикага көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жана элдин дайыма КТРКны көрүү адаты менен да байланыштуу. КТРКны күнүмдүк аудиториясынын орто эсептеги көлөмү 69,1% түзгөн. Мисалы, КТРКнын “биринчи каналын” күнүгө 648 миң 600 киши көрүп, биринчиликти, “КТРК Музыка” көрүмдүүлүгү боюнча экинчи, ал эми үчүнчү орунду – Россиянын Биринчи каналы (ОРТ) камсыздаган.

2017-жылы КТРКнын алты каналы: Коомдук биринчи канал, КТРК Спорт, Ала-Тоо 24, КТРК Музыка жана Баластан Кыргызстанда эң көп көрүлгөн каналдар катары лидерлик позицияларды ээлеген **[155, 18-19-бб].**

| | |
|---|---|
| КТРК | 75,3% |
| НТС | 44,8% |
| ПЕРВЫЙ КАНАЛ | 44,5% |
| ЭЛТР | 35,8% |
| РОССИЯ 24 | 31,2% |
| 5 КАНАЛ | 30,4% |
| АЛА-ТОО 24 | 27,9% |
| КТРК МУЗЫКА | 24,9% |
| 7 КАНАЛ | 22,2% |
| ОШ ТВ | 10,4% |
| КТРК МАДАНИЯТ | 7,8% |
| ТУМАР ТВ | 6,9% |
| ЫНТЫМАК | 6,8% |
| ЁШЛАР | 6,6% |
| ЖАЛБЫРАК | 1,3% |

*6.график. Телеканалдардын көрүмдүүлүк рейтинги* **[155, 18-19-бб.].**

Бул көрсөткүчтү “Институт Медиа Полиси” уюму берди. Ал 1200 респондентке “кайсы маалымат булактарына көбүрөөк ишеним артышат жана кандай маалыматтын түрүн алуу үчүн кайрылышат” деген суроо берди. КТРКнын каналдарына ишеним арта тургандар 75%ды түздү, булардын ичинен алдынкы позицияны Биринчи канал ээледи, анткени канал көрүмдүү.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо өнөктүгү болду. КТРК талапкерлердин ортосунда түз эфирде өтүүчү дебаттарга, тегерек столдор менен жеке кайрылууларга даярдык алкагында эфирдик

студиялардын декорацияларын жана реквизиттик бөлүмүн жаңылаган. Көрүүчүлөрдүн көңүлүн буруп, шайлоо алдында талапкерлердин позициясын толугу менен ачып берүү максатында, КТРКнын эң мыкты кызматкерлери тартылды. Эл аралык тажрыйба колдонуп, дебаттардын заманбап форматы ишке ашырылган **[155, 20-б].**

Теледебатка катышуучулардын ортосунда кайчы пикирдүү суроолор жана аймактардан топтолгон видеосуроолор колдонулду. Талапкерлерге акы төлөнүүчү эфирдик убакытты берүүнүн жыйынтыгы менен 47 миллион 411 миң 895 сом суммадагы акчалай каражат КТРК казынасына түшкөн. “Каражаттын басымдуу бөлүгү КТРКнын көчмө телевизиондук студиясын сатып алуу үчүн, Өкмөттөн алынган ссуданы жабууга, техникалык жана инфраструктуралык камсыздоону жаңыртууга жумшалды” дейт КТРК башкы директору И.Карыпбеков **[155, 57-б.].**

Маалыматтарды таркатуунун, каналдын көрүмдүүлүгүн арттыруунун аракети менен күнү-түнү көрсөтүүчү “Ала-Тоо 24” телеканалынын онлайн-трансляциясы түзүлгөн. Канал, бүгүнкү күндө өлкөнүн телеканалдарынын ичинен онлайн көрүүлөрү боюнча биринчи позицияда. КТРК сайттарынын Google analytics боюнча статистикалык көрсөткүчтөрү 2017-жылы кыйла жогорулап, көрүү мурунку жылга салыштырмалуу 2 эсеге кобөйгөн. Бул 4,5 миллион көрүүнү түздү **[155].** Эми “Ала-Тоо 24” телеканалынын тематикалык жана жанрдык өзгөчөлүктөрүнө өтөлү.

## 3.2. “Ала-Тоо 24” телеканалы: маалыматтык жанрдын мазмуну жана тематикасы

Жаңылыктар программаларына типологиялык анализ берүү алдында, эң оболу маалыматтык берүүлөр телекөрсөтүүдөгү көрүмдүүлүгү жогорку программалардын бири экенин эске алышыбыз кажет. Телеканалдарда маалыматтык берүүлөрдүн сандык өсүшү аудиториянын жаңылыккка жана фактыга болгон кызыгуусунун жогору тенденциясын чагылдырат. Дээрлик бардык заманбап телеканалдар көрүүчүлөргө жаңылыктарды тартуулайт. Маалыматтык программалардын ар биринин өзүнө тиешелүү уникалдуу форматы бар жана белгилүү бир аудитория үчүн иштелип чыккан, белгилүү жанрдык мүнөздөмөлөргө ээ. Маалымат программалары ар башка болушу мүмкүн, бирок аларды жаңылык деп атоо критерийлери бардык маалымат программалары үчүн бирдей болушу керек. Мындай программалардын мүнөздөмөлөрүнүн биринчи критерийи жаңылыктарды көрсөтүү милдети, б.а. максаттуу аудитория тарабынан түшүнүү жана кабыл алуу үчүн алынган фактылар жана маалыматтык материалдар. Маалыматтык материал катары 24 сааттын ичинде алынган адаттан тыш же маанилүү окуя атала алат. Мындай материалдардын өзгөчөлүгү – ыкчамдуулук жана өз учурунда берилиши. Мисалы, атамекендик телеканалдардагы маалыматтык программаларынын аталышы программанын ыкчамдыгынан кабар берет: “Бүгүн” (ЭлТР), “Күндарек” (Ала-Тоо 24), “Күндеми” (5-канал), “Жаңылыктар” (НТС). Изилдөөчүлөргө таянуу менен диссертант “жаңылыктар - бул белгилүү бир окуяга, маселеге же  процесске карата реалдуулуктун заманбап көз карашын чагылдырган билдирүү” деп эсептейт. Жаңылыктар бизге эмне болгонунан субъективдүү түшүнүк берет. Демек, жаңылык эки компонентке - фактыга жана аргументке негизделет деп жыйынтык чыгарууга болот. Бирок, жаңылык заман талабына жараша өзгөрүп жана өнүгүп жатканын эске алуу маанилүү. Бүгүнкү күндө жогорку сапаттагы программаны даярдоодо техниканын өнүгүүсү негизги өзгөчөлүк жана чоң жетишкендик. Жаңылыктар, же кабар өтө кеңири түшүнүк. Журналистиканын башка бир катар жанрларынын жалпы

аныктамасы деп атоого негиз бар. Мисалы, репортаж, интервью, кат алышуу. Чынында эле, жаңылыктар, же кабарлар адатта журналистиканын ар кандай жанрларындагы бир нече элементтерди камтыйт.

Жаңылыктар программасынын кийинки мүнөздөмөсү – журналисттик тексттин визуализациясы. Жаңылыктар “кооз таңгакталып” сатыла турган товар экенин тануугa болбойт. Телеаудитория эфирде көрсөтүлгөн нерселерди “көңүл ачуу” катары кабыл алууга көнүп калган, демек телекөрсөтүүнүн жаңылыктары кызыктуу жана түстүү видео сүрөттөрдү колдонот. Маалыматтык программаларда өзгөчө драматизм, кызыкчылыктардын кагылышы жана ал тургай зомбулукка толгон окуялар көбүрөөк көрсөтүлөт, анткени кызыгуу жана талап бар. Ошентип, кабар экрандуулугу менен мүнөздөлөт, маалымат үн менен коштолгон кыймылдуу сүрөт аркылуу берилет деген тыянак чыгарсак болот. Көрүүчүнү өзүнө тарта турган укмуштуудай кызыктуу картинка абдан маанилүү. Ал журналисттин текстин толуктайт, же тескерисинче, ага таптакыр туура келбей калган учурда тажатма фактор болуп калышы мүмкүн. Көрүүчүгө маалыматты мүмкүн болушунча толук жана ачык жеткирүү үчүн, журналист ар кандай ыкмаларды колдонуу менен мазмунду сунуштай алат: ал видео-картинага көңүл бурат, лайф жана синхронду колдоно алат, же өзүнүн стендап же кадрдан сыртындагы текстине басым жасайт, үнүн жөнгө салууга мүмкүнчүлүк алат.

Маалыматтык программаларга мүнөздөмөлөрдүн кийинки критерийи – түзүмү (структурасы) жана версткасы. Көбүнчө структура түшүнүгү верстка түшүнүгү менен алмаштырылып келет, бирок экөө эки башка. Верстка - бул маалыматтардын маанилүүлүгүнө жараша белгилүү тартипте жайгашуусу. Эреже катары, эң маанилүү маалымат программанын башталышына коюлат. Андан кийин башка маалыматтар тизмектелип, маданий иш-чаралар, спорттук жаңылыктар жана аба ырайы аягына жайгаштырылат. Верстка программанын концепциясы жана телеканалдын саясаты менен тыгыз байланыштуу. Ал эми программанын түзүмү (структура) – кеңири түшүнүк. Түзүмдүн ар башка варианттары болушу мүмкүн. Бул варианттар программа башталганда эле

байкалат. Мисалы, программа кызыктуу маалыматтардын кыскача анонсу менен башталышы мүмкүн, айрымдары мындай анонсторду синхрондор же кабарчынын кыска стендапы менен кооздошу ыктымал. Айрым телеканалдардын маалыматтык программаларына бир алып баруучу, башкаларында эки алып баруучу тартылышы мүмкүн. Мунун баары структурадан кабар берет. Буга кошумча хронометраж да ар түрдүү. Жаңылыктар 5 мүнөттөн баштап дээрлик бир сааттык убакытка созулушу мүмкүн. Жалпылап айтканда, структура режиссерлук, ал эми верстка редакторлук милдеттерди камтыйт. Программанын түзүмү өлкөнүн элинин менталитетине жана табитине, журналисттердин чыгармачылык потенциалына да көз каранды. Маалыматтык программалардын дагы бир маанилүү критерийи – формат. Формат – программанын белгилеринин жана мүнөздөмөлөрүнүн жыйындысын аныктайт. Диссертант ар башка илимий жыйынтыктар менен таанышты, бирок форматтардын так квалификациясын таба алган жок. Тек гана, формат – программанын негизги функциясына туура келиши керек деген тыянак чыгарылды. Тактап айтканда, программанын форматы (программа ММКнын маалыматтык функциясын аткарган учурда) жаңылык болушу мүмкүн, агартуучулук милдетин аткарганда илимий, көңүл ачуучу функциясы аткарылганда көңүл ачуучу, балдар, спорттук ж.б. болот. Бирок, маалыматтык программанын негизги функциясы маалыматтык болгондуктан ар бир жаңылык кабар форматына ээ болууга тийиш. Жаңылыктардын форматы каналдын форматына да байланыштуу. Эгер телеканалдын форматы аскердик болсо, албетте, кабарда аскердик тематикага басым жасалат (Мисалы, россиялык “Звезда” телеканалы). Ал эми маданий кабарларга маданият багытындагы телеканалда басымдуулук кылынат (М, россиялык “Культура”, же КТРКнын “Маданият, тарых жана тил” телеканалдары). Кыргызстанда азыр тематикалык телеканалдар саналуу. Алардын бардыгы КТРКнын курамында: “Баластан”, “Спорт”, “Музыка”, “Маданият, тарых жана тил”, “Ала-Тоо 24”.

Ошентип, изилдөөчүлөрдүн пикирине таянуу менен диссертант маалыматтык программалардын негизги белгилерин аныктай алды. Биринчиден, жаңылыктар экрандуулугу менен мүнөздөлөт, маалымат визуалдык жана үн каражаттары менен берилгендиктен укмуштуудай таасирге ээ. Экинчиден, жаңылыктар жаңы маалыматтарды камтыйт, башкача айтканда, бул актуалдуу. Мындан тышкары, аудиториянын көңүлүн буруу үчүн жаңылыктар ыкчам, өз убагында жана мазмундуу берилиши керек.

Демек, маалыматтык программа телекөрсөтүүнүн маалыматтык функциясын ишке ашырат деген тыянак чыгарууга болот. Ал өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ жана жаңылыктар программасы чыгарылган канал, программанын жанрдык өзгөчөлүктөрү, структурасы жана версткасы, аудиториясы, форматы сыяктуу критерийлер менен мүнөздөлөт. Маалыматтык программалар, өзгөчө жаңылыктар чыгарылышы – телеканалдын жүзү. Телеканалдардын жетекчилери маалыматтык программалардын сапаты телеканалдын абалына канчалык таасир этээрин жакшы билишет. Жаңылыктар – “идентификациялык белги”, анын жардамы менен көрүүчү бир телеканалды экинчисинен айырмалай алат. Дикторлор, кабарчылар, атайын кабарчылар, тележурналисттер – мунун баары каналга өзөгөчө көрк берет.

Жаңылыктар чыгарылышынын негизги өзгөчөлүктөрү:

- жумалык жана күнүмдүк программалардын түзүмүндө туруктуу орун;
- жогорку жыштык (берүүнүн башка түрлөрүнө салыштырмалуу);
- тематикалык ар түрдүүлүгү (спорт, өзгөчө кырдаал, кылмыш ж.б.);
- туруктуулук (туруктуу аталышы, туруктуу алып баруучусу);
- версткалык ырааттуулук.

Демократиялык мамлекеттердин жарандарынын өлкөдө жана анын сыртында болуп жаткан маалыматтарды алуу укуктары мыйзамдар менен корголгон. Диссертант айкындуулугу жок демократияны элестетүү мүмкүн эмес, тескерисинче, демократия да акыйкаттыгы жок жашай албайт деген пикирди карманат. Демократияны жана айкындуулук менен акыйкаттыкты

ММКнын эркиндиги жок элестетүү мүмкүн эмес. ММК, анын ичинде коомдук берүүлөр демократиянын маанилүү элементи. Эркин ММК – мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигинен кийинки, расмий эмес “төртүнчү бийлик” макамына ээ.

2010-жылы кабыл алынган Редакциялык саясатынын негизинде КТРК Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген демократиялык принциптерди, Кыргызстандын жарандарына берилген сөз эркиндиги принциптеринин негиздерин эске алуу менен, Коомдук телерадио жөнүндө Декретте белгиленген КТРКнын укуктары менен милдеттерине таянып, ички эреже-тартиптердин нормаларын бекитип алган. КТРК маалыматтык саясатта журналистиканын стандарттарына ылайык иш алып барууга өткөн **[156].**

“КТРКнын Редакциялык саясатында: “Маалымат жана аналитикалык программаларды чыгарууда КТРК фактыларды жана комментарийлерди так чектөө менен ишенимдүү булактардын фактыларына жана мааалыматтарына негизделген объективдүү контент түзөт. КТРКнын маалыматтык программаларында журналисттин жеке пикири берилбейт, аудиториянын кызыкчылыктарын эске алуу менен окуялар жана фактыларды объективдүү, бурмалабай чагылдырууга умтулат” деп жазылган **[64].** Бул BBCнин “Руководство для продюсеров BBC» документиндеги: “...Все 18 программы и службы BBC должны демонстрировать открытость ума, справедливость и уважение к правде” **[84]**эрежесине шайкеш. Бирок бул эрежени КТРК кандай, BBC кандай аткарып жатканына коомчулук баа берет.

Коомдук каналдын маалыматтык берүүлөрүндө 2010-жылдан кийин чукул өзгөрүүлөр орун алды. 2010-жылга чейин “Ала-Тоо” маалыматтык программасы күндүн биринчи темасы кылып Президенттин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн ишмердүүлүгүн көрсөтүп, андан кийин гана элдин көйгөйлөрүн камтып, бийлик тарабынан макулдашылган кабарларды берип турган. Коомдук телевидениенин биринчи жетекчиси, ага чейин “Азаттык” агенттигинде иштеген, эркин журналист Кубат Оторбаев өзгөрүүнү телеканалдын “Ала-Тоо” маалымат программасынан баштаган. Программа

элдин абалын, коомдогу көйгөйлөрдү чагылдырган жаңылыктар менен башталып, андан кийин Президенттин ж.б бийлик бутактарынын ишмердиги көрсөтүлгөн:

- Резонанстуу окуялар (ошол күнгө туура келсе);
- Социалдык маселелер;
- Президенттин ишмерлүүлүгү;
- Жогорку Кеңештин ишмерлүүлүгү;
- Өкмөттүн ишмердүүлүгү;
- Экономика;
- Маданият жана спорт.

Бул коомдук макам алып, элдин ишенимине ээ болууга жасалган алгачкы аракеттер эле. Телеканал элдик болот деген ишеним телекызматкерлерде да болгон. Эки жылга жетпеген аралыкта кыргызстандыктардын КТРКнын маалыматтарына болгон ишеними 42дан 50%га жогорулаган. ЭлТР маалыматтарына болгон ишеним өзгөргөн эмес, “5-канал” тескерисинче ишенимден кете баштаган – 13% - 9%, “7- канал” - 3% - 8 пайызга жогорулаган. **[64, 65-66-бб.].**

“Ала-Тоо” маалымат программасынын иши Башкы директордун жеке көзөмөлүнө алынып, журналисттер жаңыча иштөөнүн, жаңылыктардын чыгарылыштарын версткалоонун заманбап ыкмаларын үйрөнгөн. “Ала-Тоо” маалыматтык-аналитикалык программалар редакциясын журналист Нарын Айып жетектеген. Чыгаруучу редакторлор К.Жунусовага, М.Молдакуновго, А.Омолдошевага, Ч.Капарова маалыматтык программанын даярдалышына толук жоопкерчилик жүктөлгөн.  Каналдын эфири күндүзгү сааттарда “Күндарек” (Новости) 15 мүнөттөн күнүгө 3 жолу, негизги кабарлардын топтому менен жыйынтыктоочу “Ала-Тоо” маалымат программасы кыргыз жана орус тилдеринде күнүгө 40 мүнөттөн, жума жыйынтыгы катары орчундуу деп тандалып алынган окуялардын анализи “Жумакайрык” (Итоги недели) жуманын ишемби жана жекшемби күндөрү кечки саат 21.00, чукул

окуялар “Атайын чыгарылыш” (Специальный выпуск) аркылуу эки тилде сунушталып турган.

Маалымат бардык тараптардын ой-пикирлерин эске алуу жана ар тараптуулукту сактоо өңдүү талаптардын аткарылышы менен берилиши керек. Бирок телекөрсөтүүнүн маалыматтык программаларынын ишмердиги саясат менен тыгыз байланышта болгондуктан бардык эле учурда мындай талаптар аткарыла бербейт. Тилекке каршы бийлик бутактарына, өзгөчө президентке байланышкан маалыматтарды программанын башталышында берүү талабы Атамбаевдин башкаруу доорунда да туура келди. Диссертант “Ала-Тоо 24” телеканалынын 2017-жылдын ноябрь-декабрь жана 2018-жылдын январь айындагы маалыматтык программаларын талдоого алып, салыштырма-анализге таянуу менен сандык көрсөткүч жагынан Президенттин, Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн ишмердүүлүгүнө көп убакыт берилгенин далилдеди:




*4-диаграмма*

Телеканалдын негизги бөлүгүн 15 мүнөткө эсептелген күндүзгү жана 45 мүнөттүк кечки маалыматтык чыгарылыштар түзөт. Программанын медиаконтентине жүргүзүлгөн анализден улам төмөнкү рубрикалар негизги деп табылды:

- Президенттин ишмердүүлүгү;
- Жогорку Кеңештин ишмердүүлүгү;
- Премьер-министрдин жана Өкмөттүн ишмердүүлүгү;
- Резонанстуу окуялар (болгон учурда);
- Экономикалык маселелер (мында да президенттин, Жогорку Кеңеш менен Өкмөттүн катышуусунда)
- Социалдык маселелер;
- Маданият жана спорт жаңылыктары.

Ошентип, 2010-жылдагы "Ала-Тоо" маалыматтык программасынын версткасы 2017-жылдагыдан өзгөчө айырмаланат. Коомдук макамга ээ болгон алгачкы жылдары бийлик бутактарынын ишмердүүлүгү (зарыл учурларды эске албаганда) социалдык, экономикалык маселелерден кийин гана чагылдырылып турган.

"Ала-Тоо 24" телеканалынын маалыматтык программаларынын мазмунуна контент-анализ каналдын материалдарында чагылдырылган тематикалык ар түрдүүлүктү аныктоо максатында жүргүзүлдү.

2017-жылдын ноябрь айындагы "Ала-Тоо" маалымат программасынын чыгарылыштарына көңүл буралы:

| Президент | Премьер минитр, өкмөт | Жогорку Кеңеш | Социалдык маселелер | Экономика жана бизнес | Айыл чарба | Маданият жана спорт |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 саат 03 минут 40 секунд | 2 саат 30 минут | 13 мин 50 секунд | 1 саат 52 минут 55 секунд | 1 саат 02 минут 30 секунд | 27 минут 10 секунд | 2 саат 37 минут 15 секунд |




*5-диаграмма*

2017-жылдын декабрь айында:

| Президент | Премьер министр, Өкмөт | Жогорку Кеңеш | Социалдык маселелер | Экономика жана бизнес | Айыл чарба маселелери | Маданият жана спорт |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 саат | 3 саат | 44 минут | 2 саат 40 мин | 4 саат | 13 минут | 2 саат 30 минут |




*6-диаграмма*

2018-жылдын январь айында:

| Президент | Премьер министр, Өкмөт | Жогорку Кеңеш | Социалдык маселелер | Экономика жана бизнес | Айыл чарба маселелери | Маданият жана спорт |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 саат 11 минут 20 секунд | 1 саат 31 минут 20 секунд | 42 мин | 5 саат 20 мин | 1 саат 40 минут | 32 минут 43 секунд | 2 саат 40 минут |




*7-диаграмма*

Азыр “Ала-Тоо 24” каналындагы жаңылыктардын форматы, талабы улам жаңыланып, жаңыча иштөө жолдору өздөштүрүлүүдө. Жалпы көрүүчүгө *“Бегущая строка”* (жүгүртмө жаңылыктар) деген аталыш аркылуу белгилүү болуп калган эфирдеги жүгүртмө жаңылыктар, айрым учурларда көрүүсү жана угуусу начар адамдар үчүн сурдологдордун кызматы колдонулуп, формат улам жаңыланып турат. “Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу” мыйзамына ылайык, телеканал мамлекеттик органдардын жана Кыргыз Республикасынын өз алдынча башкаруу органдарынын расмий маалыматтарын таркатат жана алардын ишмердигин чагылдырат. Бул милдеттерди “Ала-Тоо 24” каналы ишке ашырууда **[155, 34-35-б**].

Маалыматтык-аналитикалык берүү экендигине карабастан, жарнама материалдарга да орун берилет. Коммерциялык сюжеттер жаңылыктардын сапатына зыянын тийгизет. Рынок шартында андай материалдарды берүүгө

туура келет. Бул коомдук каналдын рекламалык бөлүмүнүн кызматы сунуш кылат буга, бирок “жарнамалык материалдын маани-маңызына коомдук биринчи канал жооптуу эмес” деп жоопкерчиликтен качуу туура эмес. Бул багытта канал жетекчилиги жарнама материалды редактордун кароосунан милдеттүү өткөрүүнү бекиткен.

Телекөрсөтүүнү изилдөөчүлөрдүн бири А.Юровский айткан сөздү которуп берели. “Телевидение – бул массалык коммуникациянын каражаты гана эмес, ал чыгармачылыктын да түрү. Чыгармачылык спецификалык көркөм тилине ээ, ушуну менен автор бере турган пикирин техникалык ыкманын жана көркөмдүк жактан таасир берүүчү каражаттардын жардамы менен ишке ашырат. Телекөрсөтүү өзүнө таандык тилге ээ” **[157, с.122].** Ушул кесип жанрлар системасына көз каранды. Жанрларга болгон олуттуу көз караш – журналисттин кесипкөйлүгүнөн кабар берет. Журналистиканын теориясында “жанр” – бул искусстводогу жана адабияттагы жанрдын аныктамаларына таянат, анан бул искусство чыгармасынын мазмуну жана чагылдыруу ыгына жараша бөлүнгөн түрлөрү **[158, 314-б.].**

Журналисттик чыгармалардын негизи – факт, бул болуп өткөн окуя. Фактылар маалыматтын негизин түзөт. Ошондуктан ал ишенимдүүлүк, жаңылык, чынчылдык, маанилүүлүк принциптерине таянат. Кайра-кайра жаңылсак да фактыларга жетүүгө, алар кандай болсо, ошондой баяндап берүүгө аракет кылышыбыз керек **[6, 132-б.].** В.Смирнов “Жанры радиожурналистики” окуу китебинде маалыматтык жанрлардын милдети – маанилүү окуялар туурасында ыкчам кабарлоо” деп белгилеген. “Окуянын негизин факт түзөөрүн аныктап, “факт” латын тилинен которгондо “жасалган” деген маанини билдиргени менен ал атайын ойлонулуп жасалган окуя боло албайт” деген. Журналистикадагы факт – коомдун кызыгуусун жараткан актуалдуу, маанилүү окуя **[159, 56-б.].**

Эксперттер тележурналистикадагы жанрлардын классификациясын белгилеп беришкен. Изилдөөчү Б.Орунбеков журналистиканын “советтик” деп аталып калган аймакта жанрларды маалыматтык, аналитикалык жана

көркөм-публицистикалык деп үчкө бөлүп караган **[6, 132-б.].** Башка ММКдан айырмаланып, “Ала-Тоо” телеканалында көркөм-публицистикалык жанр жок. Бул маалыматтык, аналитикалык жана маданияттык үч жанрда иштейт. Негизинен телекөрсөтүү салттуу жанрларды кабыл алуу жолунда өнүккөн. Андан ары өзүнүн табиятына жараша жана телеаудиториянын мамилесине байланыштуу жаңыча нукка багыт алып, жанрлар курамын толуктаган. Телеканалдын көрсөтүүлөрү канчалык татаал түзүлүштө болбосун, анын негизине турукту жанрдык белгилерди камтылган.

Жаңылыктардын кыргыз жана орус тилдериндеги “Күндарек” жана “Новости” чыгарылыштары суткасына 20 жолу (түз, жазуу жана кайталоо ыкмасында) эфирге чыгарылса, жыйынтыктоочу “Ала-Тоо” маалымат программасы эки тилде суткасына 7 жолу түз жана кайталоо ыкмасында берилет. Ал эми ишемби жана жекшемби күндөгү “Ала-Тоо” маалыматтык каналынын эфирдик убактысы “Жумакайрык” жана “Итоги недели” аналитикалык программаларына бөлүнгөн. Бир күн бою эфирге даярдалган программалар түнкү сааттарда кайра кайталанат. Негизги жаңылыктардан тышкары эфирдик убакыт чет элдик кабарларга “Дүйнөлүк жаңылыктар” (Мировые новости) эки тилде суткасына 5 жолу, англис тилинде суткасына бир жолу берилет. Жаңылыктарды чагылдырууда тележурналистикага тиешелүү жанрлар басымдуулук кылат.

“Ала-Тоо 24” каналындагы маалыматтык берүүлөр бир күндүк эфирдик торчосунда өзгөчө ыкчамдыгы, маалыматтардын жаңылыгы менен айырмаланып турат. Ошондой эле алар эфирдин негизги элементтери катары кызмат кылат. Каналда маалыматтык берүүлөрдүн ыкчамдуулугуна, аналитикалуулугуна катарлаш программалуулук касиети да бар. Тактап айтканда, экрандан берилген көрсөтүүлөр жалпы контекстке, эфирдик композицияга ылайыкталып алдын ала пландалат жана ал план, көрсөтүүлөр түрмөгү, тартиби – программа деп аталат. Программанын циклдик, улам уланып туруучу түзүмү – аны аудитория менен туруктуу байланыштырып

туруучу өзгөчөлүгү. Мына ошол программа эфирдик торчонун негизинде түзүлөт.

“Ала-Тоо 24” каналындагы тематикалык жана жанрдык ар түрдүүлүгүнө кеңири токтолуудан мурда андагы программалардын бир күндүк (2021-жылдын июль айы) эфирдик торчосуна сереп салсак:

| **сааты** | **программанын аталышы** | **кошумча маалымат** | **хронометраж** | **тили** | **көрсөтүү тартиби** |
|---|---|---|---|---|---|
| 06.58 | Каналдын ачылышы: ГИМН | | 2 мин | | |
| 07.00 | **Новости** | | 10 мин | русс | запись |
| 07.10 | ***Ала-Тоо МП*** | | 45 мин | кырг | кайталоо |
| 07.55 | Ролик | | | | |
| 08.00 | **Күндарек** | | 10 мин | кырг | жазуу |
| 08.10 | “Еще не вечер” | | 25 мин | русс | повтор |
| 08.35 | Деловой завтрак | | 15 мин | русс | запись |
| 09.00 | **Новости** | | 10 мин | русс | прямой |
| 09.10 | Ролик | | | | |
| 09.15 | Деловой завтрак | | 15 мин | русс | прямой |
| 09.30 | Ролик | | | | |
| 09.35 | Атайын репортаж | | 10 мин | кырг | жазуу |
| 09.45 | Деловой завтрак | | 15 мин | русс | прям |
| 10.00 | **Күндарек** | | 10 мин | кырг | түз |
| 10.10 | Деловой завтрак | | 15мин | русс | прям |
| 10.25 | Ролик | | | | |
| 10.30 | **Новости** | | 10 мин | русс | прям |
| 10.40 | Деловой завтрак | | 15 мин | русс | прям |
| 10.55 | Ролик | | | | |
| 11.00 | **Новости** | | 10 мин | русс | прям |
| 11.10 | Штаб. Прямое подкл | | 20 мин | русс | прям |
| 11.30 | “Кеч эмес” | | 25 мин | кырг | түз |
| 11.55 | Ролик | | | | |
| 12.00 | Мировые новости | | 10 мин | русс | прям |
| 12.10 | Ролик+Погода | | 5 мин | русс | запись |
| 12.15 | “Еще не вечер” | | 25 мин | русс | прям |
| 12.40 | **Күндарек** | | 15 мин | кырг | түз |
| 12.55 | Ролик | | | | |
| 13.00 | **Новости** | | 10 мин | русс | прям |
| 13.10 | Штаб. Түз берүү | | 20 мин | кырг | түз |
| 13.30 | “Кеч эмес” | | 20 мин | кырг | түз |
| 13.55 | Ролик | | | | |
| 14.00 | Дүйнөлүк жаңылыктар | | 10 мин | кырг | түз |
| 14.10 | Ролик | | | | |
| 14.15 | “Еще не вечер” | | 25 мин | русс | прям |
| 14.40 | **Күндарек** | | 15 мин | кырг | түз |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 14.55 | Ролик | | | | |
| 15.00 | **Новости** | | 10 мин | русс | прямой |
| 15.10 | Ролик+аба ырайы | | 5 мин | | |
| 15.15 | "Кеч эмес" | | 25 мин | кырг | түз |
| 15.40 | Ролик | | | | |
| 15.45 | **Күндарек** | | 15 мин | кырг | түз |
| 16.00 | Дүйнө жаңылыктары | | 10 мин | кырг | запись |
| 16.10 | Ролик | | | | |
| 16.15 | "Еще не вечер" | | 25 мин | русс | прям |
| 16.40 | **Новости** | | 15 мин | русс | прям |
| 16.55 | Ролик+погода | | 5 мин | русс | |
| 17.00 | **Күндарек** | | 15 мин | кырг | түз |
| 17.15 | Ролик | | | | |
| 17.20 | "Кеч эмес" | | 25 мин | кырг | түз |
| 17.45 | **Новости** | | 10 мин | русс | прям |
| 17.55 | Ролик | | | | |
| 18.00 | Мировые новости | | 10 мин | русс | прям |
| 18.10 | **Күндарек** | | 15 мин | кырг | түз |
| 18.25 | Ролик | | | | |
| 18.30 | ***ИП Ала-Тоо*** | КТРК+Ала-Тоо | 45 | русс | прям |
| 19.15 | NEWS | | 10 мин | engli | прям |
| 19.25 | ролик | | | | |
| 20.15 | "Кеч эмес" | | 25 мин | кырг | түз |
| 20.40 | Это интересно | | 5 мин | русс | прям |
| 20.45 | **Новости** | | 10 мин | русс | прям |
| 20.55 | Ролик | | | | |
| 21.00 | ***"Ала-Тоо" МП*** | КТРК+Ала-Тоо | 45 мин | кырг | түз |
| 21.45 | Ролик | | | | |
| 21.50 | Атайын репортаж | | 40 мин | кырг | жазуу |
| 22.30 | ***ИП "Ала-Тоо"*** | КТРК+Ала-Тоо | 45 мин | русс | прям |
| 23.15 | Спорт сереп | | 30 мин | кырг | жазуу |
| 23.45 | Без комментариев | | 15 мин | | |
| 00.00 | **"Ала-Тоо" МП** | КТРК+Ала-Тоо | 45 мин | кырг | жазуу |
| 00.45 | Аба ырайы | | 5 мин | кырг | жазуу |
| 00.50 | Это интересно | | 10 мин | русс | запись |
| 01.00 | "Кеч эмес" | | 25 мин | кырг | кайталоо |
| 01.25 | **Новости** | | 10 мин | русс | жазуу |
| 01.35 | Ролик | | | | |
| 01.45 | **Күндарек** | | 10 мин | кырг | кайталоо |
| 01.55 | Без комментариев | | | | |
| 02.00 | "Еще не вечер" | | **25 мин** | **русс** | **повтор** |
| 02.25 | Кызыктар дүйнөсү | | 10 мин | кырг | жазуу |
| 02.35 | Ролик | | | | |
| 03.00 | ***ИП "Ала-Тоо"*** | | 45 мин | русс | повтор |
| 03.45 | Погода | | | | |
| 03.50 | Дүйнөлүк жаңылыктар | | 10 мин | кырг | кайталоо |
| 04.00 | Ролик | | | | |
| 04.05 | "Кеч эмес" | | 25 мин | кырг | кайталоо |
| 04.30 | Ролик | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 04.50 | Кызыктар дүйнөсү | | 10 мин | кырг | кайталоо |
| 05.00 | ***“Ала-Тоо” МП*** | | 45 | кырг | кайталоо |
| 05.45 | Ролик | | | | |
| 05.50 | “Еще не вечер” | | 25 мин | русс | повтор |
| 06.15 | **Күндарек** | | 10 мин | кырг | кайталоо |
| 06.25 | Мировые новости | | 10 мин | русс | повтор |
| 06.35 | **Новости** | | 20 мин | русс | повтор |
| 06.55 | Ролик | | | кырг | түз |
| 06.58 | Каналдын ачылышы ГИМН | | | | |

Жаңылыктардын кыргыз жана орус тилдериндеги “Күндарек” жана “Новости” чыгарылыштары суткасына 20 жолу түз, жазуу жана кайталоо ыкмасында эфирге чыгарылса, күндү жыйынтыктоочу “Ала-Тоо” маалымат программасы эки тилде суткасына 7 жолу түз жана кайталоо ыкмасында берилет. Ал эми ишемби жана жекшемби күндөгү “Ала-Тоо” маалыматтык каналынын эфирдик убактысы “Жумакайрык” жана “Итоги недели” аналитикалык программаларына бөлүнгөн. Бир күн бою эфирге даярдалган программалар түнкү сааттарда кайра кайталанат. Негизги жаңылыктардан тышкары эфирдик убакыт чет элдик кабарларга (“Дүйнөлүк жаңылыктар” (Мировые новости) эки тилде суткасына 5 жолу), англис тилиндеги (суткасына 1 жолу), спорт жаңылыктарына (суткасына 1 жолу, бул “КТРК спорт” телеканалынын бар экини менен түшүндүрүлөт), маданий (Деловой завтрак”, “Это интересно”, “Кызыктар дүйнөсү” темасындагы окуяларга жана социалдык ар кандай багыттагы “Кеч эмес” (Еще не вечер) ж.б интервьюларына, “Атайын репортаждарга”, комментарийсиз тасмаларга ж.б да бөлүнгөн. Кандай тематикадагы сюжеттер болбосун анын бардыгы синхрон, лайф, интершум, стендап ж.б. сюжеттик элементтер менен көркөмдөлүп, сапаттык деңгээлин арттырып турат.

“Ала-Тоо” каналынын журналисттерининин, режиссер, оператор ж.б чыгармачыл кызматкерлеринин башкы милдети – аудиторияны визуалдуу маалыматтар менен, б.а. телекөрсөтүүнүн өзгөчөлүктөрүн колдонуу менен өлкөдө жана дүйнөдө болуп жаткан реалдуу, коомдук мааниси бар окуялар

менен тааныштырып туруу. Кабарчылар сунуштаган окуялар жөнөкөйлүгү, орто деңгээли жана татаалдыгы менен айырмаланып турат.

Диссертант маалыматтык программада иштеген көп жылдык тажрыйбасына таянуу менен телемаалыматтарды жанрларга эмес, берилип жаткан окуянын деңгээлине жараша бөлүнсө туура болот деген пикирде. Мисалы, маалыматтык программалар (“Ала-Тоо”) ыкчамдыкты талап кылган жөнөкөй окуялар топтому. Аналитикалык программалар (“Жумакайрык”) анализди талап кылган орто татаалдыктагы окуялар. Ал эми иликтөөчү программалар (“Журналисттик иликтөө”) издөөнү, изилдөөнү, тактоону талап кылган татаал окуялар.

Маалыматтык программада комментарий берилбей, иликтөөлөр да жүргүзүлбөшү керек. Телекөрүүчүлөр болуп жаткан, же жаңы болуп өткөн окуянын ыкчам кабарланышына муктаж. Мисалы, “Ала-Тоо 24” каналы аркылуу маалыматтык кабарлар (телезаметка деп да аталып жүрөт) кабарчыларга *“бокс”* термини аркылуу таанылып калган чакан маалыматтар аркылуу берилет. Маалыматтык кабар бул тележурналистикадагы эң эски жана бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келе жаткан активдүү жанр. Окуялар кыска жана так берилет. Окуяга талдоо жүргүзөлбөйт, анын милдети кабарланган окуя жаңы болушу жана факты менен далилдениши кажет. Жанрдагы бул сапаттар анын мазмунун жана формасын аныктап турат. Учурда “Ала-Тоо 24” каналынын эфиринен телекабарлардын көп түрүн кезиктирүүгө болот. Алар – хроникалуу кабар, кеңейтилген кабар, синхрондуу кабар, комментарийленген жана комментарийсиз кабарлар.

Эми мүнөздөмө берип көрөлү:

*Хроникалуу кабар* кыска болуп, хроникалуу (мезгилдүү) түрдө берилет. Эфирдик көлөмү 20 секундду түзүп, ал дикторлук текст катары берилиши мүмкүн. Кеңейтилген кабарда болсо окуя кененирээк баяндалып, маанилүү маалыматтар менен толукталат. Көп учурда кеңейтилген кабар синхрон, лайф, интершум, хрип менен берилиши мүмкүн. Маалыматтык телекабарда окуянын күбөлөрү, эксперттер, адистер эфирге чыга алышат. Алардан алынган

кошумча маалымат “синхрон” деп аталып, интервью берген адамдын өзү аркылуу тастыкталат. Ал эми комментарийленген кабарда негизги өзөктү факты жана ага берилген баа түзөт. Мындагы милдет – бул маалымат менен комментарийдин так бөлүнүп берилишинде. Бул окуя болуп жаткан жерден түз алып же тасмага тартып алып көрсөтүлгөн кабар. Мындай учурда журналисттин комментарийинин зарылчылыгы жок, телекөрүүчү тасмадагы окуяларды көрүү менен аны өз табитине жараша кабыл алууга аракет жасайт **[160].**

Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык жанрынын негизги түрлөрүнүн бири – телерепортаж. “Репортаж” латын тилинен которгондо *“кабарлоо”*. Телекөрсөтүүдөгү репортажды В.Егоров телеинформациянын жанры катары чечмелеген **[161, 88-б.].** Репортаж даярдаган кабарчы окуяга өзү катышып, аны өзү жазып, өзү кабарлоого тийиш. Бул окуяга күбө болгон кабарчынын эмоционалдуу, динамикалуу баяны. Репортёр окуянын активдүү байкоочусу, комментатору. Ал окуянын так сүрөттөлүшүн, ишенимдүү жана ыкчам жеткирилишин камсыздайт. Репортажды журналистиканын жанры катары аныктоодо ар кандай пикирлер айтылган. Мисалы, А.Тертычный “Жанры периодической печати” деген эмгегинде репортажды көркөм-публицистикалык жанрга жакындатып, аны текстке “жан киргизүү” үчүн көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу менен негиздеген. Бирок бул аныктама басма сөзгө тиешелүү **[162, 45-46-бб.].**

“Ала-Тоо 24” каналынын кабарчылары репортаждарын жаңылыктардын ар бир чыгарылышына жана жыйынтыктоочу маалыматтык программаларына сунуштайт. Ар бир кабарчынын репортажы редактордун кароосунан өткөндөн кийин гана эфирге берилет. Редактор журналисттик текстке, режиссер операторлук ишке жоопкерчилик да алат. Мындан тышкары кабарчылар “Атайын репортаждарды” 10 мүнөткө ченеп жасашат. Репортаждарды даярдоо тапшырмалары кабарчыларга редактор тарабынан күн мурунтан берилип, анын темасы жана берүү максаты аныкталат. Анан тапшырма менен даярдалган телерепортаждар “Ала-Тоо 24” каналынын

эфиринен “Атайын репортаж” (Специальный репортаж) деген аталышта чыгарылып, ал орус жана кыргыз тилдеринде сунушталат.

Атайын иликтөөчү репортаждын өнүгүшү менен НТС каналында “Журналисттик иликтөө” программасы сериялуу программага да айланды. НТСтин журналисттик иликтөөлөрү көп учурларда кылмыш иштеринин бетин ачып бере алган. “Ала-Тоо 24” каналындагы атайын репортаждар актуалдуу, маанилүү жана кызыктуу деген теманын алкагында тандалып жасалат. Мисалы, 2018-жылдын 9-февраль күнү “Коррупцияга каршы күрөш” деген атайын репортаж 40 мүнөттүк хорнометраж менен берилсе, “Асман тиреген телемунара” 2018-жылдын 20-июлунда 10 мүнөттүк хронометраж менен даярдалган. Мындан тышкары, “Тигүү тармагындагы көйгөйлөр”, “Чынгыз Айтматов жана доор” деген берүүлөр коомчулукту кызыктырган бардык темаларда жасалган.

Казакстандык окумуштуу Н.Омашев “Радиожурналистиканын теориясы жана практикасы” эмгегинде “ММКнын негизги милдети – жеке адамдын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык муктаждыктарын канааттандыруу” дейт. Н.Омашев радиону ар тараптуу изилдеп, анын жанрларын жана формаларын анализдеп, “радиомаалымат - бул саясий мааниге ээ оперативдүү жанрдын түрү жана ал кеңири аудиторияга сунушталат” деп маалыматтык жанрга мүнөздөмө берген. Бул эмгекти телекөрсөтүү жаңылыктарын жаратууда да колдонууга болот **[163, 101-б].** Изилдөөчү А.Дүйшекеева “Радиожурналистиканын негиздери” деп аталган китебинде репортаждын жанрларын үч түргө бөлөт. Тележаңылыктарда кеңири орун алган түрлөр **[164, 138-139-б].** Атап чыгалы:

*Окуялуу репортаж.* Ыкчамдыкты талап кылган окуялуу репортажды “Ала-Тоо 24” каналынын кабарчылары кеңири колдонушат. Окуялуу репортажды окуя болуп өтөөр замат дароо даярдап эфирге беришет, же окуя болуп жаткан учурда маалыматты жеткирүүгө белсенишет. Мында окуянын келип чыгуусуна себеп болгон жагдайлар экинчи планга жылдырылып, шашылыш түрдө маалымат жеткирилет. Мисалы, “Ала-Тоо 24” каналынын

кабарчысы Г.Касымбекова Бишкектин чет жакасында орун алган Дача-СУ айылына кулаган учак кырсыгын адегенде тез даярдап, жаңылык катары берген **[166]**. Окуянын себептери экинчи планга жылды. Негизги көңүл жабыр тарткан жарандарга, өрттү өчүрүү, адамдарды куткарууга бурулду.

*Таанып-билүү репортажы.* Таанып-билүүгө багытталган репортаждар маалымат билдирүү менен бирге тиешелүү проблеманы көтөрүп чыгат. “Ала-Тоо 24” каналынын кабарчылары ар кандай көргөзмө-жарманкелердин, жаңы тасмалардын, китептердин бет ачаарын, дегеле коомдук жайларда, маданий жерлерде болуп жаткан окуялар менен тааныштырып келет. Дал ушул өңүттө даярдалып эфирге берилген репортаж таанытып, билдирүү вазыйпасын аткарат.

*Проблемалуу репортаж.* Окуя жөнүндө репортаж даярдалып гана тим болбостон, ошол эле учурда окуянын алкагында проблема да көтөрүлөт. Кабарчыданиш бул өтө чоң жоопкерчилик менен тактыкты талап кылат. Окуянын катышуучулары, каармандары, ага тиешеси бар тараптар менен бирге маселени чечүү жолдорун издөө – проблемалуу репортаждын негизги талабы. Бул багытта “Ала-Тоо 24” каналынын кабарчысы Мээрим Бакир кызынын “Эшектин эти жөнүндө” репортажы мисал боло алат. Жанрдык касиет сакталып, маселе динамикалуу мүнөзгө ээ болду. Бул репортаж коомчулук арасында түрдүү пикирлерди жаратып, көрүүчүлөрдүн эсине сакталып калды. Телерепортаж видеокурамы менен өзгөчөлүү. Эшектин союлган жерин, эшек эти экенин далилдеген деталдар көрсөтүлдү.

Телекөрсөтүү болсо табиятынан эле диалогдук формага ээ. Интервью телекөрсөтүүгө абдан жакын, бул көп колдонулган жанр. Телекөрсөтүүдө жооп кандай мазмунда жазылса, ошол бойдон эч өзгөрүүсүз көрсөтүлөт. Басма сөздө кандайдыр бир өзгөртүү киргизүүгө мүмкүндүк бар болсо, мындай жол телеинтервьюда жок. Өзгөчө түз эфир учурунда берилген суроо менен алынган жоопту эч кандай өзгөрүүгө, оңдоп-түздөөгө мүмкүн эмес. Эгер түз эфир эмес, жазуу режиминде маек алынса, аны монтаждоого мүмкүндүк бар, бирок сөз айкаштары, сүйлөм түзүлүштөрү, анан адамдын речтик стили,

интонациясы, үнү  кандай жазылса ошол бойдон көрсөтүлүп калат. Түз эфир журналистен мыкты даярдыкты талап кылат, бирок андан да маанилүү – бул чоң жоопкерчиликти талап кылат.

Телеинтервьюнун мындай түрлөрү бар.

*Блиц-сурамжылоо* — бул  жаңы маалыматты алуу. Мындай ыкманы “Ала-Тоо 24” каналынын журналисттери коомдо пайда болгон актуалдуу теманын алкагында ыкчам уюштурат. Мисалы, “Түкүрбө” акциясынын алкагында атайын репортаж даярдалып, материал сурамжылоо ыкмасын колдонгон. Сурамжылоо эл арасында жүргүзүлөт. Айрым учурда темага байланыштуу атайын адистер же эксперттер тартылат. Сурамжылоо аркылуу көтөрүлгөн тема боюнча жаңы маалыматтар топтолот.

*Интервью-пикир алышуу* – жалпыга маанилүү проблеманы талкууга алуу. Жалпыга маанилүү маселе боюнча даярдалган сюжеттин алкагында атайын маек уюштурулат. Бул учурда проблема сюжет менен чектелбей, андан ары өнүгөт. Адистер, эксперттер чакырылып, кеңири сөз болот. Буга “Ала-Тоо 24” каналы аркылуу уюштурулган жол кырсыктары боюнча сюжеттердин топтому мисал боло алат. Элдин суроосуна жооп берүү максатында пикир алмашуу өтөт. Мындай  нерсе түз эфирге чыгарылат.

*Интервью-портрет* — бул интервью берүүчүнүн образын көрсөтүп, анын  портретин түзөт. “Ала-Тоо 24” каналында *“Маданият”, “Культура”* маекшетүү программаларын мисал келтирүүгө болот. Белгилүү адамдын инсандык сапатын, кулк мүнөзүн ачып берүүгө, анын  интеллектуалдук деңгээлин чагылдырууга мүмкүнчүлүк берилет.  Бул жерден  “Ала-Тоо 24” каналдын кабарчысы Ширин Асанакунованын “Город 312” тобунун солисткасы Светлана Назаренко менен болгон 2017-жылдын 18-майындагы маегин мисалга алсак болот. Журналист суроолордун жардамы менен ырчынын жан дүйнөсүн ачып берип, ачык жооп алууга шарт түздү **[167].**

Аналитикалык журналистика саясий кырдаалды, экономикалык, социалдык, коомдук маселелерди ар тараптан талдап, коомчулуккка кеңири кабарлоого, адамдарга пикир жаратууга жардам берет. Аналитикалык

жанрларда баа берүү алдыңкы орунга коюлуп, ачык түрдө ишке ашат. Окуя жана проблема журналисттин мамилесине жараша аудиторияга сунушталат. Бул коомдук пикирге да түз таасир этет. Аналитикалык журналистикада “анализ” деген термин колдонулат. Журналист изилдеп жаткан окуяны жалпылаштырып, жыйынтыгын чыгарат. Анализ фактыларга жана аргументтерге таянат. Аргумент – бул ой жүгүртүүлөр менен логикалык байланыштардын системасына киргизилген факт болуп саналат **[159, 19-б.].** Атамекендик журналистика 90-жылдары чыгармачылык изденүүгө кеңири мүмкүнчүлүк ачты. Жаңы темалар жана жаңы маселелер журналисттердин жаңыча ой жүгүртүүсүнө таасир этти. Ой пикирди эркин айтууга өбөлгө болуп, автордук көрсөтүүлөрдүн тушоосун кести. Бул азыркы массалык коммуникациядагы алдыңкы тенденциялардын бири катары калыптанды. Бул аналитикалык көрсөтүүгө чакан мүнөздөмө. Биздин иликтөө маалыматтык программаларга тиешелүү. Ошондуктан аналитикалы көрсөтүүлөргө кеңири токтолуунун кажети жок.

“Ала-Тоо 24” каналынын кабарчылары комментарий жанрын кеңири колдонот. Ошол эле учурда каналдын программаларынан “комментарийсиз” кабарларды да көрүүгө болот. Е.Черникова “без комментариев” ыкмасын метод жана жанр катары талдаган. “Никаким интервью, никаким другим жанром не передать разноголосицы, этого разнообразия “революционных мотивов” лучше, чем таким выпуском “No comment” **[168, 339-б.].** Мындай жанрды бардык телеканалдардан көрүүгө болот. Өзгөчө америкалык жана европалык телеканалдардын жаңылыктар кызматтары “No comment” рубрикасынын алдында көбүрөөк иш алып барат. Бул рубрика менен иштөө өзгөчө чебердикти талап кылат. “Ала-Тоо 24” каналында бул ыкма кеңири колдонулууда. Суткалык чыгарылышта канал аркылуу “комментарийсиз” кабарлар кетип турат. Алар ар кыл темада, темалар титр менен берилет, картинка болсо кабар берүүгө ылайыкталган.

Мисалы, НТС каналынын 2010-жылдагы Апрель революциясындагы чукул окуялар адегенде кабар катары атайын чыгарылышында чагылдырган.

Ошол эле кабар “комментарийсиз” деген рубриканын алдында эфирге улам берилип жатты. Мындай учурда кадрда окуянын картинасы жана окуянын болуп жаткан жери менен датасы белгиленет. Айрым учурларда “комментарийсиз” кабарлар түз алып көрсөтүлөт. Бул багытта “Ала-Тоо 24” каналы 2018-жылдын 21-мартында белгиленген Нооруздун майрамдалышын комментарийсиз алып көрсөтүп да жатты. Камера аянттын ыңгайлуу жерине жайгаштырылып, массанын маанайын тартып көрсөттү. Бирөө майрамдап жатса, башкасы эс алууда, дагы бирөө жумушуна баратат. Ушундай видеоряд. “Комментарийсиз” кабарларда картинка окуя туурасында толук маалымат берүүгө жөндөмдүү болушу кажет **[169].**

Санарип берүүгө өтүү менен “Ала-Тоо 24” маалыматтык камсыздоону көбөйтүп, кабарларды өз убагында берүү мүмкүнчүлүгүн кеңейте алды. Транспортто, мобилдик жана компьютердик түзүлүштөрдө телевизиондук программаларды таратуу камсыздалды. Жеткиликтүү программалардын санын көбөйтүү менен кошо, маалыматтык булактардын кеңири спектрин тартуулап, берүүнүн техникалык сапатын жакшыртты. Бирок калк арасында ишенбөөчүлүк жараткан канал катары кабылданып калды.

**Үчүнкү бөлүмгө тыянак.**

Бул параграфта маалыматтык берүүлөрдүн мазмундук өзгөчөлүктөрү салыштырма анализ аркылуу талданды. Социалдык жана саясий институт катары телекөрсөтүү жоопкерчиликтерге ээ болушу керек эле. Бул телевизиондук журналистиканын профессионалдык нормалары болгон ишенимдүүлүк, тактык жана мыйзамга баш ийүү принциптеринин сакталышы. Кыргызстандагы телеканалдардын маалыматтык программаларын салыштырып анализдөө аркылуу бул принциптер аткарылбай жатканы аныкталды.

Маалыматтык кызмат саясат менен тыгыз байланышта. Саясий коммуникациянын функциясын ишке ашыруу менен коомдук телекөрсөтүү өнүгүүнүн саясий векторун түзөт. Бул коомдун биримдигине багытталып,

жалпы улуттук идеологиянын калыптанышына кызмат кылат. Бирок КТРК, Байкоочу кеңеш жана анын жетекчилиги коомдук макамга туура келбеген жат окуяларга да кабылып жатат. Саясый бурутмалар ишке ашат.

Түрдүү тематикадагы программалар даярдалып, сунушталууда, бирок андагы жанрлар айрым учурда милдеттерине жооп бербейт. Ушуга байланыштуу журналисттерди мезгил-мезгили менен атайын окутууларга, тренингдерге жөнөтүп, жанрлар боюнча иштөөнү жакшыртыш керек:

- адистерин техникалык жана чыгармачылык багытта жаңы, адаттан тышкаркы шарттарда иштөөгө үйрөтүү милдети. Журналисттик материалдарды даярдоодо телевидение технологиялары улам жаңыланып, видео өзгөрүүлөргө алып келди. Телеканал мыкты адистерге муктаж;
- резервдик программалардын жоктугунан кайталап көрсөтүүлөр программанын басымдуу бөлүгүн түзөт. Маселени ишти туура пландаштыруу жолу менен чечүүгө болот, мында канал жетекчисинин кесипкөйлүк деңгээли аныкталат.

# КОРУТУНДУ

Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн ишмердүүлүгүн жана маалыматтык берүүлөрүнүн өнүгүү тенденциясын 2 этапка бөлүп карадык. Ар бир доор, ар бир башкаруу өзүнүн ыңгайына жараша маалыматтарды берүү жана таркатуу аракетинде болду. Изилдөөнүн жыйынтыктарын чыгара келип, төмөндөгүдөй тыянактарды жасоого болот:

1. 1991-2010-жылдар. Эгемен доордогу кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалымат берүүсү "Мамлекеттик телерадиоберүүлөр компаниясын түзүү" жарлыгы менен тыгыз байланыштуу болуп калды. Эгемендүүлүктү алып, башка түзүмдөр менен бирге Кыргыз телекөрсөтүүсү да өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзүүгө өткөн. 1991-жылга чейин Кыргызстандын телерадиокомитети советтик башкаруунун буйруктарын аткарып келсе, эми ал эгемен мамлекеттин жарандык коомунун институту катары кызмат кылууга өткөн. Жарлыктын негизинде партиялык, коомдук уюмдар менен кыймылдар, министрликтер менен мамлекеттик мекемелер чыгармачыл-өндүрүштүк ишмердүүлүккө кийлигишүүсүнө тыюу салынып, маалымат программалардын ачык-айкын иштөөсүнө жол ачылды. Журналисттери көп жылга созулган партиялык көзөмөлдөн кутулуп, окуяларды ачык чыгара башташты. Мамлекеттик телерадио компаниясы (ички түзүм, кадрлар маселеси, көрсөтүүлөрдү уюштуруу, байланышты жана кызматташтыкты жакшыртуу) ишмердүүлүгүн өз алдынча жүргүзүүгө өттү. "ММК жөнүндө" Мыйзам (1991-ж) телеканалдардын ишин жандантты. "КООРТ", "Пирамида", "ВОССТ", НБТ жеке телеканалдар негизделди. Реклама, коммерциялык аракеттер, демөөрчүлүк колдоолор кирешенин булагы болду. Россиянын ОРТ, РТР, ТВ-центр, ТВ-6, НТВ маалыматтык программалары сунушталып турду. 1998-жылы Мамлекет телерадиоберүүлөр корпорациясы түзүлүп, структуралык өзгөрүүлөр орун алды. Башкы редакциялар кыскарып, маалыматтык программаларды берүүгө ыңгайлашкан "Маалымат" жана "Рух" продюсердик борборлору негизделди. Маалымат программалардын курамы

жаңыланып, материалдык-техникалык базасы чыңалды. Автордук программалар эфирге чыга баштаган. Бирок Акаевдин жана Бакиевдин дооруна туура келген мамлекеттик телеканал президенттин ишмердүүлүгүн үгүттөөчү негизги медиа каражатка айланды. Маалыматтык программалар президенттин ишин чагылдыруу менен башталып, көп убактысын бийликти даңазалоого бөлгөн. Мамлекеттик телеканалдын таржымалы жана коомдук каналдын маалыматтык программалары диссертацияда анализге алынды. Коомдук телевидениени түзүү аракеттери күч алды. ЭлТР мамлекеттик телерадиокомпаниясынын коомдук макам алышы жана анын акталбай калышынын себептери диссертациялык иште кеңири каралды. 2008-жылга карата телевидение ар бир үйгө жеткиликтүү болуп калган. Көрсөтүүлөрү калктын 98,5% катмарын камтыган. Мамлекеттик бюджеттен УТРКга 281 млн сом бөлүнүп, анын 206 миллону телеканалдын муктаждыктарына жумшалган. 104 млн сом улуттук программаны элге жеткирүүгө төлөнгөн. Бул жылдардын жетишкендиги “Телекөрсөтүү жана радиоуктуруулар жөнүндө” мыйзам кабыл алынды, анан ушунун негизинде телекөрсөтүүнү өнүктүрүүнүн келечеги аныкталып, 50 пайыздан аз эмес көрсөтүү кыргыз тилинде жүргүзүлүшү милдеттендирилди. Телеканал маалыматты таркатуучу гана эмес бизнес жүргүзүүчү субъектиге айланган. Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы телеканалдарынын түптөлүү жана өнүгүү этаптарын дагы терең жана ар тараптуу изилдөө менен атамекендик телекөрсөтүүлөрдү таануунун масштабын дагы кеңейте алабыз.

2. 2010-2020-жылдар. 2010-жылы Кыргыз телекөрсөтүүсүнө “коомдук” макам берилип, коомдук берүүлөр талап кылган эрежелерди кармануу аракеттери болгон. Коомдук макам берилген алгачкы 4 жыл аралыгында маалыматтык программалардын көрүмдүүлүгү артып, ишенимдүү маалымат булагы катары кабылдана баштаган. Анткени телеканалга таңуулоо болгон эмес. Канал өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзүүгө өтө алган. Мамлекеттин президенти алмашкандан көп өтпөй, 2014-жылдан тарта коомдук телеканал кайрадан бийликтин үгүт куралына айланды. Диссертант маалыматтык

программалардын мазмунун, “Ала-Тоо 24” маалыматтык телеканалы аркылуу эфирге берилген айрым материалдарын илимий негизде талдоодо жана айкындоодо коомдук макам талап кылган эреже-тартиптердин одоно бузулганын далилдеди. Кыргызстанда коомдук телеканал бар деп жыйынтык чыгарууга болбойт.

Маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясын изилдөө көрсөткөндөй, кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү жеке өндүрүмдүн аздыгы, ага ээлик кылуучулардын (мамлекет, демөөрчү) буйрутмалары, бир тараптуу маалыматтык берүүлөр көрүүчүлөрүн ММКнын башка булактарын тандоосун шарттады. Электордук медиа өлкөнүн жашоосун ар тараптуу жана ачык чагылдыруу менен көрүүчүнүн көңүл чордонунан орун алды. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалымат программаларынын көрүмдүүлүгү (камтуу аймагынын кеңдиги) жогору болгону менен, ММКнын башка булактарынын маалыматтарына атаандаш боло алган эмес.

Макам маалыматтык берүүлөрдүн кандай берилишин аныктап турганы менен Кыргыз телекөрсөтүүсү адат болуп калган баш ийүү принцибинен толук кутула алган жок. Телеканалды башкаруунун башкы органы болгон Байкоочу кеңештин түзүлүшү жана ишмердүүлүгү талданды. Маалымат берүүлөрдүн мазмуну жогорку бийликтин көзөмөлүнө алынып турат. Байкоочу кеңештин ишмердүүлүгүндө телеканалдын башкы директорун шайлоо демократиялык нукка бурулду деп айтууга болбойт. Редакциялык саясаттын жана КТРКны өнүктүрүүнүн Стратегиясы кабыл алынганы менен иш жүзүндө эреже-тартиптер толук сакталган эмес. Башкы директорду шайлоодогу, Байкоочу кеңештин мүчөсүн тандоодогу жат көрүнүштөр, маалыматтык программалардан бир тараптуу сюжеттердин берилиши диссертациялык иште далилдер менен аныкталды.

Изилдөөгө таянуу менен коомдук телекөрсөтүү коомдун көзөмөлүндө деп тыянак чыгарууга негиз жок, себеби коомдук кеңеш бар, бирок көзөмөл мамлекеттик бийликтин колунда. Көрсөтүүдөгү маалымат программалар өнүгүү тенденциясын жана азыркы абалын изилдөө менен өлкөдө негизги

